جمعية خدمة المحتوى
الإسلامي باللغات

Мусулман баласы билүүгө тийиш болгон маселелер

Кыргызча | قرغيزي | مَا لَا يَسَعُ أَطْفَالَ الْمُسْلِمِينَ جَهْلُهُ

Дүйнө тилдеринде Ислам контенттин тейлөө ассоциациясынын илимий комитети

مَا لَا يَسَعُ أَطْفَالَ المُسْلِمِينَ جَهْلُهُ

Мусулман баласы билүүгө тийиш болгон маселелер

اللَّجْنَةُ العِلْمِيَّةُ
بِجَمْعِيَّةِ خِدْمَةِ المُحْتَوَى الإِسْلَامِيِّ بِاللُّغَاتِ

Дүйнө тилдеринде Ислам контенттин тейлөө ассоциациясынын илимий комитети

بِسْمِ اللهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

Мусулман баласы билүүгө тийиш болгон маселелер.

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын)

Киришүү.

Аллахтын ысымы менен баштаймын, Аллахка алкыш-мактоолор болсун. Андан соң айтарым:

Бул маселелер мусулман балдары сөзсүз билүүгө тийиш болгон Аллах Тааланын дининдеги кээ бир маселелер. Буларды ата-энелер балдарына жаштайынан үйрөтүүсү зарыл милдет. Бул акыйда, фыкх, сиро, адеп, тафсир, хадис, ахлак жана зикр боюнча толук кандуу, оңой жана жеңил программа. Ал жаш балдарга, бардык куракатагыларга жана Исламды жаңы кабылдагандарга ылайыктуу. Үйлөрдө, тарбия борборлорунда жана окуу жайларда жаттатуу жана түшүндүрүү үчүн берилет.

Аны илим тармактарына карап иреттеп, суроо-жооп түрүндө түздүм; анткени мындай ыкма акылды курчутуп, эс тутумду бекемдейт. Тарбиячы мындан алардын курагына ылайыктуусун тандап алса болот.

Аллахтан аны пайдалуу кылуусун жана кабыл кылуусун суранамын.

Мунун негизи:

Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ قُوٓاْ أَنفُسَكُمۡ وَأَهۡلِيكُمۡ نَارٗا وَقُودُهَا ٱلنَّاسُ وَٱلۡحِجَارَةُ عَلَيۡهَا مَلَـٰٓئِكَةٌ غِلَاظٞ شِدَادٞ لَّا يَعۡصُونَ ٱللَّهَ مَآ أَمَرَهُمۡ وَيَفۡعَلُونَ مَا يُؤۡمَرُونَ ٦﴾

«Оо, ыйман келтирген пенделер! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү тозок отунан коргоп калгыла! Анын отундары адамдардан жана таштардан, үстүндө болсо, Аллах буюрган ишке эч качан каршы чыкпаган, буюрулган нерсени дароо аткара турган орой жана күчтүү периштелер турат!»

(Тахрим сүрөсү, 6-аят).

Абдулла бин Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Бир күнү мен

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) артында учкашып бара жатсам, ал мындай деди:

«يَا غُلَامُ، إِنِّي أُعَلِّمُكَ كَلِمَاتٍ: احْفَظِ اللهَ يَحْفَظْكَ، احْفَظِ اللهَ تَجِدْهُ تُجَاهَكَ، إِذَا سَأَلْتَ فَاسْأَلِ اللهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْتَ فَاسْتَعِنْ بِاللهِ، وَاعْلَمْ: أَنَّ الْأُمَّةَ لَوِ اجْتَمَعَتْ عَلَىٰ أَنْ يَنْفَعُوكَ بِشَيْءٍ، لَمْ يَنْفَعُوكَ إِلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللهُ لَكَ، وَإِنِ اجْتَمَعُوا عَلَىٰ أَنْ يَضُرُّوكَ بِشَيْءٍ، لَمْ يَضُرُّوكَ إِلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللهُ عَلَيْكَ، رُفِعَتِ الْأَقْلَامُ، وَجَفَّتِ الصُّحُفُ».

«Оо, балакай! Мен сага бир нече сөздөрдү үйрөтөмүн: Аллахты(н шариятын) сакта, Аллах сени сактайт. Аллахты(н акыларын) сакта, Аны алдыңда табасың (сага жардам берет). Эгер сурасаң, Аллахтан гана сура. Эгер жардам тилесең, Аллахтан гана жардам тиле. Жана билгин: эгер бүткүл эл чогулуп сага

кандайдыр бир пайда келтирүүнү каалашса, Аллах сага жазган нерседен башка эч кандай пайда келтире алышпайт. Ал эми сага кандайдыр бир зыян жеткирүү үчүн чогулушса, Аллах сенин тагдырыңа жазган нерседен башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. Калемдер көтөрүлдү (жазуу токтоду) жана баракчалар кургады».

Ат-Тирмизи жана Ахмад риваят кылган.

Балдарга билим берүүнүн маанилүүлүгү:

Адам баласы жаш балага дининде эмнелер керек болсо, ошонун баарын үйрөтүүсү зарыл. Бул баланын Исламдын таза табиятында (фитрат) толук кандуу инсан болуп жетилиши жана ыйман жолунда бир Кудайга ишенген (муваххид) инсан катары өсүшү үчүн маанилүү.

Имам Ибн Аби Зайд аль-Кайравани (ага Аллах ырайым кылсын) айткан: "Балдарды жети жашында намаз окууга буюруу, он жашында (намаз окубаса) уруу жана жаткан жерлерин бөлүп коюу керектиги тууралуу (хадистер) келген. Ошол сыяктуу эле, алар балагатка жеткенге чейин Аллах Таала Өз

пенделерине парз кылган сөз жана амалдарды үйрөтүү зарыл. Бул балагат курагына келгенде ал нерселер алардын жүрөгүнө бекем орноп, жан дүйнөсү ага көнүп, дене мүчөлөрү ал кылган амалдарына көнүгүп калышы үчүн керек».

Ибн Абу Зайд аль-Кайраванинин кириш сөзү (5-бет).

Акыйда бөлүмү

Акыйда илими:

Ислам акыйдасы: бул – Аллах Тааланын Рубубиясына, Улухиясына, Анын ысым-сыпаттарына, Анын периштелерине, китептерине, элчилерине, акырет күнүнө, тагдырдын жакшы-жаманына, ошондой эле кайып иштеринен жана диндин негиздеринен болуп аныкталган бардык нерселерге, салих муундар бул жаатта бир ооздон кабыл алган маселелерге жана ушул сыяктуу башка нерселерге бекем ишенүү.

1-суроо: Раббиң ким?

Жооп: Менин Раббим – мени жана бүткүл ааламды Өзүнүн нээмат-жакшылыктары менен тарбиялап-өстүргөн Аллах. Ал – менин сыйынаар Кудайым, Андан башка сыйынууга татыктуу эч кимим жок. Ал – бүткүл бардык нерсени Жаратуучу, Падыша,

Ырыскы берүүчү жана ааламдагы бардык нерселерди Башкаруучу.

Буга далил: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ۝٢﴾

"Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоолор болсун!"

(Фатиха сүрөсү, 2-аят).

2-суроо: Диниң эмне?

Жооп: Менин диним – Ислам. Ал – Аллахты жалгыз деп билип, Ага өзүн тапшыруу, Ага баш ийип моюн сунуу, ширк жана анын ээлеринен алыс болуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ...﴾

"Албетте, Аллахтын алдында (кабыл боло турган) дин – бул Ислам".

(Аалу Имран сүрөсү, 19-аят).

3-Суроо: Сенин пайгамбарың ким?

Жооп: Мухаммад (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун).

Аллах Таала минтип айткан:

﴿مُّحَمَّدٌ رَّسُولُ ٱللَّهِ...﴾

"Мухаммад Аллахтын элчиси...". (Фатх сүрөсү, 29-аят).

4-суроо: Таухид келмесин жана анын маанисин айтып бер.

Жооп: Таухид келимеси "Лаа илааха иллаллооху", мааниси: Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَٱعۡلَمۡ أَنَّهُۥ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا ٱللَّهُ...﴾

"Билгин, эч бир кудай жок, жалгыз Аллах бар!" (Мухаммад сүрөсү, 19-аят).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿ذَٰلِكَ بِأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡحَقُّ وَأَنَّ مَا يَدۡعُونَ مِن دُونِهِۦ هُوَ ٱلۡبَٰطِلُ وَأَنَّ ٱللَّهَ هُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡكَبِيرُ ٦٢﴾

"Анткени, Аллах – Акыйкат. Андан башка (мушриктер) дуба кылып жаткан «кудайлар» жалган. Чынында Аллах эң

Бийик, эң Улук!" (Хаж сүрөсү, 62-аят).

5-суроо: Кудуреттүү жана Улуу Аллах кайда?

Жооп: Аллах асманда Арштын үстүндө, бардык макулуктардан жогору, Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱلرَّحۡمَٰنُ عَلَى ٱلۡعَرۡشِ ٱسۡتَوَىٰ ۝٥﴾

"(Ал –) Чексиз Ырайымдуу (Аллах), Арштын үстүнө көтөрүлдү".

(Тоха сүрөсү, 5-аят).

Аллах Таала мындай деген:

﴿وَهُوَ ٱلۡقَاهِرُ فَوۡقَ عِبَادِهِۦۚ وَهُوَ ٱلۡحَكِيمُ ٱلۡخَبِيرُ ۝١٨﴾

"Ал пенделердин үстүнөн өкүмүн жүргүзүүчү жана ал - Даанышман, (бардыгынан) Кабардар!"

(Анаам сүрөсү, 18-аят).

6-суроо: Мухаммед Аллахтын элчиси деп күбөлүк берүүнүн мааниси эмне?

Жооп: Анын мааниси: Аллах Таала аны

ааламдарга сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жиберген.

• Төмөнкүлөрдү аткаруу важиб:

1. Анын буйругуна баш ийүү.

2. Ал кабар берген нерселерди тастыктоо.

3. Ага каршы чыкпоо.

4. Аллахка Ал шарият кылган нерсе менен гана ибадат кылуу. Бул – Сүннөткө ээрчүү жана бидъатты таштоо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿مَّن يُطِعِ ٱلرَّسُولَ فَقَدۡ أَطَاعَ ٱللَّهَۖ...﴾

"Ким пайгамбарга моюн сунса, демек Аллахка моюн сунуптур".

(Ниса сүрөсү, 80-аят).

Аллах Таала дагы минтип айткан:

﴿وَمَا يَنطِقُ عَنِ ٱلۡهَوَىٰٓ ۝٣ إِنۡ هُوَ إِلَّا وَحۡيٞ يُوحَىٰ ۝٤﴾

"... жана ал (Мухаммед) абадан (өзүнүн ой-каалоосунан чыгарып) сүйлөбөйт".

"Алар (ал сүйлөгөн сөздөр -

Аллахтан келген) аян-кабарынан башка эмес". (Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар).

Аллах Таала минтип айткан:

﴿لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرۡجُواْ ٱللَّهَ وَٱلۡيَوۡمَ ٱلۡأٓخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرٗا ٢١﴾

"(О ыймандуулар!) Силер үчүн Аллахтын элчисинде сонун үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Аллахтан жана Акырет күндөн үмүт кылып, Аллахты көп-көп зикир кылгандар үчүн". (Ахзаб сүрөсү, 21-аят).

7-суроо: Эмне үчүн Аллах Таала бизди жараткан?

Жооп: Бизди Өзүнө эч нерсени шерик кылбастан Анын Жалгыз Өзүнө ибадат кылуу үчүн жараткан. Ал бизди жөндөн-жөн эле же оюн-тамаша үчүн жараткан эмес жана кароосуз таштап койгон да жок.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا خَلَقۡتُ ٱلۡجِنَّ وَٱلۡإِنسَ إِلَّا لِيَعۡبُدُونِ ٥٦﴾

"Мен жин жана инсанды Бир Өзүмө

ибадат кылуулары үчүн гана жараттым". (Зарият сүрөсү, 56-аят).

8-суроо: Ибадат деген эмне?

Жооп: Бул – Аллах жакшы көрүп, ыраазы болгон бардык ачык жана жашыруун сөздөрдүн, иш-аракеттердин жалпы аталышы.

Ачык (түрү): мисалы, тил менен тасбих, тахмид жана такбир айтуу, намаз окуу, ажылык кылуу, ж.б.

Жашыруун (түрү): тобокел кылуу, коркуу, үмүт, ж.б.

9-суроо: Моюнубуздагы эң чоң милдет эмне?

Жооп: Биздин эң улуу милдетибиз – Аллах Тааланы жалгыздоо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ حُنَفَاءَ...﴾

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга, андан (жеке кудайга сыйынуудан) башка динден жүз

бурууга буйрулган".

(Баййина сүрөсү, 5-аят).

10-суроо: Тавхиддин түрлөрү кайсылар?

Жооп: 1. Тавхид рубубия: бул – Аллах Таала Жаратуучу, Ырыскы берүүчү, Падыша жана Башкаруучу, Ал жалгыз, Анын шериги жок деп ыйман келтирүү.

2. Тавхид улухия: Бул – ибадатты жалгыз Аллахка арноо, демек, жалгыз Аллах Тааладан башкага ибадат кылынбайт.

3. Тавхид Асмаа уас-Сифат: бул – Куран жана Сүннөттө келген Аллах Тааланын ысым-сыпаттарына аларды окшоштурбастан, бурмалабастан, жокко чыгарбастан жана сүрөттөбөстөн ыйман келтирүү.

Тавхиддин үч түрүнүн далили: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿رَّبُّ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ وَمَا بَيۡنَهُمَا فَٱعۡبُدۡهُ وَٱصۡطَبِرۡ لِعِبَٰدَتِهِۦۚ هَلۡ تَعۡلَمُ لَهُۥ سَمِيّٗا ٦٥﴾

«(Сенин Раббиң) асмандардын, жердин жана ал экөөсүнүн ортосундагылардын Раббиси! Анын Өзүнө гана ибадат кыл жана Анын ибадатына өзүңдү сабырдуулук менен көндүр! (Же) сен ага ысымында бир теңдеш бар экенин билесиңби?!» (Мариям сүрөсү, 65-аят).

11-суроо: Эң чоң күнөө кайсы?

Жооп: Аллах Таалага ширк келтирүү.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَغۡفِرُ أَن يُشۡرَكَ بِهِۦ وَيَغۡفِرُ مَا دُونَ ذَٰلِكَ لِمَن يَشَآءُۚ وَمَن يُشۡرِكۡ بِٱللَّهِ فَقَدِ ٱفۡتَرَىٰٓ إِثۡمًا عَظِيمًا ٤٨﴾

"Албетте, Аллах Өзүнө бир нерсени шерик кылышканын кечирбейт. Мындан башка күнөөлөрдү каалаган пендесинен кечирет. Ким Аллахка ширк келтирген болсо, ал өтө чоң күнөө ойлоп тааптыр!" (Ниса сүрөсү, 48-аят).

12-суроо: Ширк (Аллахка шерик кошуу) жана анын түрлөрү кайсылар?

Жооп: Ширк – бул инсандын Аллахка

ибадатында, же рубубиятында, же ысым-сыпаттарында шерик кылуусу.

Ибадаттын кайсы түрү болбосун, аны Аллах Тааладан башкага арноо ширк болуп эсептелет.

Ширктин түрлөрү:

- Чоң ширк; мисалы: Аллах Тааладан башкага дуба кылуу, же Андан башкага сажда кылуу, же Аллахтан башкага курмандык чалуу.

- Кичине ширк; бул адамды динден чыгарбайт, мисалы: Аллах Тааладан башка менен ант ичүү, же тумар тагынуу (алар пайда алып келүү же зыянды кайтаруу үчүн тагыла турган нерселер) жана бир аз рия кылуу, мисалы, адамдар карап турганын көрүп, намазын кооздоп окуу.

13-суроо: Кайыпты Аллах тааладан башка бирөө билеби?

Жооп: Кайыпты Жалгыз Аллахтан башка эч ким билбейт.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿قُل لَّا يَعۡلَمُ مَن فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِ ٱلۡغَيۡبَ إِلَّا ٱللَّهُۚ وَمَا يَشۡعُرُونَ أَيَّانَ يُبۡعَثُونَ ٦٥﴾

"Айт: «Асмандардагы жана жердеги эч ким кайыпты билбейт. Бир гана Аллах билет! Алар качан кайрадан тирилишин да сезишпейт".

(Намл сүрөсү, 65-аят).

14-суроо: Ыймандын түркүктөрү кайсылар?

Жооп: Ыймандын түркүктөрү алтоо:

1. Аллахка ыйман келтирүү.

2. Анын периштелерине ыйман келтирүү.

3. Анын китептерине ыйман келтирүү.

4. Анын элчилерине ыйман келтирүү.

5. Акырет күнүнө ыйман келтирүү.

6. Тагдырдын жакшысы да, жаманы да Аллахтан экенине ыйман келтирүү.

Буга далил Имам Муслим риваят кылган Жебирейилдин белгилүү хадиси. Жебирейил Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип

айтат:

«فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِيمَانِ، قَالَ: أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ».

«... анда мага ыйман жөнүндө айтып бер". Пайгамбар айтты: Ыйман - бул, Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын элчилерине, акырет күнүнө жана тагдырдын жакшы жана жаманына ишенүүң».

15-суроо: Ыймандын түркүктөрү деген эмне?

Жооп: Аллах Таалага ыйман келтирүү: Аллах сени жаратканына, сага ырыскы бергенине жана Ал гана бүткүл макулуктардын жалгыз Ээси (Падышасы) жана Башкаруучусу экенине ыйман келтирүүң. Ал ибадат кылынууга татыктуу Зат, Андан башка сыйынууга татыктуу эч бир зат жок. Жаратуу, буйрук берүү, өкүм кылуу жана мыйзам чыгаруу Ага гана таандык. Ал жалгыз, Анын шериги да жок.

Ал – бүткүл мактоо Ага гана таандык

болгон Улук, Чоң жана Кемелдүү (Аллах). Эң көркөм ысымдар жана эң жогорку сыпаттар Ага гана тиешелүү. Анын эч кандай теңдеши жок жана Ага эч нерсе окшобойт. Ал (кемчиликтерден) Аруу!

Периштелерге ыйман келтирүү: Периштелер Аллахтын Өзүнө ибадат кылуу жана Анын буйругуна толук баш ийүү үчүн нурдан жараткан макулуктары.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿بَلۡ عِبَاد مُّكۡرَمُونَ ۝٢٦ لَا يَسۡبِقُونَهُۥ بِٱلۡقَوۡلِ وَهُم بِأَمۡرِهِۦ يَعۡمَلُونَ ۝٢٧﴾

"Андай эмес, алар урматтуу пенделер (кулдар)".

"Алар Андан (Аллахтан) озунуп сүйлөшпөйт. Алар анын буйругун гана аткарышат". (Анбия сүрөсү, 26-27-аяттар).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«خُلِقَتِ الْمَلَائِكَةُ مِنْ نُورٍ».

"Периштелер нурдан жаратылган". Муслим риваят кылган.

Алардын бири – пайгамбарларга вахий алып түшкөн Жебирейил алейхи салам. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِنَّهُۥ لَتَنزِيلُ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ١٩٢ نَزَلَ بِهِ ٱلرُّوحُ ٱلۡأَمِينُ ١٩٣ عَلَىٰ قَلۡبِكَ لِتَكُونَ مِنَ ٱلۡمُنذِرِينَ ١٩٤ بِلِسَانٍ عَرَبِيّٖ مُّبِينٖ ١٩٥﴾

"Ал (Куран) ааламдардын Раббиси тарабынан түшкөн".

"Аны аманаткөй Рух (Жебирейил периште) алып келди,

сенин жүрөгүңө, эскертүүчүлөрдөн (пайгамбарлардан) болууң үчүн.

(Ал) ачык-айкын араб тилинде (түшкөн)". (Шуара сүрөсү, 192-195-аяттар).

Китептерге ыйман келтирүү: Алар – Аллах Таала Өз элчилерине түшүргөн китептери.

Мисалы Куран сыяктуу: аны Мухаммадга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшүргөн.

Инжил: Иса пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) түшүргөн.

Тоорат: Муса пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) түшүргөн.

Забур: Дауд пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы болсун) түшүргөн.

Ибрахимдин жана Мусанын баракталары: Ибрахим менен Мусага (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун) түшүргөн.

Элчилерге ыйман келтирүү: Алар – Аллахтын, пенделерине динди үйрөтүү, жакшылык жана Бейиш менен сүйүнчүлөө, жамандыктан жана Тозоктон эскертүү үчүн жиберген элчилери.

Алардын эң абзели: «улул-азм» (сабырдуулук ээлери), алар:

Нух (ага Аллахтын тынчтыгы болсун).

Ибрахим (ага Аллахтын тынчтыгы болсун).

Муса (ага Аллахтын тынчтыгы болсун).

Иса (ага Аллахтын тынчтыгы болсун).

Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун).

Акырет күнүнө ыйман келтирүү: Ал –

өлүмдөн кийинки кабыр жашоосу, Кыямат күнү, кайра тирилүү жана эсеп-кысап күнү. Ал күнү Бейиш эли Бейиштен, Тозокко ылайык болгондор Тозоктон орун алышат.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿كُلُّ نَفۡسٖ ذَآئِقَةُ ٱلۡمَوۡتِۗ وَإِنَّمَا تُوَفَّوۡنَ أُجُورَكُمۡ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِۖ فَمَن زُحۡزِحَ عَنِ ٱلنَّارِ وَأُدۡخِلَ ٱلۡجَنَّةَ فَقَدۡ فَازَۗ وَمَا ٱلۡحَيَوٰةُ ٱلدُّنۡيَآ إِلَّا مَتَٰعُ ٱلۡغُرُورِ١٨٥﴾

"Ар бир жан өлүмдү(н даамын) татуучу. Албетте, силер Кыямат Күнү өзүңөрдүн сооп-сыйлыгыңарды толук-түгөл аласыңар. Ал эми, ким тозоктон четтетилип, бейишке киргизилсе – жеңишке чындап жетиптир. Дүйнө жашоосу азгыруучу пайдалардан башка эч нерсе эмес".

(Аалу Имран сүрөсү, 185-аят).

Тагдырдын жакшысы да, жаманы да Аллахтан экенине ыйман келтирүү:

Тагдыр: бул Аллах Тааланын ааламда боло турган бардык нерсени билерине, аны Лавхул-Махфузга жазып, анын болушун каалап жана аны жаратканына ишенүү.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّا كُلَّ شَيۡءٍ خَلَقۡنَٰهُ بِقَدَرٖ ٤٩﴾

"Биз бардык нерсени тагдыр-өлчөм менен жаратканбыз".

(Камар сүрөсү, 49-аят).

Ал төрт баскычтан турат:

Биринчиси: Аллах Тааланын илими – бул, Анын бардык нерсени, боло электе да, болгондон кийин да алдын ала билүүсү.

Буга далил: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ عِندَهُۥ عِلۡمُ ٱلسَّاعَةِ وَيُنَزِّلُ ٱلۡغَيۡثَ وَيَعۡلَمُ مَا فِي ٱلۡأَرۡحَامِۖ وَمَا تَدۡرِي نَفۡسٞ مَّاذَا تَكۡسِبُ غَدٗاۖ وَمَا تَدۡرِي نَفۡسُۢ بِأَيِّ أَرۡضٖ تَمُوتُۚ إِنَّ ٱللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٞ ٣٤﴾

"Кыямат качан болушун бир Аллах гана билет. Ал (асмандан) жамгыр жаадырат. (Бир Өзү гана) жатындагы түйүлдүктү(н тагдырын) билет. Эч бир жан эртең эмне иш жасаарын биле албайт. Жана эч ким кай жерде (кантип) өлүшүн да биле албайт. Чынында, бир Аллах гана (бардыгын) Билүүчү,

(бардыгынан) Кабардар".

(Лукман сүрөсү, 34-аят).

Экинчиси: Аллах муну Лавхул Махфузда жазып

койгон. Болуп өткөн жана боло турган нерселердин баары Анын алдында китепте

жазуулуу.

Буга далил: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَعِندَهُۥ مَفَاتِحُ ٱلۡغَيۡبِ لَا يَعۡلَمُهَآ إِلَّا هُوَۚ وَيَعۡلَمُ مَا فِي ٱلۡبَرِّ وَٱلۡبَحۡرِۚ وَمَا تَسۡقُطُ مِن وَرَقَةٍ إِلَّا يَعۡلَمُهَا وَلَا حَبَّةٖ فِي ظُلُمَٰتِ ٱلۡأَرۡضِ وَلَا رَطۡبٖ وَلَا يَابِسٍ إِلَّا فِي كِتَٰبٖ مُّبِينٖ ٥٩﴾

"Кайыптын ачкычтары (илими) Анын гана алдында. Аны бир Өзүнөн башка эч ким билбейт. Ал (Аллах) кургактагы, деңиздеги бардык нерселерди билет. Жадагалса, бир жалбырак үзүлүп түшчү болсо – аны да билет. Кара жер койнундагы бир даана дан болсун, бардык суулуу же кургак нерселер болсун, (бардыгынын кабары) Анык Китепте (Лавхул Махфузда) бар".

(Анъам сүрөсү, 59-аят).

Үчүнчүсү: Ар бир нерсе Аллахтын каалоосу менен ишке ашат. Аллах тараптан же Анын макулуктары тараптан болгон эч бир нерсе Анын каалоосуз болбойт. Пенденин ыктыяры, эркы жана каалоосу бар, бирок бул эркы менен каалоосу Аллах Тааланын каалоосунан кийин гана ишке ашат.

Анын далили Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿لِمَن شَآءَ مِنكُمۡ أَن يَسۡتَقِيمَ ٢٨ وَمَا تَشَآءُونَ إِلَّآ أَن يَشَآءَ ٱللَّهُ رَبُّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٢٩﴾

"Силердин араңардан оңолууну каалгандар үчүн

ал эми силер (о пенделер) ааламдардын Раббиси каалагандан башканы каалай албайсыңар!"

(Таквир сүрөсү, 28-29-аяттар).

Төртүнчү: Бардык нерселерди, алардын затын, сыпатын, аракеттерин жана алардагы бардык нерсени Аллах жаратканына ыйман келтирүү.

Анын далили – Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿وَٱللَّهُ خَلَقَكُمْ وَمَا تَعْمَلُونَ﴿٩٦﴾﴾

"Силерди да, силердин ишиңерди да Аллах жараткан!"

(Саффат сүрөсү, 96-аят).

16-суроо: Куранга кандай аныктама берилет?

Жооп: Ал Аллах Тааланын сөзү, жаратылган эмес.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِنْ أَحَدٌ مِنَ الْمُشْرِكِينَ اسْتَجَارَكَ فَأَجِرْهُ حَتَّى يَسْمَعَ كَلَامَ اللَّهِ...﴾

"Эгер мушриктердин бири сенден коргоо-кепилдик сураса, аны – Аллахтын Сөзүн укканга чейин – өз кепилдигиңе ал". (Тообо сүрөсү, 6-аят).

Хадисте мындай деп айтылат:

«وَفَضْلُ كَلَامِ اللهِ عَلَى سَائِرِ الْكَلَامِ كَفَضْلِ اللهِ عَلَى خَلْقِهِ».

"Аллахтын сөзүнүн башка сөздөрдөн артыкчылыгы – Аллахтын Өз макулуктарынан артык болгону сыяктуу".

Тирмизи риваят кылган.

17-суроо: Сүннөт деген эмне?

Жооп: Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан сөзү, жасаган иши, макулдугу, же Анын сырткы келбетине жана кулк-мүнөзүнө тиешелүү сыпаттары.

17-суроо: Бидаат деген эмне жана аны кабыл алабызбы?

Жооп: Адамдар динге киргизген, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана сахабаларынын убагында болбогон нерселердин баары бидаат.

Аны кабыл кылбайбыз, кайтарууга милдеттүүбүз.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«كُلُّ بِدْعَةٍ ضَلَالَةٌ».

«Ар бир бидаат – адашуу».

Абу Давуд риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

«مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ».

«Кимде-ким биздин бул ишибизде (динибизде) болбогон бир ишти кылса, ал кабыл кылынбайт (кайтарылат)».

Муслим риваят кылган.

Мисалы: ибадаттарга ашыкча нерселерди кошуу. Мисалы: даарат алганда мүчөлөрдү төртүнчү жолу жуу же Пайгамбарыбыздын ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) туулган күнүн майрамдоо. Анткени бул нерселер

Пайгамбарыбыздан жана анын сахабаларынан келген эмес.

19-суроо: Аллах үчүн жакшы көрүү жана Аллах үчүн жек көрүү ишеними деген эмне?

Жооп: Аллах үчүн жакшы көрүү: бул ыймандууларды жакшы көрүү жана аларга жардам берүү.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَالْمُؤْمِنُونَ وَالْمُؤْمِنَاتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَاءُ بَعْضٍ...﴾

"Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдар (достукта, жардамдашууда) өз ара ынак адамдар". (Тообо сүрөсү, 71-аят).

Аллах үчүн жек көрүү: каапырларды жек көрүү жана алар менен душмандашуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿قَدْ كَانَتْ لَكُمْ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ فِيٓ إِبْرَٰهِيمَ وَٱلَّذِينَ مَعَهُۥٓ إِذْ قَالُواْ لِقَوْمِهِمْ إِنَّا بُرَءَٰٓؤُاْ مِنكُمْ وَمِمَّا تَعْبُدُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ كَفَرْنَا بِكُمْ وَبَدَا بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمُ ٱلْعَدَٰوَةُ وَٱلْبَغْضَآءُ أَبَدًا حَتَّىٰ تُؤْمِنُواْ بِٱللَّهِ وَحْدَهُۥ...﴾

"Силер үчүн Ибрахимде жана аны менен бирге болгон (ыймандуу) адамдард(ын жашоосунд)а өрнөк бар: Бир кезде алар (каапыр) элдерине «Биздин силерге жана силер сыйынган Аллахтан башка кудайларга тиешебиз жок. Биз силерге каапыр болдук! Эми, биз менен силердин араңарда, качан жеке-жалгыз Аллахка ыйман келтиргениңерге чейин түгөнгүс

душманчылык жана жек көрүү жаралды!» деп айтышкан".

(Мумтахана сүрөсү, 4-аят).

20-суроо: Аллах Ислам дининен башка динди кабыл кылабы?

Жооп: Аллах Таала Исламдан башка динди кабыл кылбайт.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَن يَبْتَغِ غَيْرَ ٱلْإِسْلَٰمِ دِينًا فَلَن يُقْبَلَ مِنْهُ وَهُوَ فِى ٱلْءَاخِرَةِ مِنَ ٱلْخَٰسِرِينَ﴿٨٥﴾﴾

«... жана ким Исламдан башка динди кааласа, андан (ибадаттары) кабыл алынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучулардан болот».

(Аали Имран сүрөсү, 85-аят).

21-суроо: Каапырлык сөз менен, амал менен жана жүрөк менен болот. Буга мисал келтиргиле.

Жооп: Сөз менен айтылганга мисал: Аллах Тааланы же Анын Элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сөгүү.

Амалга мисал: Куранды кордоо же Аллахтан башкага сажда кылуу.

Ишенимдин мисалы: Аллах Тааладан башка ибадатка татыктуу бирөө бар экенине, же Аллах Таала менен бирге башка жаратуучу бар экенине ишенүү.

22-суроо: Эки жүздүүлүк деген эмне жана анын түрлөрү кандай?

Жооп: 1. Чоң эки жүздүүлүк (нифак): каапырлыкты ичине жашырып, сыртынан ыймандуу көрүнүү.

Бул чоң каапырлык эсептелип, адамды Исламдан чыгарат.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ فِي ٱلدَّرۡكِ ٱلۡأَسۡفَلِ مِنَ ٱلنَّارِ وَلَن تَجِدَ لَهُمۡ نَصِيرًا ١٤٥﴾

"Албетте, эки жүздүүлөр тозоктун эң төмөн жеринде болушат. Сен аларга эч бир жардамчы таба албайсың".

(Ниса сүрөсү, 145-аят).

2. Кичине эки жүздүүлүк: Мисалы: жалган сүйлөө, убаданы аткарбоо жана

аманатка кыянат кылуу.

Бул Исламдан чыгарбайт, бирок күнөө болуп, аны кылган адам азапка дуушар болот.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) минтип айткан:

«آيَةُ الْمُنَافِقِ ثَلَاثٌ: إِذَا حَدَّثَ كَذَبَ، وَإِذَا وَعَدَ أَخْلَفَ، وَإِذَا اؤْتُمِنَ خَانَ».

"Эки жүздүүнүн белгиси үчөө: Сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада берсе, анысын аткарбайт, аманат берилсе, ага кыянат кылат".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

23-суроо: Пайгамбарлардын жана элчилердин акыркысы ким?

Жооп: Мухаммед (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун).

Аллах Таала минтип айткан:

﴿مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَا أَحَد مِّن رِّجَالِكُم وَلَكِن رَّسُولَ اللَّهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ...﴾

(О ыймандуулар!) Мухаммад силердин араңардагы эч бир эркектин

атасы эмес. Ал болгону Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы". (Ахзаб сүрөсү, 40-аят).

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«وَأَنَا خَاتَمُ النَّبِيِّيْنَ لَا نَبِيَّ بَعْدِي».

«Мен пайгамбарлардын акыркысымын, менден кийин пайгамбар болбойт».

Абу Дауд, Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

24-суроо: Муъжиза деген эмне?

Жооп: Муъжиза – бул Аллахтын Өз пайгамбарларынын чыныгы пайгамбар экенин далилдөө үчүн аларга берген адаттан тышкаркы кереметтери. Мисалы:

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Айдын экиге бөлүнүшү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿اقْتَرَبَتِ السَّاعَةُ وَانشَقَّ الْقَمَرُ ۝١ وَإِن يَرَوْا ءَايَةً يُعْرِضُوا وَيَقُولُوا سِحْرٌ مُّسْتَمِرٌّ ۝٢ وَكَذَّبُوا وَاتَّبَعُوا أَهْوَاءَهُمْ ۚ وَكُلُّ أَمْرٍ مُّسْتَقِرٌّ ۝٣﴾

"Кыямат жакындашты жана Ай

(экиге) бөлүндү".

"Алар (Курайш каапырлары) муъжизаны көрүп турса да, (чындыктан) жүз үйрүп «Бул – ар дайымкы сыйкыр» - дей баштады".

"Жана (пайгамбарды) жалганчыга чыгарып, өздөрүнүн каалоолорун ээрчиди. Бирок, ар бир иш (Кыяматта) өз ордун табат".

(Камар сүрөсү, 1-3-аяттар).

Муса пайгамбарга деңиздин экиге бөлүнүшү жана Фараондун жан-жөкөрлөрү менен бирге сууга чөктүрүлүшү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِذۡ فَرَقۡنَا بِكُمُ ٱلۡبَحۡرَ فَأَنجَيۡنَٰكُمۡ وَأَغۡرَقۡنَآ ءَالَ فِرۡعَوۡنَ وَأَنتُمۡ تَنظُرُونَ ٥٠﴾

"Эстегиле: силер үчүн деңизди бөлүп, силерди куткардык жана Фараондун аскерлерин чөктүрүп жибердик. Муну силер көрүп турдуңар". (Бакара сүрөсү, 50-аят).

25-суроо: Сахабалар кимдер жана аларды жакшы көрүү бизге важибби?

Жооп: Сахаба - Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолугуп ыйман келтирип, ыйманы менен өткөн адам.

Аларды жакшы көрүп, алардан үлгү алуубуз керек. Алар пайгамбарлардан кийинки эле адамдардын эң жакшысы жана эң абзели.

Алардын эң абзелдери: төрт халифа:

Абу Бакр (Аллах андан ыраазы болсун).

Умар (Аллах андан ыраазы болсун).

Усман (Аллах андан ыраазы болсун).

Али (Аллах андан ыраазы болсун).

Аллах Таала сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) жөнүндө мындай деген:

﴿وَٱلسَّٰبِقُونَ ٱلۡأَوَّلُونَ مِنَ ٱلۡمُهَٰجِرِينَ وَٱلۡأَنصَارِ وَٱلَّذِينَ ٱتَّبَعُوهُم بِإِحۡسَٰنٖ رَّضِيَ ٱللَّهُ عَنۡهُمۡ وَرَضُواْ عَنۡهُ وَأَعَدَّ لَهُمۡ جَنَّٰتٖ تَجۡرِي تَحۡتَهَا ٱلۡأَنۡهَٰرُ خَٰلِدِينَ فِيهَآ أَبَدٗاۚ ذَٰلِكَ ٱلۡفَوۡزُ ٱلۡعَظِيمُ ١٠٠﴾

"Мухажир жана ансарлардан турган

алдыңкы саптагы эң биринчилер жана ошолордун изинен эң сонун ээрчип бара жаткандардан Аллах ыраазы болду, алар дагы Аллахтан ыраазы болушту. Жана Аллах аларга, астынан дарыялар аккан, түбөлүк калуучу бейиштерди даярдап койду. Бул – чоң жеңиш!" (Тообо сүрөсү, 100-аят).

26-суроо: Ыймандуулардын энелери кимдер?

Жооп: Алар – Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдары.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱلنَّبِيُّ أَوۡلَىٰ بِٱلۡمُؤۡمِنِينَ مِنۡ أَنفُسِهِمۡۖ وَأَزۡوَٰجُهُۥٓ أُمَّهَٰتُهُمۡۗ...﴾

"Пайгамбар ыймандуулар үчүн өз жандарынан да кымбат. Пайгамбардын аялдары – ыймандуулардын энелери". (Ахзаб сүрөсү, 6-аят).

27-суроо: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үй-бүлөсүнүн биздеги акысы кандай?

Жооп: Биз аларды жакшы көрөбүз жана дос тутабыз, аларды жек көргөндөрдү жек көрөбүз жана алар тууралуу чектен чыкпайбыз. Алар – анын аялдары, урпактары, жана ыйман келтиргендерден болгон Бану Хашим жана Бану ал-Муттолиб.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿...إِنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ لِيُذۡهِبَ عَنكُمُ ٱلرِّجۡسَ أَهۡلَ ٱلۡبَيۡتِ وَيُطَهِّرَكُمۡ تَطۡهِيرًا﴾

"Албетте, оо, пайгамбардын үй-бүлөлөрү, Аллах силерден зыян, жамандыктарды кетирүүнү жана тап-таза сактоону каалайт".

(Ахзаб сүрөсү, 33-аят).

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«أُذَكِّرُكُمُ اللهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي، أُذَكِّرُكُمُ اللهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي، أُذَكِّرُكُمُ اللهَ فِي أَهْلِ بَيْتِي».

"Мен силерге ахлу байтимдин (үй бүлөмдүн) акыларын Аллах үчүн эскертемин, мен силерге ахлу байтимдин акыларын Аллах үчүн эскертемин, мен силерге ахлу байтимдин акыларын Аллах үчүн эскертемин". Муслим риваят кылган.

28-сурос: Мусулмандардын башчыларына карата биздин милдетибиз кандай болушу керек?

Жооп: Биздин милдет: аларга урмат көрсөтүү, күнөө болбогон иштерде баш ийүү, жашыруун түрдө дуба кылып, насаат айтуу жана алардан ачык-айкын каапырлыкты көрбөсөк, аларга каршы чыкпоо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِى ٱلْأَمْرِ مِنكُمْۖ فَإِن تَنَـٰزَعْتُمْ فِى شَىْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمْ تُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلْيَوْمِ ٱلْـَٔاخِرِۚ ذَٰلِكَ خَيْرٌ وَأَحْسَنُ تَأْوِيلًا ٥٩﴾

"О, ыйман келтиргендер! Аллахка, пайгамбарга жана өзүңөрдөн (мусулмандардан) болгон иш

башчыңарга моюн сунгула. Кайсыл бир маселеде талашып калсаңар, эгер Аллахка жана Акырет күнүнө ишенүүчү болсоңор ал маселени Аллахка жана пайгамбарга кайтаргыла. Ушул (силер үчүн) жакшы жана эң абзел чечим (болуп саналат)". (Ниса сүрөсү, 59-аят).

29-суроо: Ыймандуулардын түбөлүк мекени кайсы?

Жооп: Бейиш. Аллах Таала айтты:

﴿إِنَّ اللَّهَ يُدْخِلُ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ جَنَّاتٍ تَجْرِي مِنْ تَحْتِهَا الْأَنْهَارُ...﴾

"Аллах ыйман келтирип, жакшы амалдарды жасаган адамдарды түбүнөн дарыялар аккан бейиштерге киргизет". (Мухаммад сүрөсү, 12-аят).

30-суроо: Каапырлардын түбөлүк жайы эмне?

Жооп: Тозок. Аллах Таала айтты:

﴿...فَٱتَّقُواْ ٱلنَّارَ ٱلَّتِي وَقُودُهَا ٱلنَّاسُ وَٱلۡحِجَارَةُۖ أُعِدَّتۡ لِلۡكَٰفِرِينَ﴾

"Андай болсо, отуну адамдардан

жана таштардан болгон, каапырлар үчүн даярдалган оттон (тозоктон) сактангыла!" (Бакара сүрөсү, 24-аят).

31-суроо: Коркуу деген эмне? Үмүт кылуу деген эмне? Алардын далилдери кандай?

Жооп: Коркуу - Аллахтан жана Анын азабынан коркуу.

Үмүт: Бул – Аллахтын сообун, кечиримин жана ырайымын үмүт кылуу.

Буга далил: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿أُوْلَٰٓئِكَ ٱلَّذِينَ يَدۡعُونَ يَبۡتَغُونَ إِلَىٰ رَبِّهِمُ ٱلۡوَسِيلَةَ أَيُّهُمۡ أَقۡرَبُ وَيَرۡجُونَ رَحۡمَتَهُۥ وَيَخَافُونَ عَذَابَهُۥٓۚ إِنَّ عَذَابَ رَبِّكَ كَانَ مَحۡذُورٗا ٥٧﴾

"Алардын өздөрү (Аллахка) дуба кылышып, (Ага) кимиси жакыныраак (сүйүктүүрөөк) болууга жол издешет, ырайымынан үмүт кылышып, азабынан коркушат. Чынында, Раббиңдин азабынан сак болуу зарыл".

(Исра сүрөсү, 57-аят).

Аллах Таала айтты:

﴿نَبِّئْ عِبَادِي أَنِّي أَنَا الْغَفُورُ الرَّحِيمُ ﴿٤٩﴾ وَأَنَّ عَذَابِي هُوَ الْعَذَابُ الْأَلِيمُ ﴿٥٠﴾﴾

"(О Мухаммад!) Пенделериме кабар бер: Мен гана (тообо кылгандарды) Кечирүүчү Ырайымдуумун! Жана Менин азабым - бул оор азап".

(Хижр сүрөсү, 49-50-аяттар).

32-суроо: Аллах Тааланын ысым-сыпаттарынан кээ бирин айтып бериңиз.

Жооп: Аллах, Ар-Рабб, Ар-Рахман, Ас-Самиъ, Ал-Басир, Ал-Алим, Ар-Раззак, Ал-Хайй, Ал-Азим, Ал-Хаким .... жана башка көркөм ысымдары жана улук сыпаттары бар.

33-суроо: Бул ысымдардын маанисин түшүндүрүңүз.

Жооп: Аллах: Анын мааниси - акыйкатта сыйынууга татыктуу, жалгыз жана шериги жок Кудай.

- Ар-Рабб: Жалгыз Өзү Жаратуучу,

Падыша, Ырыскы берүүчү жана Башкаруучу. Ал кемчиликсиз.

- Ас-Самиъ: угуусу бардык нерсени камтыган, ар түрдүү үндөрдүн баарын угуучу.

- Ал-Басир: бардык нерсени көрүүчү; кичине болсун, чоң болсун, баарын көрүп турат.

- Билүүчү: Анын илими өткөндү, учурду, келечекти жана бардык нерсени камтып алган.

- Ар-Рахман: ырайымы ар бир тирүү макулукту камтыган. Ошондуктан, бардык пенделер жана макулуктар Анын ырайымына бөлөнгөн.

- Ар-Раззак: Бардык жаратылгандардын – инсандар, жиндер жана бардык жан-жаныбарлардын – ырыскысын Өз моюнуна алган.

- Аль-Хайй: Ал Тирүү, Ал өлбөйт, ал эми бүткүл макулуктар өлүшөт.

Ал-Азиим: Ал – ысымдарында,

сыпаттарында жана иш-аракеттеринде бардык кемчиликсиздикке жана толук улуулукка ээ болгон Зат.

- Ал-Хаким: Даанышман, Ал Өзүнүн жараткандарын бекем, кемчиликсиз жана эң жакшы кылып жараткан. Анын жаратуусунда жана буйругунда терең даанышмандык бар.

- Хикмат дегени, даанышмандык: бардык нерселерди өз ордуна коюп, жайгаштыруу.

34-суроо: Мусулман аалымдарга карата биздин милдетибиз кандай?

Жооп: Аларды сүйөбүз, шарияттык жана жаңы келип чыккан маселелерде аларга кайрылабыз. Аларды жакшы сөз менен гана эскеребиз. Ким аларды жаман сөз менен эскерсе, анда ал туура эмес жолдо.

- Аллах Таала айтты:

﴿...يَرۡفَعِ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡعِلۡمَ دَرَجَٰتٖۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعۡمَلُونَ خَبِيرٞ﴾

"Аллах силердин арааңардагы (таза-калыс) ыймандуулар менен

илимдүүлөрдүн даражасын көтөрүп койгон. Аллах бардык ишиңерден Кабардар". (Мужадала сүрөсү, 11-аят).

35-суроо: Аллах Тааланын олуялары кимдер?

Жооп: Олуялар - пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөт жолун ээрчиген такыба момундар.

Аллах Таала айтты:

﴿أَلَا إِنَّ أَوْلِيَاءَ اللَّهِ لَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ ۝٦٢ الَّذِينَ آمَنُوا وَكَانُوا يَتَّقُونَ ۝٦٣﴾

"Уккула! Чынында, Аллахтын досторуна (келечекте) эч коркунуч жок жана алар (өтмүштөгү иштерине да) кайгырышпайт. Алар ыйман келтирген жана такыба болушкан".

(Юнус, 62-63-аяттар).

36-суроо: Ыйман сөз жана амалдан турабы?

Жооп: Ыйман - бул тилде, амалда жана

жүрөктө болот.

Ал – тил менен айтуу, жүрөк менен ишенүү жана амал кылуу, дене-мүчөлөр менен амал кылуу.

- Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«الإِيمَانُ بِضْعٌ وَسَبْعُونَ – أَوْ: بِضْعٌ وَسِتُّونَ – شُعْبَةً، فَأَفْضَلُهَا قَوْلُ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَدْنَاهَا إِمَاطَةُ الأَذَى عَنِ الطَّرِيقِ، وَالْحَيَاءُ شُعْبَةٌ مِنَ الإِيمَانِ».

"Ыймандын жетимиштен ашуун, же алтымыштан ашуун бутагы бар. Анын эң жогорусу "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып таштоо. Уяттуулук да ыймандын бир бутагы". Муслим риваят кылган.

37-суроо: Ыйман көбөйүп, азайып турабы?

Жооп: Ыйман ибадат кылуу менен көбөйөт, күнөө кылуу менен азаят.

Аллах Таала айтты:

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ٱلَّذِينَ إِذَا ذُكِرَ ٱللَّهُ وَجِلَتۡ قُلُوبُهُمۡ وَإِذَا تُلِيَتۡ عَلَيۡهِمۡ ءَايَٰتُهُۥ زَادَتۡهُمۡ إِيمَٰنٗا وَعَلَىٰ رَبِّهِمۡ يَتَوَكَّلُونَ ٢﴾

"Чынында, ыймандуу адамдарга Аллах эскертилгенде, жүрөктөрү коркууга түшүп, аяттары окулганда ал аяттар алардын ыйманын көбөйтөт жана алар Раббисине гана тобокел кылышат". Анфал сүрөсү, 2-аят.

38-суроо: Ихсан деген эмне?

Жооп: Аллахты көрүп тургандай ибадат кылууң, эгер сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп турат.

39-суроо: Амалдар качан Аллах Тааланын алдында кабыл болуучу болот?

Жооп: Амалдардын кабыл болуусунун эки шарты бар:

1. Эгерде (амалдар) Улуу Аллахтын Жүзү үчүн гана (ыкылас менен) жасалган болсо.

2. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

сүннөтүнө ылайык аткарылган болсо.

40-суроо: Аллах Таалага тобокел кылуу деген эмне?

Жооп: Тобокел - себептерди аткаруу аркылуу, пайдаларды алып келүүдө жана зыяндарды кайтарууда Аллах Таалага таянуу.

Аллах Таала айтты:

﴿وَمَن يَتَوَكَّلْ عَلَى ٱللَّهِ فَهُوَ حَسْبُهُۥ...﴾

"... жана ким Аллахка тобокел кылса, (Аллах) Өзү жетиштүү".

(Талак сүрөсү, 3-аят).

Аяттагы (Хасбуху) дегени: Аллах Өзү ага Жетиштүү деген маани.

41-суроо: Жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруунун милдети (өкүму) эмне?

Жооп: Жакшылык (ал-маъруф): Бул – Улуу жана Кудуреттүү Аллахка болгон бардык моюн сунууларга (ибадаттарга) чакыруу. Жамандык (ал-мункар): Бул –

Улуу жана Кудуреттүү Аллахка болгон бардык күнөө иштерден кайтаруу.

Аллах Таала айтты:

﴿كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِٱلْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ ٱلْمُنكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِٱللَّهِ...﴾

"(О, мусулмандар!) Силер (ааламдагы бардык) адамдар үчүн чыгарылган жакшы үммөт болдуңар. (Адамдарды) жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер".

(Аалу Имран сүрөсү, 110-аят).

42-суроо: Ахлу сунна вал жамаат деген кимдер?

Жооп: Алар – сөздө, иште жана ишенимде (акыйдада) Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана анын сахабалары кандай жолдо болсо, так ошондой жолду тутунгандар.

Алар Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүн

ээрчип, бидаатты таштагандыктан «Ахлу сунна» деп аталган.

Жамаат: анткени алар акыйкаттын үстүнө биригип, анда бөлүнүшкөн эмес.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ بَنِي إِسْرَائِيلَ تَفَرَّقَتْ عَلَى ثِنْتَيْنِ وَسَبْعِينَ مِلَّةٍ، وَتَفْتَرِقُ أُمَّتِي عَلَى ثَلَاثٍ وَسَبْعِينَ مِلَّةٍ، كُلُّهُمْ فِي النَّارِ، إِلَّا مِلَّةً وَاحِدَةً». قَالُوا: وَمَنْ هِيَ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: «مَا أَنَا عَلَيهِ وَأَصْحَابِي».

«Чындыгында, Исраил урпактары жетимиш эки агымга бөлүнүп кетишкен. Ал эми менин үммөтүм жетимиш үч агымга бөлүнөт, бирөөсүнөн башкасынын баары тозокто». (Сахабалар): «Оо, Аллахтын элчиси, ал кайсы агым?» – деп сурашты. Ал: «Мен жана менин сахабаларым турган жолду тутунгандар», – деп жооп берди». Тирмизи риваят кылган.

Фыкх бөлүмү

Фыкх илими:

Фыкх – бул даарат, намаз, зекет, орозо, ажылык, жихад жана башка ушул сыяктуу иш жүзүндө аткарыла турган шарият өкүмдөрүнө байланышкан илим.

1-суроо: Тазалык деген эмне?

Жооп: Тазалык: Бул – хадасты (дааратсыздык абалын) жоюу жана нажасты (ыпластыкты) кетирүү. Башкача айтканда, намаз окууга тоскоол болгон нерселерди арылтуу.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) айтты:

«مِفْتَاحُ الصَّلَاةِ الطُّهُورُ».

"Намаздын ачкычы - даарат".

Абу Давуд риваят кылган.

Ыпластыктан (нажастан) тазалануу: Бул – мусулман адамдын денесине, кийимине же намаз окуй турган ордуна (жерине) түшкөн нажасты кетирүүсү.

Дааратсыздыктан тазалануу – таза суу менен даарат алуу же гусул кылуу, ал эми суу таба албаган же аны колдонууга мүмкүн болбогон учурда таяммум кылуу менен болот.

2-суроо: Нажас тийген нерсе кантип тазаланат?

Жооп: Суу менен жуу аркылуу тазаланат. Ал эми ит жалаган нерсе жети жолу жуулат, биринчисинде топурак менен тазалоо керек.

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«طَهُورُ إِنَاءِ أَحَدِكُمْ إِذَا وَلَغَ فِيهِ الْكَلْبُ أَنْ يَغْسِلَهُ سَبْعَ مَرَّاتٍ، أُولَاهُنَّ بِالتُّرَابِ».

«Эгерде кимдир бирөөңөрдүн идишин ит жалап кетсе, анын тазалыгы – аны жети жолу жуу, алгачкысын топурак менен». Муслим риваят кылган.

3-суроо: Дааратгын артыкчылыктары кайсылар?

Жооп: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты:

«إِذَا تَوَضَّأَ العَبْدُ المُسْلِمُ – أَوِ المُؤْمِنُ – فَغَسَلَ وَجْهَهُ؛ خَرَجَ مِنْ وَجْهِهِ كُلُّ خَطِيئَةٍ نَظَرَ إِلَيْهَا بِعَيْنَيْهِ مَعَ المَاءِ – أَوْ مَعَ آخِرِ قَطْرِ المَاءِ – فَإِذَا غَسَلَ يَدَيْهِ؛ خَرَجَ مِنْ يَدَيْهِ كُلُّ خَطِيئَةٍ كَانَتْ بَطَشَتْهَا يَدَاهُ مَعَ المَاءِ – أَوْ مَعَ آخِرِ قَطْرِ المَاءِ – فَإِذَا غَسَلَ رِجْلَيْهِ؛ خَرَجَتْ كُلُّ خَطِيئَةٍ مَشَتْهَا رِجْلَاهُ مَعَ المَاءِ – أَوْ مَعَ آخِرِ قَطْرِ المَاءِ – حَتَّى يَخْرُجَ نَقِيًّا مِنَ الذُّنُوبِ».

«Эгерде мусулман – же ыймандуу – пенде даараталып

жатып бетин жууганда, анын эки көзү менен карап кылган ар бир күнөөсү суу менен – же суунун акыркы тамчысы менен – кошо бетинен чыгып кетет. Эгерде эки колун жууса, анын эки колу менен кармап кылган ар бир күнөөсү суу менен – же суунун акыркы тамчысы менен –

кошо эки колунан чыгып кетет. Эгерде эки бутун жууса, анын эки буту менен басып барып кылган ар бир күнөөсү суу менен – же суунун акыркы тамчысы менен

– кошо чыгып кетет. Ошентип, ал күнөөлөрдөн таптаза болуп чыгат.

Муслим риваят кылган.

4-суроо: Кантип даарат аласыз?

Жооп: Эки колду билекке чейин үч жолу жуу. Мазмаза, истиншак жана истинсарды үч жолудан кылабыз.

- Мазмаза: оозго суу алып, оозду чайкап, кайра түкүрүү.

- Истиншак: оң колуна су алып, аны абанын жардамы менен мурунга тартуу.

- Истинсар дегенибиз: истиншак кылгандан кийин мурундагы сууну сол кол менен чимкирип чыгаруу.

Анан бетти үч жолу жуу.

Анан эки колун чыканактарын кошуп үч жолудан жуу.

Анан башты алдыга-артка сүрүп масх тартуу, андан соң эки кулакка масх тартуу.

Анан эки бутун кызыл ашыктарын кошуп үч жолу жуу.

Бул – дааратты эң толугу. Бул пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Бухари жана Муслимдин жыйнактарындагы хадистерде тастыкталган, ал хадистерди андан Усман, Абдуллах ибн Зайд жана башкалар ривает кылышкан.

Ошондой эле Бухариде жана башка (жыйнактарда) Пайгамбардан төмөндөгүлөр да бекемделген:

«أَنَّهُ تَوَضَّأَ مَرَّةً مَرَّةً، وَأَنَّهُ تَوَضَّأَ مَرَّتَيْنِ مَرَّتَيْنِ. بِمَعْنَى: أَنَّهُ يَغْسِلُ كُلَّ عُضْوٍ مِنْ أَعْضَاءِ الْوُضُوءِ مَرَّةً، أَوْ مَرَّتَيْنِ».

«Ал бир жолудан, бир жолудан жууп даарат алды. Жана ал эки жолудан, эки жолудан жууп даарат алды". Мунун маанисиси: дааратта жуула турган мүчөлөрдү бир жолудан, кээде эки жолудан жууган.

5-суроо: Дааратты парздары кайсылар жана алардын саны канча?

Жооп: Дааратты парздарынан бирин калтырса, мусулмандын даараты жараксыз болот.

1. Бетти жуу: ага ооз жана мурунду жуу кошулат.

2. Эки колду чыканактарды кошуп жуу.

3. Башка масх тартуу, эки кулак да ушуга кирет.

4. Эки бутту кызыл ашыктарды кошуп жуу.

5. Жуула турган мүчөлөрдү тартиби менен жуу: адегенде бетти, андан кийин колдорду жууп, андан соң башка масх тартып, анан эки бутту жуу.

Аллах Таала айтты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا قُمْتُمْ إِلَى ٱلصَّلَوٰةِ فَٱغْسِلُواْ وُجُوهَكُمْ وَأَيْدِيَكُمْ إِلَى ٱلْمَرَافِقِ وَٱمْسَحُواْ بِرُءُوسِكُمْ وَأَرْجُلَكُمْ إِلَى ٱلْكَعْبَيْنِ...﴾

"О, ыйман келтиргендер! Эгер намаз окумакчы болсоңор бетиңерди, анан колуңарды чыканакка чейин (чыканакты кошуп) жуугула жана башыңарга «масх» тарткыла (колду суулап, башка сүрткүлө) жана бутуңарды кызыл ашыгын кошуп жуугула". (Маида сүрөөсү, 6-аят).

6. Биринин артынан бирин жуу: бул — мүчөлөр кургап калгыдай убакыт өткөрбөстөн, даараттуу үзгүлтүксүз алуу. Даараттын жарымын алып, калганын башка убакытта толуктаса, анын даараты жарактуу болбойт.

Хадисте минтип келген:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ رَأَى رَجُلًا يُصَلِّي، وَفِي ظَهْرِ قَدَمِهِ لُمْعَةٌ قَدْرَ الدِّرْهَمِ، لَمْ يُصِبْهَا الْمَاءُ، فَأَمَرَهُ النَّبِيُّ ﷺ أَنْ يُعِيدَ الْوُضُوءَ وَالصَّلَاةَ».

«Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окуп жаткан бир кишинин бутунун үстүндө дирхамдын өлчөмүндөй суу тийбеген жерди көрүп, аны кайра даарат алып, намазды кайрадан окууга буйруду». Абу Давуд риваят кылган.

6-суроо: Даараттын сүннөттөрү кайсылар жана алардын саны канча?

Жооп: Даараттын сүннөттөрү: Даарат алуучу аларды аткарса, кошумча сооп-сыйлыкка ээ болот. Ал эми аткарбаса, ага күнөө жок жана даараты жарактуу болот.

1. Бисмилланы айтуу: Аллахтын ысымы

менен деп баштоо. Хадисте минтип келген:

«لَا وُضُوءَ لِمَنْ لَمْ يَذْكُرِ اسْمَ اللهِ عَلَيْهِ».

"Аллахтын ысымын айтпаган адамдын дааратты жок". Абу Давуд риваят кылган.

2. Мисвак колдонуу. Хадисте минтип келген:

«لَا وُضُوءَ لِمَنْ لَمْ يَذْكُرِ اسْمَ اللهِ عَلَيْهِ».

«Эгер үммөтүмө кыйынчылык жаратпаганымда, анда аларга ар бир даарат алууда мисвак колдонууну буйрумакмын». Ахмад риваят кылган.

3. Эки колду билекке чейин жуу.

4. Манжалардын салааларын жуу. Хадисте минтип келген:

«أَسْبِغِ الْوُضُوءَ، وَخَلِّلْ بَيْنَ الْأَصَابِعِ، وَبَالِغْ فِي الِاسْتِنْشَاقِ، إِلَّا أَنْ تَكُونَ صَائِمًا».

"Дааратты жакшылап ал, манжалардын арасын тазала жана мурунга сууну терең тарт, бирок орозо кармаган учурда андай кылба". Сунан ээлери риваят кылган.

5. Мүчөлөрдү экинчи жана үчүнчү жолу

жуу.

6. Оң жактан баштоо. Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айткан:

«كَانَ النَّبِيُّ ﷺ يُعْجِبُهُ التَّيَمُّنُ فِي تَنَعُّلِهِ، وَتَرَجُّلِهِ، وَطُهُورِهِ، وَفِي شَأْنِهِ كُلِّهِ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги эле ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрчү".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Даарат алып болгондон кийин дуба айтуу.

«أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ».

"Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Ал жалгыз, Анын шериги жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси деп күбөлүк берем". Муслим риваят кылган.

8. Андан кийин эки рекет намаз окуу. Хадисте минтип келген:

«مَنْ تَوَضَّأَ نَحْوَ وُضُوئِي هَذَا، ثُمَّ صَلَّى رَكْعَتَيْنِ لَا يُحَدِّثُ فِيهِمَا نَفْسَهُ، غُفِرَ لَهُ مَا

تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ».

"Кимде-ким менин ушул дааратымдай даарат алса, анан ыклас жана берилүү менен эки рекет намаз окуса, анын мурдагы жасаган күнөөлөрү кечирилет".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

7-суроо: Дааратты бузуучу нерселер кайсылар?

Жооп: Эки жолдон (алдыңкы жана арткы авраттан) чыккан нерселер: заара, заң же жел.

- Уйку, жинди болуу, эстен тануу. Хадисте минтип келген:

«الْعَيْنُ وِكَاءُ السَّهْ، فَمَنْ نَامَ فَلْيَتَوَضَّأْ».

"Көз - авреттин боосу, ошондуктан ким уктаса, даарат алсын".

Абу Дауд жана Ибн Маажа риваят кылган.

- Төөнүн этин жеш.

«سَأَلَ رَجُلٌ النَّبِيَّ ﷺ: أَأَتَوَضَّأُ مِنْ لُحُومِ الإِبِلِ؟ قَالَ: نَعَمْ».

Бир киши Пайгамбарыбыздан (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Төөнүн этин жегенден кийин даарат алайынбы?» - деп сурады эле, ал: «Ооба», - деди. Муслим риваят кылган.

- Жыныс мүчөлөрүнө (алды же артына) кол менен эч кандай тосмосуз (кийимсиз) тийүү. Хадисте минтип келген:

«مَن مَسَّ ذَكَرَهُ فَلْيَتَوَضَّأْ».

"Ким жыныс мүчөсүн кармаса, даарат алсын". Абу Дауд, Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

8-суроо: Таяммум деген эмне?

Жооп: Таямум: Суу жок учурда же аны пайдалана албаган учурда топурак жана жер бетиндеги башка нерселерди пайдалануу.

Аллах Таала айтты:

﴿...فَلَمۡ تَجِدُواْ مَآءٗ فَتَيَمَّمُواْ صَعِيدٗا طَيِّبٗا فَٱمۡسَحُواْ بِوُجُوهِكُمۡ وَأَيۡدِيكُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَفُوًّا غَفُورٗا﴾

"Суу таппай калсаңар таза жер кыртышына таяммум кылып

(алаканыңарды уруп) бетиңерди жана колуңарды сылагыла. Албетте, Аллах Кечиримдүү жана күнөөлөрдөн өтүүчү". (Ниса сүрөсү, 43-аят).

9-суроо: Таямумду кантип аласың?

Жооп: Эки алакандын ич тарабы менен менен топуракка бир жолу уруп, бетти жана эки колдун сыртын бир жолу сүртөмүн.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аммар бин Ясирге (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деген:

«إِنَّمَا كَانَ يَكْفِيكَ هَكَذَا، فَضَرَبَ النَّبِيُّ ﷺ بِكَفَّيْهِ الْأَرْضَ، وَنَفَخَ فِيهِمَا، ثُمَّ مَسَحَ بِهِمَا وَجْهَهُ وَكَفَّيْهِ».

«Сага мына ушинтсең жетиштүү болмок». Анан Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки алаканы менен жерди чаап, алакандарына үйлөп, андан соң алар менен бетин жана колдорун сүртүп койду.

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

10-суроо: Таямумду бузуучулар кайсылар?

Жооп: Баардык даараттты бузуучулар таямумду да бузат.

Анан суу табылып калса, таямум дароо бузулат.

11-суроо: Маасы жана байпак деген эмне, жана аларга масх тартылабы?

Жооп: Маасы териден жасалган бут кийим.

Байпак териден башка нерседен жасалган бут кийим.

Буттарды жуунун ордуна аларга масх тартууга болот.

لِحَدِيثِ الْمُغِيرَةِ بْنِ شُعْبَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ، أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ تَوَضَّأَ، وَمَسَحَ عَلَى الْجَوْرَبَيْنِ.

Мугира бин Шуъба (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алып, эки байпагына масх тарткан.

Абу Дауд, Тирмизи жана башкалардын риваяты.

Бухарий жана Муслимде минтип айтылган:

فَتَوَضَّأَ، وَمَسَحَ عَلَى الخُفَّيْنِ.

"Даарат алып, маасыларына масх тартты".

12-суроо: Маасыга масх тартуунун сыры эмнеде?

Жооп: Пенделерге жеңилдик кылуу, айрыкча күн суукта, кышта жана сапарда бутту чечүү машакат болгондо. Аллах Таала айтты:

﴿...يُرِيدُ ٱللَّهُ بِكُمُ ٱلْيُسْرَ وَلَا يُرِيدُ بِكُمُ ٱلْعُسْرَ...﴾

"Аллах силерге жеңил болуусун каалайт, оор болуусун каалабайт". (Бакара сүрөсү, 185-аят).

13-суроо: Маасыга масх тартуу жарактуу болушу үчүн кандай шарттар керек?

Жооп: 1. Маасыны толук даарат алгандан

кийин кийүү.

Мугира (Аллах андан ыраазы болсун) айткан: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен сапарда бирге болдум. Анын маасыларын тартмакчы болсом, ал мындай деди:

«دَعْهُمَا، فَإِنِّي أَدْخَلْتُهُمَا طَاهِرَتَيْنِ، فَمَسَحَ عَلَيْهِمَا».

"Аларды тек кой, анткени мен аларды даарат алып анан кийгенмин". Анан аларга масх тартып койду. Бухарий менен Муслим риваят кылган.

2. Маасы таза болуусу керек, анткени ыплас нерсеге масх тартууга болбойт.

3. Маасы дааратта жуулушу парз болгон орунду жаап турушу керек.

4. Масх белгиленген мөөнөттүн ичинде тартылышы шарт: сапарга чыкпаган (үйдөгү) адам үчүн – бир күн, бир түн, ал эми мусапыр үчүн – үч күн, үч түн.

Али (Аллах андан ыраазы болсун) минтип айткан:

«جَعَلَ رَسُولُ اللهِ ﷺ ثَلَاثَةَ أَيَّامٍ وَلَيَالِيهِنَّ لِلْمُسَافِرِ، وَيَوْمًا وَلَيْلَةً لِلْمُقِيمِ».

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусапыр үчүн үч күн, үч түн, ал эми туруктуу адам үчүн бир күн, бир түн кылып белгиледи. Муслим риваят кылган.

14-суроо: Маасыга масх кандай тартылат?

Жооп: Колдун манжаларын суулап, буттун манжаларынын үстүнө коюп, оң бутка оң кол менен, сол бутка сол кол менен буттун өйдө жагын карай тартат. Масх тартканда манжаларынын арасы ачык болот. Масхты кайра кайталап тартпайт.

15-суроо: Маасынын масхын эмне бузат?

Жооп: 1. Масх тартуу мөөнөтүнүн аякташы. Шариятта белгиленген масх тартуу мөөнөтү бүткөндөн кийин маасыга масх тартууга болбойт: ал мөөнөт туруктуу жашоочу (муким) үчүн бир күн жана бир түн, ал эми сапардагы адам үчүн үч күн жана үч түн.

2. Масх тарткандан кийин маасысынын экөөсүн же бирөөсүн чечсе, масхы бузулат.

16-суроо: Намаздын артыкчылыктары кайсылар?

Жооп: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أَرَأَيْتُمْ لَوْ أَنَّ نَهْرًا بِبَابِ أَحَدِكُمْ يَغْتَسِلُ مِنْهُ كُلَّ يَوْمٍ خَمْسَ مَرَّاتٍ، هَلْ يَبْقَى مِنْ دَرَنِهِ شَيْءٌ؟»قَالُوا: لا يَبْقَى مِنْ دَرَنِهِ شَيْءٌ. قَالَ: «فَذَلِكَ مَثَلُ الصَّلَوَاتِ الْخَمْسِ، يَمْحُو اللهُ بِهِنَّ الْخَطَايَا».

«Айткылачы, эгер силердин бириңердин эшигинин алдында дарыя агып, ал андан күнүнө беш жолу жуунса, анда анын киринен бир нерсе калабы?» (Сахабалар): «Анын киринен эч нерсе калбайт», – деп жооп беришти. Ал (Пайгамбар): «Бул беш убак намаздын мисалы сыяктуу, Аллах алар менен күнөөлөрдү өчүрөт», – деди

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

- Даран: кир (ыпластык).

17-суроо: Намаз деген эмне?

Жооп: Намаз: атайын сөздөр жана амалдар менен Аллахка сыйынуу. Ал такбир менен башталып, салам менен аяктайт.

18-суроо: Намаздын өкүмү кандай?

Жооп: Намаз ар бир мусулманга парз.

Аллах Таала айтты:

﴿...إِنَّ ٱلصَّلَوٰةَ كَانَتۡ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ كِتَٰبٗا مَّوۡقُوتٗا﴾

"Албетте, намаз ыймандуу адамдар үчүн өз убактысында окулуучу парз болду". (Ниса сүрөсү, 103-аят).

19-суроо: Намаз окубай коюунун өкүмү кандай?

Жооп: Намазды (атайлап) таштоо каапырлык.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты:

"Биз менен каапырлардын

ортосундагы келишим – бул, намаз. Ким аны таштаса, анда ал каапыр болот."

Ахмад, Ат-Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

20-суроо: Мусулманга бир сутка ичинде канча убак намаз окуу парз? Ар бир намаз канча рекеттен турат?

Жооп: Күнү-түнү беш убак намаз окуу парз.

- Багымдат намазы: эки рекет.
- Бешим намазы: төрт рекет.
- Дигер намазы: төрт рекет.
- Шам намазы: үч рекет.
- Куптан намазы: төрт рекет.

21-суроо: Намаздын шарттары кайсылар?

Жооп: 1. Намаз окуган адам Исламда болуусу. Каапырдын окуган намазы кабыл кылынбайт. Анткени, ширк амалдарды

жокко чыгарат.

Аллах Таала айтты:

﴿...لَئِنْ أَشْرَكْتَ لَيَحْبَطَنَّ عَمَلُكَ...﴾

"Эгер ширк келтирсең амалың күйүп кетет". (Зумар сүрөсү, 65-аят).

2. Акыл-эси жайында болуусу: жинди адамдын намазы жарактуу болбойт.

3 - Ак-караны ажырата турган жашта болуу. Жакшы-жаманды ажырата албаган жаш баланын ибадаты жарактуу болбойт.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«رُفِعَ القَلَمُ عَنْ ثَلاَثَةٍ: عَنِ النَّائِمِ حَتَّى يَسْتَيْقِظَ، وَعَنِ الصَّغِيرِ حَتَّى يَكْبُرَ، وَعَنِ المَجْنُونِ حَتَّى يَعْقِلَ أَوْ يُفِيقَ».

"Үч түрдүү адамдан калем көтөрүлгөн (б.а. күнөө жазылбайт): уктап жаткан киши ойгонгонго чейин, жаш бала балакат курагына жеткенге чейин, акылынан айныган адам акылына келгенге чейин". Сунан ээлери риваят кылган.

4. Ниет кылуу.

Хадисте минтип айтылган:

«إِنَّمَا الأَعْمَالُ بِالنِّيَّاتِ، وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى».

"Чынында, амалдар ниетке жараша. Ар бир адамга ниетиндегиси берилет".

Бухари риваят кылган.

5. Намаз убактысынын кириши. Аллах Таала айтты:

﴿...إِنَّ ٱلصَّلَوٰةَ كَانَتۡ عَلَى ٱلۡمُؤۡمِنِينَ كِتَٰبٗا مَّوۡقُوتٗا﴾

"Албетте, намаз ыймандуу адамдар үчүн өз убактысында окулуучу парз болду". (Ниса сүрөсү, 103-аят).

6. Дааратсыздыктан тазалануу. Хадисте минтип келген:

«لا يَقْبَلُ اللهُ صَلَاةَ أَحَدِكُمْ إِذَا أَحْدَثَ حَتَّى يَتَوَضَّأَ».

"Силерден бирөөңөрдүн дааараты бузулса, даарат алмайынча Аллах анын намазын кабыл кылбайт".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Нажасаттардан тазалануу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَثِيَابَكَ فَطَهِّرۡ ۝٤﴾

"... жана кийиминди тазала!" (Муддассир сүрөсү, 4-аят).

8. Авратты жабуу. Аллах Таала айтты:

﴿يَٰبَنِيٓ ءَادَمَ خُذُواْ زِينَتَكُمۡ عِندَ كُلِّ مَسۡجِدٖ...﴾

"О, Адам урпактары! Ар бир намаздын убактысында зыйнатыңарды кийгиле". (Аъраф сүрөсү, 31-аят).

9. Кыбылага жүздөнүү. Аллах Таала айтты:

﴿فَوَلِّ وَجۡهَكَ شَطۡرَ ٱلۡمَسۡجِدِ ٱلۡحَرَامِۚ وَحَيۡثُ مَا كُنتُمۡ فَوَلُّواْ وُجُوهَكُمۡ شَطۡرَهُۥ...﴾

"Жүзүңдү Масжид аль-Харам тарапка бур! Кайда болсоңор да жүзүңөрдү ошол тарапка бургула!" (Бакара сүрөсү, 144-аят).

22-суроо: Намаздын түркүктөрү кайсылар?

Жооп: Намаздын түркүктөрү он төрт, алар төмөнкүлөр:

- Биринчиси: Кудурети болсо, парз намазда тике туруу. Имран бин Хусейндин

(Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айткан:

«صَلِّ قَائِمًا، فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَقَاعِدًا، فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَعَلَى جَنْبٍ».

"Намазды туруп оку. Эгер тура албасаң, отуруп оку. Эгер отура да албасаң, жатып оку". Бухари ривает кылган.

- Биринчи киришүү такбирин айтуу, ал – "Аллаху акбар" деп айтуу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِذَا قُمْتَ إِلَى الصَّلَاةِ فَكَبِّرْ».

"Намазга турганыңда, такбир айт". Бухарий менен Муслим ривает кылган.

- Фатиханы окуу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا صَلَاةَ لِمَنْ لَمْ يَقْرَأْ بِفَاتِحَةِ الْكِتَابِ».

"Фатиханы окубаган адамдын намазы жок".

Бухарий менен Муслим ривает кылган.

- Рүкү кылуу; (мында) аркасын түз сунуп,

башын аркасы менен бир деңгээлде (түз) кармайт.

Андан өйдө болуп, түздөлүү.

- Турганда белин түздөп тике туруу. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«ثُمَّ ارْكَعْ حَتَّى تَطْمَئِنَّ رَاكِعًا، ثُمَّ ارْفَعْ حَتَّى تَعْتَدِلَ قَائِمًا».

"Анан рүкү кыл да, бейпил бол, анан өйдө бол да белиңди түзөп тике тур".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

- Сажда кылуу; (мында) чекесин, мурдун, эки алаканын, эки тизесин жана эки бутунун манжаларынын учтарын сажда кыла турган жерге бекем тийгизүү.

- Саждадан өйдө болуу.

- Эки сажданын ортосунда отуруу. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«ثُمَّ اسْجُدْ حَتَّى تَطْمَئِنَّ سَاجِدًا، ثُمَّ ارْفَعْ حَتَّى تَطْمَئِنَّ جَالِسًا».

"Анан сажда кылып, бир азга токтол. Анан өйдө болуп, бир азга отур".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Сүннөт – сол бутун төшөп, ага отуруп, оң бутун тик кылып, манжаларын кыбылага каратуу. Ыймандуулардын энеси Айша ага (Аллах андан ыраазы болсун) минтип айткан:

«وَكَانَ يَفْرِشُ رِجْلَهُ الْيُسْرَى، وَيَنْصِبُ رِجْلَهُ الْيُمْنَى».

"(Пайгамбар) сол бутун жерге төшөп, оң бутун тике кылып отурчу".

Муслим риваят кылган.

- тынч алуу дегени, ар бир кыймылдуу түркүгүндө бир азга токтоп, дене мүчөлөрүнүн жай алуусу.

- Акыркы ташахуд. Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтты:

«كُنَّا نَقُولُ فِي الصَّلَاةِ قَبْلَ أَنْ يُفْرَضَ التَّشَهُّدُ...».

"Ташаххуд парз кылынуудан мурда, биз намазда (минтип) айтчу элек..."

Насаий риваяты, негизи Сахихейнде.

Ташахуд үчүн отуруу.

- Эки салам берүү: эки жолу «Ассаламу алайкум уа рахматуллах» деп айтуу.

Хадисте минтип келген:

«أَنَّهُ كَانَ يُسَلِّمُ عَنْ يَمِينِهِ وَعَنْ يَسَارِهِ: السَّلَامُ عَلَيْكُمْ وَرَحْمَةُ اللهِ، السَّلَامُ عَلَيْكُمْ وَرَحْمَةُ اللهِ».

«Ал оң тарабына: «Ассаламу алайкум уа рахматуллах» жана сол тарабына «Ассаламу алайкум уа рахматуллах» деп салам берчү».

Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

- Парздарды тартиби менен аткаруу: мисалы, рүкүдөн мурун атайылап сажда кылса, намазы бузулат, ал эми жаңылып кылса, рүкүгө кайтып, андан кийин сажда кылуусу зарыл.

23-суроо: Намаздын важибтери кайсылар?

Жооп: Намаздын важибтери сегиз. Алар төмөнкүлөр:

1. Алгачкы киришүү такбиринен башка такбирлер.

2. "Самиъа Аллаху лиман хамида" деп айтуу, имам үчүн да, намазды жалгыз окуган адам үчүн да.

3. "Роббанаа ва лакал хамду" деп айтуу.

4. Рүкүдө бир жолу "Субхана Роббиял Азиим" деп айтуу.

5. Саждада бир жолу "Субхана Роббиял аълаа" деп айтуу.

6. Эки сажданын ортосунда «Роббиг фир лии» деп айтуу.

7. Биринчи ташаххуд.

8. Биринчи ташаххуд үчүн отуруу.

24-суроо: Намаздын сүннөттөрү кайсылар?

Жооп: Сүннөттөрү он бир, алар төмөнкүлөр:

1. Ихрам такбиринен кийин: «Субханака Аллахумма уа бихамдика, уа табарокасмука, уа таалаа жаддука, уа лаа илааха гойрук» деп айтуу, бул «Намазга киришүү дубасы» деп аталат.

2. "Аузуну" айтуу.

3. "Бисмилланы" айтуу.

4. "Амин" деп айтуу.

5. Фатихадан кийин сүрө окуу.

6. Имамдын кыраатты жарыя окуусу.

7. Тахмидден (Роббана лакал хамд) кийин айтылуучу сөз: "Милас-самаваати ва милал-арзи ва мила маа шиьта мин шайин баъду". Мааниси: "Сага асмандар менен жерди жана Өзүң каалаган нерселерди толтургандай алкыш-мактоолор болсун".

8. Рүкүнүн тасбихин бирден ашык айтуу. Башкача айтканда: экинчи, үчүнчү же андан да көбүрөөк айтуу.

9. Сажданын тасбихтерин бирден ашык айтуу.

10. Эки сажданын ортосунда: «Раббигфир ли» деп бирден ашыкча айтуу.

11. Акыркы ташаххудда пайгамбарга жана анын үй-бүлөсүнө салават айтуу, ага жана үй-бүлөсүнө береке тилөө, андан кийин дуба кылуу.

Амал менен аткарылчу сүннөттөр, алар “Хайаьат" деп аталат:

1. Намазга киришүү такбиринде колду

өйдө көтөрүү.

2. Рүкүгө эңкейгенде колду көтөрүү.

3. Рүкүдөн өйдө болгондо колду көтөрүү.

4. Бул амалдардын артынан колдорду түшүрүү.

5. Оң колун сол колунун үстүнө коюу.

6. Сажда кыла турган жерге карап туруу.

7. Тик турганда эки бутун ажыратып туруу.

8. Рүкүдө манжаларын ачып тизелерин кармап, белин түздөп, башын бели менен түз кармап туруу.

9. Сажда мүчөлөрүн жерге тийгизип, бекем орнотуу.

10. Эки колун капталдарынан, курсагын сандарынан, сандарын балтырларынан алыс кармоо, эки тизесинин арасын ажыратуу, эки бутун тик кылып, бут манжаларын ажыратып, ичин жерге коюу жана эки колун ийиндеринин тушуна манжаларын бириктирип, жайып коюу.

11. Эки сажданын ортосунда жана

биринчи ташаххудда сол бутту жайып, ал эми экинчисинде сол бутту оң буттун астынан чыгарып отуруу.

12. Эки сажда ортосунда колдорду сандардын үстүнө манжаларын бириктирип, жайып коюу, ошондой эле ташаххудда да ушундай кылуу, бирок анда оң колунун чыпалагы менен аты жок манжасын түйүп, баш бармагы менен ортоңку манжасын тегерек кылып, Аллахты зикир кылганда сөөмөйү менен ишара кылуу.

13. Салам бергенде оңго жана солго башын буруу.

25-суроо: Намазды бузуучу нерселер кайсылар?

Жооп: 1. Парзды же намаздын шарттарынан бирөөнү таштоо.

2. Атайылап сүйлөө.

3. Жеш же ичиш.

4. Ашыкча кыймылдарды биринин артынан бирин көп кылуу.

5. Намаздын важибдеринин бирин атайлап таштап кетүү.

26-суроо: Мусулман адам намазын кандай окушу керек?

Жооп: Намаздын окулуу тартиби:

1. Бүткүл денеси менен, кыйшайбастан жана жан-жагына карабастан кыбылага жүздөнүү.

2. Андан соң, окуй турган намазын тили менен айтпастан, жүрөгү менен ниет кылат.

3. Андан кийин "Аллаху Акбар" деп ихрам такбирин айтканда, колдорун эки ийиндин тушуна чейин көтөрөт.

4. Анан оң колунун алаканын сол колунун сыртына коюп, көкүрөк тушуна коёт.

5. Анан киришүү дубасын айтат:

«اللَّهُمَّ بَاعِدْ بَيْنِي وَبَيْنَ خَطَايَايَ كَمَا بَاعَدتَ بَيْنَ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ، اللَّهُمَّ نَقِّنِي مِنْ خَطَايَايَ كَمَا يُنَقَّى الثَّوْبُ الأَبْيَضُ مِنَ الدَّنَسِ، اللَّهُمَّ اغْسِلْنِي مِنْ خَطَايَايَ بِالْمَاءِ وَالثَّلْجِ وَالْبَرَدِ».

"Аллахумма бааъид байни ва байна

хотаяа камаа бааъадта байнал машрики вал магриби. Аллахумма наккинии мин хотаяа камаа юнкии ас-савбал абйаз минад-данаси. Аллахум-магсилнии мин хотояая билмааи, вас-салжи вал-барди".

«О, Аллах! Мен менен менин каталарымдын арасын батыш менен чыгыштын арасын узак кылгандай узак кыла көр! О, Аллах! Ак кийим кирден таза болгондой мени да каталарымдан тазарта көр! О, Аллах! Менин каталарымды суу, кар жана мөндүр менен жууп сал!»

Же мындай деп айтат:

«سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ وَبِحَمْدِكَ، وَتَبَارَكَ اسْمُكَ، وَتَعَالَى جَدُّكَ، وَلَا إِلَهَ غَيْرُكَ».

"Субхаанака аллахумма ва бихамдика, ва табааракасмука, ва таъаала жаддука, ва лаа илааха гойрука"

«Аллахым, Сен баардык кемчиликтерден тазасың, Сага мактоолор болсун, Сенин ысымың берекелүү, Сенин улуулугуң жогору жана Сенден башка сыйынууга татыктуу зат жок».

6. Анан шайтандан коргоосун сурап,

мындай дейт:

«أَعُوذُ بِاللهِ مِنَ الشَّيْطَانِ الرَّجِيمِ».

"Ауузу биллаахи минаш-шайтоонир-рожиим". "Таш бараң (каргыш) кылынган шайтандан коргоону Аллахтан суранам".

7. Анан бисмилланы айтып, Фатиханы окуйт. Анын маанисы:

﴿بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ۝١ ٱلْحَمْدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلْعَٰلَمِينَ ۝٢ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ۝٣ مَٰلِكِ يَوْمِ ٱلدِّينِ ۝٤ إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ ۝٥ ٱهْدِنَا ٱلصِّرَٰطَ ٱلْمُسْتَقِيمَ ۝٦ صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ أَنْعَمْتَ عَلَيْهِمْ غَيْرِ ٱلْمَغْضُوبِ عَلَيْهِمْ وَلَا ٱلضَّآلِّينَ ۝٧﴾

"Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Аламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоолор болсун!"

"Ал - Ырайымдуу, Мээримдүү".

"Кыямат Күндүн падышасы".

"Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!"

"(О, Жараткан!) Бизди туура жолго баштагын!"

"Өзүң жакшылык берген адамдардын

жолуна (баштагын). Каарыңа учурагандардын жана адашкандардын жолуна эмес".

(Фатиха сүрөсү, 1-7-аяттар).

Андан кийин "Амин" дейт, мааниси: "Аллахым, кабыл кыл" дегенди билдирет.

8. Анан Курандан дагы бир каалаган сүрөнү окуйт. Багымдат намазында болсо кыраатты узартат (узунураак сүрө окуйт).

9. Андан соң рүкү кылат, б.а., Аллахты улуктап белин иет. Рүкүгө эңкейерде «Аллаху Акбар» деп, колдорун эки ийинининин тушуна чейин көтөрөт. Ал эми сүннөт – белин түз, башын бели менен бирдей кармап, эки колунун манжаларын ачып, тизелерин чеңгелдеп туруу.

10. Рүкүдө «Субхаана Робиял а'зиим» деп үч жолу айтат. Ага кошумча: «Субхаанакаллохумма ва бихамдика, Аллохуммаг-фир лии» деп айтса, жакшы болот.

11. Андан кийин "Самиъа Аллаху лиман хамида" деп рүкүдөн башын көтөрөт жана

ошол учурда колдорун эки ийинининтушуна чейин көтөрөт. Имамга уюган киши "Самиъа Аллаху лиман хамида" деп айтпайт, анын ордуна "Роббанаа ва лакал хамд" деп айтат.

12. Андан кийин туруп, мындай дейт: "Роббанаа ва лакал хамду, милас-самаваати вал арзи, ва мила маа шиьта мин шайин баъду". Мааниси: "Раббибиз, Сага асмандар менен жерге жана Өзүң каалаган нерселерге толо алкыш-мактоолор болсун".

13. Андан соң "Аллаху Акбар" деп биринчи сажданы кылат. Ал саждада жети мүчөсүн жерге тийгизет: бешене жана мурун, эки алакан, эки тизе жана эки буттун учтары. Чыканактарын капталдарынан алыс кармайт, билектерин жерге төшөбөйт жана кол манжаларынын учтарын кыбылага каратат.

14. Саждасында үч жолу «Субхаана Роббиял а'лаа» деп айтат. Ага кошумча: «Субхаанака-Ллоохумма Роббанаа ва бихамдика, Аллоохумма-гфир лии» деп

айтса, жакшы болот.

15. Андан кийин саждадан "Аллаху Акбар" деп башын көтөрөт.

16. Анан эки сажданын ортосунда сол бутун жайып отуруп, оң бутунун манжаларын кыбылга каратып тик кылып, колдорун сандарынын үстүнө, тизелерине жакын коёт.

17. Эки сажданын ортосунда минтип айтат:

«رَبِّ اغْفِرْ لِي، وَارْحَمْنِي، وَاهْدِنِي، وَارْزُقْنِي، وَاجْبُرْنِي، وَعَافِنِي».

«Роббиг-фир-лии, вар-хамнии, вах-динии, вар-зук-нии, важ-бурнии, ва'аафинии».

"О Раббим! Мени кечир, мага ырайым кыла көр! Мени туура жолго баштай көр! Мага ырыскы бер! Мени Өзүң оңдоп, мага амандык бер!"

18. Андан кийин экинчи саждага такбир айтат жана анда биринчи саждада айтылган жана кылынган нерселерди аткарат.

19. Андан кийин экинчи саждадан «Аллаху Акбар» деп туруп, экинчи рекетти сөздөрүндө жана амалдарында биринчи рекет сыяктуу окуйт, бирок анда киришүү дубасы айтылбайт.

20. Анан экинчи рекет бүткөндөн кийин «Аллаху Акбар» деп, эки сажданын ортосунда отурган сыяктуу эле отурат.

21. Бул отурушта "ташаххуд"ду окуйт. Ал мындай:

"التَّحِيَّاتُ لِلَّهِ وَالصَّلَوَاتُ وَالطَّيِّبَاتُ، السَّلَامُ عَلَيْكَ أَيُّهَا النَّبِيُّ وَرَحْمَةُ اللهِ وَبَرَكَاتُهُ، السَّلَامُ عَلَيْنَا وَعَلَى عِبَادِ اللهِ الصَّالِحِينَ، أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ.

اللَّهُمَّ صَلِّ عَلَىٰ مُحَمَّدٍ وَعَلَىٰ آلِ مُحَمَّدٍ، كَمَا صَلَّيْتَ عَلَىٰ إِبْرَاهِيمَ وَعَلَىٰ آلِ إِبْرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ، وَبَارِكْ عَلَىٰ مُحَمَّدٍ وَعَلَىٰ آلِ مُحَمَّدٍ، كَمَا بَارَكْتَ عَلَىٰ إِبْرَاهِيمَ وَعَلَىٰ آلِ إِبْرَاهِيمَ، إِنَّكَ حَمِيدٌ مَجِيدٌ.

أَعُوذُ بِاللهِ مِنْ عَذَابِ جَهَنَّمَ، وَمِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ، وَمِنْ فِتْنَةِ الْمَحْيَا وَالْمَمَاتِ، وَمِنْ فِتْنَةِ الْمَسِيحِ الدَّجَّالِ".

"Аттахияту лиллаахи вассолаваату ваттойибаат, асслааму алайка айюхан-

набию ва рахматуллаахи ва баракатух. Ассалааму аълайнаа ва аълаа иъбаадиллахис-соолихийн, ашхаду ал-лаа илааха иллаллаху ва ашхаду анна Мухаммдан аъбдуху ва расуулух. Аллахумма солли аълаа Мухаммад, ва аълаа аали Мухаммад, камаа соллайта аълаа Ибрахима, ва аълаа аали Ибрахим, иннака Хамидум Мажиид. Ва баарик аълаа Мухаммад ва аълаа аали Мухаммад, камаа бааракта аълаа Ибрахим ва аълаа аали Ибрахим, иннака Хамидум Мажиид. Аъуузу биллаахи мин а'зааби жаханнам, ва мин а'заабил-кобр, ва мин фитнатил-махйаа вал-мамаат, ва мин фитнатил-масиихид-дажжаал".

Маниси: "Бардык саламдар, жүгүнүүлөр жана таза (дубалар) жалгыз Аллахка! О, Аллахтын пайгамбары! Сага Аллахтын саламы, мээрими жана берекеси болсун! (Ошондой эле) Бизге жана Аллахтын бардык салих (ибадат кылган) пенделерине Аллахтын саламы болсун! Мен: "Жалгыз

Аллахтан башка кудай жок, Мухаммад анын кулу жана элчиси" деп күбөлүк берем. О, Аллах, Ибрахимге жана анын үй-бүлөсүнө ырайым кылган сыяктуу, Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө ырайым кыл. Албетте, Сен мактоого татыктуу, Улуу Затсың! Жана Ибрахим жана анын үй-бүлөсүн берекелүү кылган сыяктуу, Мухаммадды жана анын үй-бүлөсүн да берекелүү кыл. Албетте, Сен мактоого татыктуу, Улуу Затсың! Аллахтан тозок азабынан, кабыр азабынан, жашоо менен өлүмдүн фитнасынан жана Масих Дажжалдын фитнасынан коргоо тилейм". Анан Раббисине дүйнө жана акыреттин жакшылыгын сурап, каалаган дубасын кылат.

22. Андан соң оң тарабына: «Ассаламу алайкум ва рахматуллах» деп салам берет, жана сол тарабына да ошондой эле салам берет.

23. Эгер намаз үч рекеттүү же төрт рекеттүү болсо, биринчи ташаххудду: «Ашхаду ал-лаа илааха иллаллаху, ва

ашхаду анна Мухаммадан аъбдуху ва расуулух» – деп бүтүрөт.

24. Анан «Аллаху Акбар» деп ордунан туруп, ошол эле учурда колдорун эки ийинининин тушуна чейин көтөрөт.

25. Анан намазынын калган бөлүгүн экинчи рекеттегидей окуйт, бирок анда Фатиха сүрөөсүн гана окуйт.

26. Анан таваррүк кылып отуруп, оң бутун тик кылып, сол бутун оң бутунун астынан чыгарып, жамбашын жерге коюп, колдорун биринчи ташаххудда койгон сыяктуу сандарынын үстүнө коёт.

27. Бул отурушта ташаххудду толугу менен окуйт.

28. Андан соң оң тарабына: «Ассаламу алайкум уа рахматуллах» деп салам берет жана сол тарабына да ошондой эле салам берет.

27-суроо: Намазда салам бергенден кийин айтыла турган зикирлер кайсылар?

Жооп: «Астагфируллах» деп үч жолу айтат.

«اللَّهُمَّ أَنْتَ السَّلامُ، وَمِنْكَ السَّلَامُ، تَبَارَكْتَ يَا ذَا الجَلَالِ وَالإِكْرَامِ».

«Аллахумма антас-салаам, ва минкас-салаам, табаараkта йаа зал-жалаали уал-икроом».

"О Аллах! Өзүң(дүн бир ысымын) Салам жана саламаттык жалгыз Өзүндөн! Оо, улуу-урматтуулуктун ээси, Сен - Таберикснң!"

«لا إِلَهَ إِلَّا اللّهُ وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ المُلْكُ وَلَهُ الحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيءٍ قَدِيرٌ، اللَّهُمَّ لَا مَانِعَ لِمَا أَعْطَيْتَ، وَلَا مُعْطِيَ لِمَا مَنَعْتَ، وَلَا يَنْفَعُ ذَا الجَدِّ مِنْكَ الجَدُّ».

Жалгыз Аллахтан башка кудай жок жана Анын эч бир шериги жок. Мүлк Аныкы! Мактоолор жалгыз Өзүнө таандык! Ал бардык нерсеге Кудуреттүү! О, Аллах! Сен берген нерсени эч ким тосо албайт, Сен

тоскон нерсени эч ким бере албайт. Бай кишинин мал-дүйнөсү Сенин алдында ага пайда бере албайт.

«لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَلَا نَعْبُدُ إِلَّا إِيَّاهُ، لَهُ النِّعْمَةُ وَلَهُ الْفَضْلُ، وَلَهُ الثَّنَاءُ الْحَسَنُ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ، وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ».

«Аллахтан башка эч бир кудай жок, Ал жалгыз жана анын шериги жок. Бардык мүлк жана мактоолор Ага таандык. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү. Аллахтын күчүнөн өткөн күч, Аллахтын кубатынан өткөн кубат жок. Аллахтан башка эч бир кудай жок. Биз Ага гана ибадат кылабыз. Нээмат, артыкчылык жана бардык жакшы мактоолор Ага таандык. Аллахтан башка эч бир кудай жок. Биз эгер каапырлар жаман көрсө да Аллахка калыс ибадат кылабыз».

«سُبْحانَ اللهِ» ثلاثا وثلاثين مرة.

"Субхааналлах" деп отуз үч жолу.

«سُبْحانَ اللهِ» ثلاثا وثلاثين مرة.

"Алхамду лиллах" деп отуз үч жолу.

«اللهُ أَكْبَر» ثلاثـًا وثلاثين مرة.

"Аллаху Акбар" деп отуз үч жолу.

Андан кийин санын жүзгө толуктап, мындай дейт:

«لا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ».

«Жалгыз Аллахтын Өзүнөн башка ибадатка татыктуу кудай жок, Анын шериги да жок! Бардык мүлк жана алкыш-мактоолор Аллахка таандык! Ал бардык нерсеге күчү жетүүчү».

Ихлас жана эки коргоочу сүрөнү (Фалак менен Наасты) багымдат жана шам намаздарынан кийин үч жолудан, ал эми башка намаздардан кийин бир жолудан окуйт.

"Аят аль-Курсини" бир жолу окуйт.

28-суроо: Раваатиб сүннөттөрү деген эмне жана алардын артыкчылыктары кандай?

Жооп: Багымдаттын парзынан мурда эки рекет.

Бешимдин парзынан мурда төрт рекет.

Бешимдин парзынан кийин эки рекет.

Шамдын парзынан кийин эки рекет.

Куптандын парзынан кийин эки рекет.

Бул намаздардын артыкчылыгы тууралуу Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ صَلَّى فِي الْيَوْمِ وَاللَّيْلَةِ اثْنَتَيْ عَشْرَةَ رَكْعَةً تَطَوُّعًا، بَنَى اللهُ لَهُ بَيْتًا فِي الْجَنَّةِ».

«Ким күнүнө ыктыярдуу түрдө он эки рекет намаз окуса, Аллах ага Бейиштен үй курат». Муслим, Ахмад ж.б. риваят кылган.

29-суроо: Аптанын эң артык күнү кайсы?

Жооп: Жума күнү. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِنَّ مِنْ أَفْضَلِ أَيَّامِكُمْ يَوْمَ الْجُمُعَةِ، فِيهِ خُلِقَ آدَمُ، وَفِيهِ قُبِضَ، وَفِيهِ النَّفْخَةُ، وَفِيهِ الصَّعْقَةُ، فَأَكْثِرُوا عَلَيَّ مِنَ الصَّلَاةِ فِيهِ، فَإِنَّ صَلَاتَكُمْ مَعْرُوضَةٌ عَلَيَّ».

"Силердин күндөрүңөрдүн эң жакшысы – жума күнү. Бул күнү Адам ата жаратылган. Ушул күнү анын жаны

алынган. Дал ушул күнү Сур тартылат. Дал ушул күнү кыйкырык(тан коркуп адамдардын өлүшү) болот. Ал күнү мага көп салават айткыла. Анткени силердин салаватыңар мага жетип турат." Сахабалар айтышты: «О Аллахтын Элчиси, Сиздин сөөгүңүз чирип, топуракка айланганда, биздин салаваттарыбыз сизге кантип жетет?». Ал мындай деди:

«إِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ حَرَّمَ عَلَى الْأَرْضِ أَجْسَادَ الْأَنْبِيَاءِ».

«Чынында, Аллах Таала пайгамбарлардын денесин жегенди жерге арам кылган».

Абу Давуд жана башкалар риваят кылган.

30-суроо: Жума намазынын өкүмү кандай?

Жооп: Ар бир балакатка жеткен, акыл-эси жайында, мусапыр болбогон мусулман эркекке парз.

Аллах Таала айтты:

﴿ يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِذَا نُودِىَ لِلصَّلَوٰةِ مِن يَوۡمِ ٱلۡجُمُعَةِ فَٱسۡعَوۡاْ إِلَىٰ ذِكۡرِ ٱللَّهِ

وَذَرُواْ ٱلۡبَيۡعَۚ ذَٰلِكُمۡ خَيۡرٞ لَّكُمۡ إِن كُنتُمۡ تَعۡلَمُونَ٩﴾

"Оо, ыйман келтирген пенделер! Эгер Жума күнү (Жума намазына чакырып) азан айтылчу болсо, тезинен Аллахты эскерүүгө (мечиттерге) шашылгыла жана сооданы (намаз бүткөнгө чейин) токтоткула. Бул өзүңөр үчүн жакшы, эгер билсеңер".

(Жума сүрөсү, 9-аят).

31-суроо: Жума намазынын рекеттеринин саны канча?

Жооп: Жума намазы эки рекет, аны имам үн чыгарып окуйт. Ага чейин жалпыга белгилүү болгон эки кутпа окулат.

32-суроо: Жума намазына барбай койсо болобу?

Жооп: Жума намазына катышпай калууга шарият тарабынан негиздүү (үзүрлүү) себеп болмоюнча уруксат берилбейт. Себеби Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ تَرَكَ ثَلَاثَ جُمَعٍ تَهَاوُنًا بِهَا؛ طَبَعَ اللهُ عَلَى قَلْبِهِ».

"Ким үч жуманы кайдыгерлик менен калтырса, Аллах анын жүрөгүнө мөөр басат".

Абу Дауд жана башкалар риваят кылган.

33-суроо: Жума күндүн сүннөттөрү кайсылар?

Жооп: 1. Жуунуу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) айтты:

«غُسْلُ يَوْمِ الْجُمُعَةِ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُحْتَلِمٍ».

"Жума күнү гусул алуу ар бир балакатка жеткен мусулманга важиб".

Бухари риваят кылган.

2. Жыттуу нерселерди себинүү. Хадисте минтип келген:

«حَقٌّ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ أَنْ يَغْتَسِلَ يَوْمَ الْجُمُعَةِ، وَيَلْبَسَ مِنْ طِيبِ أَهْلِهِ».

"Мусулмандарга жума күнү гусул алуу милдет, жана алар үйүндөгү жыттуу атырынан себинсин".

Ахмад жана Тирмизи риваят кылган.

3. Кийимдердин эң жакшысын кийүү. Хадисте минтип келген:

«مَا عَلَى أَحَدِكُمْ إِنْ وَجَدَ سَعَةً، أَنْ يَتَّخِذَ ثَوْبَيْنِ لِجُمُعَتِهِ، سِوَى ثَوْبَيْ مِهْنَتِهِ».

"Силердин бириңер, мүмкүнчүлүгү болсо, жумуш кийиминен сырткары, жума намазы үчүн эки кийим даярдап койсо жакшы болбойт беле?" Ибн Маажа жана Малик "Муваттада" риваят кылган.

4. Мечитке эртерээк баруу.

5. Мечитке жөө басып баруу. Хадисте минтип келген:

«مَنْ اغْتَسَلَ يَوْمَ الْجُمُعَةِ، وَغَسَّلَ، وَبَكَّرَ، وَابْتَكَرَ، وَدَنَا، وَاسْتَمَعَ، وَأَنْصَتَ، كَانَ لَهُ بِكُلِّ خُطْوَةٍ يَخْطُوهَا أَجْرُ سَنَةٍ، صِيَامُهَا وَقِيَامُهَا».

"Кимде-ким жума күнү жуунуп, гусул алып, (мечитке) эртелеп, эң алгачкылардан болуп барып, (имамга) жакын отуруп, (кутпаны) унчукпай кунт коюп укса, анын ар бир баскан кадамы үчүн бир жылдык орозо кармагандын жана бир жыл түнү намаз окугандын сообу берилет".

Ат-Тирмизи жана ан-Насаи риваят кылган.

6. Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көп салават айтуу. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أَكْثِرُوا الصَّلَاةَ عَلَيَّ يَوْمَ الْجُمُعَةِ، فَإِنَّهُ مَشْهُودٌ، تَشْهَدُهُ الْمَلَائِكَةُ، وَإِنَّ أَحَدًا لَنْ يُصَلِّيَ عَلَيَّ إِلَّا عُرِضَتْ عَلَيَّ صَلَاتُهُ حَتَّى يَفْرُغَ مِنْهَا».

«Жума күнү мага көп салават айткыла. Анткени, ал күнгө периштелер күбө болушат. Чынында, ким мага салават айтса, ал аны айтып бүткөнчө, анын салаваты мага жетип турат». Ибн Маажа риваят кылган.

7. Кахф сүрөсүн окуу. Хадисте минтип келген:

«مَنْ قَرَأَ سُورَةَ الْكَهْفِ يَوْمَ الْجُمُعَةِ، أَضَاءَ لَهُ مِنَ النُّورِ مَا بَيْنَ الْجُمُعَتَيْنِ».

"Ким жума күнү "Кахф" сүрөсүн окуса, эки жуманын ортосунда ага нур чачырап турат". Хаким ж.б. риваят кылган.

8. Дуба кабыл болуучу убакытты издөө. Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Жума күнүн эскерип, мындай

деген:

«فِيهِ سَاعَةٌ لَا يُوَافِقُهَا عَبْدٌ مُسْلِمٌ، وَهُوَ قَائِمٌ يُصَلِّي، يَسْأَلُ اللهَ تَعَالَى شَيْئًا، إِلَّا أَعْطَاهُ إِيَّاهُ».

"Анда бир убакыт бар, ага кайсы бир мусулман намазда турган учуруна дал келип, Аллах Тааладан бир нерсе сураса, Аллах ага аны сөзсүз берет".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

34-суроо: Жамаат намазынын артыкчылыктары кайсылар?

Жооп: Абдуллах бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«صَلَاةُ الْجَمَاعَةِ أَفْضَلُ مِنْ صَلَاةِ الْفَذِّ بِسَبْعٍ وَعِشْرِينَ دَرَجَةً».

«Жамаат менен окулган намаз, жалгыз окуган намаздан жыйырма жети даража абзел». Муслим риваят кылган.

35-суроо: Намаздагы (хушуу) берилгендик деген эмне?

Жооп: (Аллахтан коркуп) жүрөгү менен

берилип, дене мүчөлөрүнүн тынч турушу.

Аллах Таала айтты:

﴿قَدۡ أَفۡلَحَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ ۝١ ٱلَّذِينَ هُمۡ فِي صَلَاتِهِمۡ خَٰشِعُونَ ۝٢﴾

"Чынында, ыймандуулар жеңишке (бейишке) жетишти".

"Алар намаздарында (Аллахтан) коркуп турушат".

(Муьминун сүрөсү, 1-2-аяттар).

36-суроо: Зекет деген эмне?

Жооп: Бул – белгилүү бир убакытта, белгилүү бир топко берүү үчүн өзгөчө бир мал-мүлктөн бөлүнгөн милдеттүү акы.

Бул – Исламдын бир түркүгү жана байдан алынып, кембагалга бериле турган важиб садака.

Аллах Таала минтип айтты:

﴿...وَءَاتُواْ ٱلزَّكَوٰةَ...﴾

"... зекетти бергиле!"

(Бакара сүрөсү, 43-аят).

37-суроо: Мустахаб садака деген эмне?

Жооп: Бул зекеттен сырткары бериле турган садака. Мисалы: каалаган убакта, каалаган бир нерсени жакшылык иштер үчүн садака кылуу.

Аллах Таала айтты:

﴿وَأَنفِقُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ...﴾

"Аллахтын жолунда напака (садака) чыгаргыла". (Бакара сүрөсү, 195-аят.)

38-суроо: Орозо деген эмне?

Жооп: Бул – ниет кылуу менен бирге таң аткандан күн батканга чейин орозону буза турган нерселерден тыйылуу аркылуу Аллахка ибадат кылуу. Ал эки түргө бөлүнөт:

1. Парз орозо: Исламдын түрүктөрүнүн бири болгон Рамазан айынын орозосу.

Аллах Таала айтты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ١٨٣﴾

"О, ыйман келтиргендер! Силерден мурунку элдерге парз кылынганы сыяктуу, силерге да орозо кармоо парз кылынды. Такыба болушуңар үчүн". (Бакара сүрөсү, 183-аят).

2. Парз эмес напил орозолор: мисалы, ар бир аптанын дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү орозо кармоо. Же ар бир айда үч күн орозо кармоо. Алардын эң жакшысы – ай календары боюнча ар бир айдын 13, 14, 15-күндөрү болгон ай толгон күндөрдө кармалганы.

39-суроо: Рамазан айында орозо кармоонун артыкчылыгы кандай?

Жооп: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ صَامَ رَمَضَانَ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا؛ غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ».

«Кимде-ким Рамазанда ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып орозо кармаса, анда анын мурунку күнөөлөрү кечирилет». Бухарий менен Муслим риваят кылган.

40-суроо: Рамазандан башка убакта напил орозо кармоонун артыкчылыгы кандай?

Жооп: Абу Саид ал-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) ривият кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَا مِن عَبدٍ يَصُومُ يَومًا فِي سَبِيلِ اللهِ، إِلَّا بَاعَدَ اللهُ بِذَلِكَ اليَومِ وَجْهَهُ عَنِ النَّارِ سَبْعِينَ خَرِيفًا».

«Кайсы бир пенде Аллах жолунда бир күн орозо кармаса, Аллах ошол күн себептүү анын жүзүн тозоктон жетимиш жылга алыс кылат».

Бухарий менен Муслим ривият кылган.

«Жетимиш күз» дегендин мааниси – жетимиш жыл.

41-суроо: Орозону бузуучу нерселер кайсылар?

Жооп: 1. Атайлап жеп же ичип алуу.

2. Атайлап кусуу.

42-суроо: Орозонун сүннөттөрү кайсылар?

Жооп: 1. Оозду эртерээк ачуу.

2. Саарлык (ооз жабуу) жана аны кечиктирүү.

3. Жакшы амалдарды жана ибадаттарды көбөйтүү.

4. Орозо туткан адамды бирөө сөксө: "Мен орозомун" деп айтуу.

5. Ооз ачарда дуба кылуу.

6. Жаңы курма менен же кургатылган курма менен ооз ачуу, эгер алар жок болсо, анда суу менен ачуу.

43-суроо: Ажылык деген эмне?

Жооп: Ажылык: Бул белгилүү убакта, белгилүү амалдарды аткаруу үчүн Аллахтын Ыйык Үйүн (Каабаны) максат кылып баруу аркылуу Аллах Таалага аткарылчу ибадат.

Аллах Таала айтты:

﴿...وَلِلَّهِ عَلَى ٱلنَّاسِ حِجُّ ٱلۡبَيۡتِ مَنِ ٱسۡتَطَاعَ إِلَيۡهِ سَبِيلٗاۚ وَمَن كَفَرَ فَإِنَّ ٱللَّهَ

غَنِيٌّ عَنِ ٱلۡعَٰلَمِينَ﴾

"Аллах үчүн ошол (Ыйык) Үйгө ажылык кылуу милдети бар. (Бирок, ар кимге эмес) жолго (материалдык жана денелик) кудурети жеткендерге гана. Ал эми, ким каапыр болсо, Аллах ааламдардан Беймуктаж".

(Аалу Имран сүрөсү, 97-аят).

44-суроо: Ажылыктын рүкүндөрү (парздары) кайсылар?

Жооп: 1. Ихрамга кирүү.

2. Арафатта туруу.

3. Ифада тавафын аткаруу.

4. Сафа жана Марванын ортосунда ары-бери басуу.

45-суроо: Ажылыктын артыкчылыгы эмне?

Жооп: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум:

«مَنْ حَجَّ لِلَّهِ فَلَمْ يَرْفُثْ وَلَمْ يَفْسُقْ؛ رَجَعَ كَيَوْمِ وَلَدَتْهُ أُمُّهُ»

«Кимде-ким Аллах үчүн аялы менен жыныстык катнаш кылбай жана бузукулук иштерди кылбай ажылык кылса, анда ал энеден төрөлгөндөй күнөөлөрүнөн таза болуп кайтат».

Бухари жана башкалар риваят кылган.

«Энеси төрөгөн күндөгүдөй» дегени, таза, күнөөсүз деген мааниде.

46-суроо: Умра деген эмне?

Жооп: Умра: Каалаган жыл мезгилинде белгилүү амалдарды аткаруу үчүн Аллахтын Ыйык Үйүн (Каабаны) максат кылып, Аллах Таалага ибадат кылуу.

47-суроо: Умранын (рүкүндөрү) парздары кайсылар?

Жооп: 1. Ихрамга кирүү.

2. Каабаны таваф кылуу.

3. Сафа жана Марванын ортосунда ары-бери басуу.

48-суроо: Аллах жолундагы жихад деген эмне?

Жооп: Исламды жайылтуу, аны жана мусулмандарды коргоо, же Исламдын жана мусулмандардын душманы менен согушуу үчүн күч-аракетти жана мүмкүнчүлүктү жумшоо.

Аллах Таала айтты:

﴿...وَجَاهِدُوا بِأَمْوَالِكُمْ وَأَنْفُسِكُمْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ ذَلِكُمْ خَيْرٌ لَكُمْ إِنْ كُنْتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

"Аллахтын жолунда малыңар, жаныңар менен жихад кылгыла! Эгер билсеңер, бул өзүңөргө жакшы".

(Тообо сүрөсү, 41-аят).

***

"Пайгамбардын өмүр жолу" бөлүмү

"Пайгамбардын өмүр жолу" илими:

Пайгамбардын өмүр жолу: Бул, пайгамбарыбыз Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төрөлгөнүнөн баштап, дүйнөдөн кайтканга чейинки жашоосун изилдеген илим.

1-суроо: Биздин пайгамбарыбыз Мухаммеддин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ата теги кандай?

Ал – Мухаммед ибн Абдуллах ибн Абдулмутталиб ибн Хашим. Хашим Курайш уруусунан, Курайш арабдардан, арабдар Исмаилдин урпагынан, ал эми Исмаил Ибрахимдин уулу. Ага жана биздин Пайгамбарыбызга эң абзел салам-салаваттар болсун.

2-суроо: Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) энесинин аты ким?

Жооп: Амина бинт Вахб .

3-суроо: Атасы качан кайтыш болгон?

Жооп: Анын атасы (Абдуллах) Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) али төрөлө электе, апасынын курсагында түйүлдүк кезинде эле Мединада дүйнөдөн кайткан.

4-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) качан туулган?

Жооп: Пил жылында, "Рабиуль-аввал" айынын Дүйшөмбү күнү.

5-суроо: Кайсы жерде туулган?

Жооп: Меккеде.

6-суроо: Анын апасынан башка эмизген жана баккандар кимдер?

Жооп: Атасынын азат кылган күңү Умму Айман.

Агасы Абу Лахабдын кызматчысы Сувайба.

Халима ас-Саьдия.

7-суроо: Анын энеси качан дүйнөдөн кайткан?

Жооп: Ал алты жашында энеси кайтыш болуп, аны чоң атасы Абдулмутталиб камкордугуна алган.

8-суроо: Чоң атасы Абдулмутталиб кайтыш болгондон кийин аны ким карамагына алган?

Жооп: Анын чоң атасы Абдулмутталиб ал сегиз жашында кайтыш болуп, аны абасы Абу Талиб өз карамагына алган.

9-суроо: Ал абасы менен Шамга качан сапарга чыккан?

Жооп: Он эки жашында абасы менен

Шамга сапар кылган.

10-суроо: Анын экинчи сапары качан болгон?

Жооп: Анын экинчи сапары Хадижанын мал-мүлкү менен соода кылуу үчүн болгон. Кайтып келгенден кийин, жыйырма беш жашында Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага үйлөнгөн.

11-суроо: Курайш уруусу Каабаны качан кайра курган?

Жооп: Курайш уруусу Каабаны кайра курганда, анын жашы отуз беште эле.

Алар Кара ташты ордуна ким коёт деп пикир келишпестикке барганда, пайгамбарыбызды өкүмдар кылышкан. Ал кара ташты бир кездеменин үстүнө коюп, төрт уруунун ар бирине кездеменин бир бурчунан кармоону буйруп, алар аны ордуна чейин көтөрүп барышкан. Анан ал өз колу менен кара ташты ордуна алып койгон.

12-суроо: Пайгамбар болуп жиберилген күнү ал канча жашта эле? Ал кимдерге пайгамбар болуп жиберилди?

Жооп: Ал кырк жашка толгондо, бардык адамдарга сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү кылып жиберилген.

13-суроо: Аян-кабар эмнеден башталган?

Жооп: Чыныгы түштөрдү көрүү менен башталган. Ал кандай гана түш көрсө, ал таңдын атышындай айкын келчү.

14-суроо: Аян-кабар түшкөнгө чейин анын абалы кандай болгон жана ага биринчи жолу качан аян-кабар түшкөн?

Жооп: Хира үңкүрүндө Аллахка сыйынчу жана ошол үчүн азык камданчу.

Ал үңкүрдө ибадат кылып жатканда аян-кабар түштү.

15-суроо: Ага Курандын кайсы аяттары биринчи түшүрүлгөн?

Жооп: Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

﴿ٱقۡرَأۡ بِٱسۡمِ رَبِّكَ ٱلَّذِي خَلَقَ ۝١ خَلَقَ ٱلۡإِنسَٰنَ مِنۡ عَلَقٍ ۝٢ ٱقۡرَأۡ وَرَبُّكَ ٱلۡأَكۡرَمُ ۝٣ ٱلَّذِي عَلَّمَ بِٱلۡقَلَمِ ۝٤ عَلَّمَ ٱلۡإِنسَٰنَ مَا لَمۡ يَعۡلَمۡ ۝٥﴾

"Оку, Жараткан Раббиңдин ысымы менен!"

"Ал инсанды уюган кандан жаратты".

"Оку, сенин Раббиң эң улук Зат!"

"Ал инсанга калем менен (жазууну) үйрөттү".

"Инсанга билбегенин (Куранды жана башка илимдерди) билгизди".

(Алак сүрөсү, 1-5-аяттар).

16-суроо: Анын пайгамбарлыгына эң биринчи ким ыйман келтирген?

Жооп: Эркектерден: Абу Бакр Сыддык (Аллах андан ыраазы болсун).

Аялдардан: Хадижа бинт Хувайлид (Аллах андан ыраазы болсун).

Жаш балдардан: Али бин Абу Талиб.

Ал эми кызматчылардан: Зайд бин Хариса.

Кулдардан: Билал Хабаши (Аллах алардан ыраазы болсун).

17-суроо: Исламга чакыруу кантип башталган?

Жооп: Чакыруу үч жылга жакын жашыруун болгон. Андан кийин пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ачык чакырууга буйрулган.

18-суроо: Чакырыкты ачык жарыялагандан кийин Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана ага ыйман келтиргендердин абалы кандай болгон?

Жооп: Мушриктер ага жана мусулмандарга ашыкча зыян бергендиктен, мусулмандарга Эфиопиядагы Нажашиге көчүүгө уруксат берилген.

Мушриктер Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) зыян келтирип, аны өлтүрүүгө бир добуштан келишишкен. Ошондо Аллах аны коргоп, алардан сактоо үчүн агасы Абу Талиб аркылуу калкалады.

19-суроо: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарчылыгынын онунчу жылында ким каза болгон?

Жооп: Агасы Абу Талиб жана аялы Хадижа (Аллах андан ыраазы болсун) кайтыш болгон.

20-суроо: Исра жана Мираж качан болгон?

Жооп: Бул окуя болгондо пайгамбарыбыз элүү жашта эле. Ага беш убак намаз парз кылынган.

Исра: Харам мечитинен Акса мечитине түнкү сапар.

Мираж: Акса мечитинен асманга, Сидратул-Мунтахага чейин көтөрүлүү.

21-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Меккеден сырткары адамдарды кантип (Исламга) чакырган?

Жооп: Ал Таиф элин (Исламга) чакырып жатты жана ажылык мезгилдеринде, адамдар топтолгон жерлерде өзүн (пайгамбарлыгын) тааныштырып жүрдү. Акыры Мединалык ансарлар келип, Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман келтиришти жана аны коргоп, жардам берүүгө ант (байъат) беришти.

22-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Меккеде канча жыл Аллахтын динине чакырды?

Жооп: Он үч жыл.

23-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайда көчүп, хижрат кылган?

Жооп: Мекке шаарынан Медина шаарына.

24-суроо: Мединада канча жыл жашады?

Жооп: Он жыл.

25-суроо: Мединада ага Исламдын шарият өкүмдөрүнөн эмнелер парз кылынды?

Жооп: Ага зекет, орозо, ажылык, жихад, азан жана башка Ислам шарияттары парз кылынды.

26-суроо: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эң маанилүү казаттары кайсылар?

Жооп: Чоң Бадр казаты. Бул казат хижранын экинчи жылында болгон.

Ухуд казаты, хижранын үчүнчү жылында

болгон.

Ахзаб казаты, хижранын бешинчи жылында болгон.

Меккенин алынышы казаты, хижранын сегизинчи жылында болгон.

27-суроо: Курандын эң акыркы түшкөн аяты кайсы?

Жооп: Аллах Тааланын төмөнкү аяты:

﴿وَٱتَّقُواْ يَوۡمٗا تُرۡجَعُونَ فِيهِ إِلَى ٱللَّهِۖ ثُمَّ تُوَفَّىٰ كُلُّ نَفۡسٖ مَّا كَسَبَتۡ وَهُمۡ لَا يُظۡلَمُونَ ٢٨١﴾

"Аллахка кайтарыла турган күнүңөрдөн (Кыяматтан) корккула! Кийин ар бир жан ээси өзүнүн ишине жараша толук (кайрымжысын) алат жана аларга зулум кылынбайт".

(Бакара сүрөсү, 281-аят).

28-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) качан жана канча жашында каза болгон?

Жооп: Ал хижранын он биринчи жылы,

Рабиул-Аввал айында, алтымыш үч жаш курагында дүйнөдөн өткөн.

29-суроо: Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдарын атап бериңиз.

Жооп: 1. Хадижа бинт Хувайлид (Аллах андан ыраазы болсун).

2. Сауда бинт Замаъа (Аллах андан ыраазы болсун)

3. Айша бинт Аби Бакр Сыддык (Аллах андан ыраазы болсун).

4. Хафса бинт Умар (Аллах андан ыраазы болсун).

5. Зайнаб бинт Хузайма (Аллах андан ыраазы болсун).

6. Умму Салама Хинд бинт Аби Умайя (Аллах андан ыраазы болсун).

7. Умму Хабиба Рамла бинт Аби Суфян (Аллах андан ыраазы болсун).

8. Жувайрия бинт ал-Харис (Аллах андан ыраазы болсун).

9. Маймуна бинт ал-Харис (Аллах андан ыраазы болсун).

10. Сафия бинт Хуйай (Аллах андан ыраазы болсун).

11. Зайнаб бинт Жахш (Аллах андан ыраазы болсун).

30-суроо: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) балдары кимдер?

Жооп: Уул балдары үчөө. Алар:

Касым, пайгамбар ушул баласынын ысымы менен (Абу Касым) деп куняланган (лакап ат алган).

Абдуллах.

Ибрахим.

Кыз балдары төртөө. Алар:

Фатима.

Рукая.

Умму Кулсум.

Зайнаб.

Анын бардык перзенттери Хадижадан болгон. Бир гана Ибрахим Мария Кыбтиядан эле. Алардын ичинен Фатимадан башкасы баары андан мурун каза болгон. Фатима пайгамбар өткөндөн алты айдан кийин каза болгон.

31-суроо: Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келбетинин кээ бир сыпаттарын атап бериңиз?

Жооп: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) бою узун да эмес, кыска да эмес, орто бойлуу болгон. Жүзүнө кызыл жүгүргөн ак жүздүү киши эле. Сакалы жыш, көздөрү бакырайган, оозу чоң, чачы капкара, кең далылуу, жыты аңкыган жагымдуу, жана башка ушул сыяктуу көркөм келбетке ээ эле.

32-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүн эмненин үстүндө калтырып кетти?

Жооп: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өз үммөтүн түнү күндүзүндөй жарык болгон акыйкат жолдо калтырды. Андан зыянга учураган адамдан башка эч ким адашпайт. Ал үммөтүнө көрсөтпөгөн жакшылык, эскертпеген жамандык калган жок.

***

Тафсир бөлүмү.

Тафсир илими:

Тафсир: Бул ишенимдердеги (акыйда), ибадаттардагы, өз ара мамилелердеги, адеп-ахлактагы, адал жана арамдагы, буйруктыйуулардагы жана башка тармактардагы туура жолду камтыган Ыйык Куран аяттарынын маанилерин билүү илими.

Эскертүү: Бул бөлүм аяттарды жаттоо жана маанилерин түшүнүүгө арналган.

1-суроо: Фатиха сүрөсүн окуп, аны чечмелеп бериңиз.

Жооп: Фатиха сүрөсү жана анын тафсири:

﴿بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ١ ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ٢ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ٣ مَٰلِكِ يَوۡمِ ٱلدِّينِ ٤ إِيَّاكَ نَعۡبُدُ وَإِيَّاكَ نَسۡتَعِينُ ٥ ٱهۡدِنَا ٱلصِّرَٰطَ ٱلۡمُسۡتَقِيمَ ٦ صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ أَنۡعَمۡتَ عَلَيۡهِمۡ غَيۡرِ ٱلۡمَغۡضُوبِ عَلَيۡهِمۡ وَلَا ٱلضَّآلِّينَ ٧﴾

"Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын)".

"Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоолор болсун!"

"Ал - Ырайымдуу, Мээримдүү".

"Кыямат Күндүн падышасы".

"Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!"

"(О, Жараткан!) Бизди туура жолго баштагын!"

"Өзүң жакшылык берген адамдардын жолуна (баштагын). Каарыңа учурагандардын жана адашкандардын жолуна эмес".

(Фатиха сүрөсү, 1-7-аяттар).

Тафсир (чечмелөө):

Аллахтын китеби Фатиха сүрөсү менен башталгандыктан, ал "Фатиха" (ачуучу) деп аталган.

﴿بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ۝١﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

Аллахтын ысымы менен, Андан жардам сурап жана Анын ысымын эскерүү менен береке тилеп, Куран окууну баштаймын.

- ﴿ ٱللَّهِ ﴾ аи:

Аллах, ал:

Аллах – чыныгы ибадатка татыктуу зат жана Андан башка эч ким мындай (Аллах деген) ысым менен аталбайт.

﴿ٱلرَّحۡمَٰنُ﴾

Рахман:

Ал – чексиз ырайым ээси, Анын ырайымы бардык нерсени өз ичине камтыйт.

﴿ٱلرَّحِيمِ﴾

Рахиим, Ырайымдуу:

Ыймандууларга ырайым кылуучу (өзгөчө мээрим ээси).

﴿ٱلۡحَمۡدُ لِلَّهِ رَبِّ ٱلۡعَٰلَمِينَ ۝٢﴾

Ааламдардын Раббиси – Аллахка алкыш-мактоолор болсун!

Башкача айтканда: Мактоонун жана кемелдиктин бардык түрлөрү жалгыз гана Аллахка таандык.

﴿ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ٣﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү

Ал – бардык нерсени өз ичине камтыган кенен мээримдин ээси жана ыймандууларга гана жетүүчү өзгөчө ырайымдын ээси.

﴿مَٰلِكِ يَوۡمِ ٱلدِّينِ ٤﴾

Кыямат күндүн падышасы.

Явмуд-дин дегени – Кыямат күнү.

﴿إِيَّاكَ نَعۡبُدُ وَإِيَّاكَ نَسۡتَعِينُ ٥﴾

Жалгыз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз!

Маани си: Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз.

﴿ٱهۡدِنَا ٱلصِّرَٰطَ ٱلۡمُسۡتَقِيمَ ٦﴾

(О, Жараткан!) Бизди туура жолго баштагын!

Туура жол дегени - Ислам жана Сүннөт жолуна багыттоо.

﴿صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ أَنۡعَمۡتَ عَلَيۡهِمۡ غَيۡرِ ٱلۡمَغۡضُوبِ عَلَيۡهِمۡ وَلَا ٱلضَّآلِّينَ ٧﴾

Өзүң жакшылык берген адамдардын

жолуна (баштагын). Каарыңа учурагандардын жана адашкандардын жолуна эмес.

Мааниси: пайгамбарлар жана аларга ээрчигендер сыяктуу Аллахтын саалих пенделеринин жолуна башта. Христиандар менен жөөттөрдүн жолуна эмес.

Фатиханы окугандан кийин "Аамин" деп айтуу сүннөт. Мааниси: Биздин дубаны кабыл кыл.

2-суроо: "Залзала" сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: "Залзала" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿إِذَا زُلْزِلَتِ ٱلْأَرْضُ زِلْزَالَهَا ۝١ وَأَخْرَجَتِ ٱلْأَرْضُ أَثْقَالَهَا ۝٢ وَقَالَ ٱلْإِنسَٰنُ مَالَهَا ۝٣ يَوْمَئِذٍ تُحَدِّثُ أَخْبَارَهَا ۝٤ بِأَنَّ رَبَّكَ أَوْحَىٰ لَهَا ۝٥ يَوْمَئِذٍ يَصْدُرُ ٱلنَّاسُ أَشْتَاتًا لِّيُرَوْا۟ أَعْمَٰلَهُمْ ۝٦ فَمَن يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ خَيْرًا يَرَهُۥ ۝٧ وَمَن يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ شَرًّا يَرَهُۥ ۝٨﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Жер катуу титирегенде,

жана өзүнүн “жүктөрүн” чыгарып таштаганда…"

"Инсан (коркуп жана таң калып) “буга эмне болду?!” дейт".

"Ошол Күндө жер өз кабарларын сүйлөйт".

"Анткени, ага Раббиң (“сүйлө!” деп) вахий кылган".

"Ал Күнү адамдар амалдары көргөзүлүшү үчүн топ-топ болуп келишет".

"Ким кыпын салмагындай жакшылык кылган болсо – аны көрөт".

"... жана ким кыпын салмагындай жамандык жасаган болсо – ошону көрөт".

(Залзала сүрөсү, 1-8-аяттар).

Тафсир (чечмелөө):

﴿إِذَا زُلۡزِلَتِ ٱلۡأَرۡضُ زِلۡزَالَهَا ۝١﴾

1. Жер катуу титирегенде:

Кыямат күнү Жер силкинип, катуу

титиреген учурда,

﴿وَأَخۡرَجَتِ ٱلۡأَرۡضُ أَثۡقَالَهَا ۝٢﴾

2. жана өзүнүн “жүктөрүн” чыгарып таштаганда…

Жер өз ичиндеги өлүктөрдү жана башка нерселерди (кен байлык) сыртка чыгарат.

﴿وَقَالَ ٱلۡإِنسَٰنُ مَا لَهَا ۝٣﴾

3. Инсан (коркуп жана таң калып) “Буга эмне болду?!” дейт.

Инсан дендароо болуп: «Жерге эмне болгон, титиреп, силкилдеп жатат?» – дейт.

﴿يَوۡمَئِذٖ تُحَدِّثُ أَخۡبَارَهَا ۝٤﴾

4. Ошол Күндө жер өз кабарларын сүйлөйт.

Ошол Улуу күндө жер анын үстүндө кылынган жакшылыктар жана жамандыктар жөнүндө кабар берет.

﴿بِأَنَّ رَبَّكَ أَوۡحَىٰ لَهَا ۝٥﴾

5. Анткени, ага Раббиң (“сүйлө!” деп) вахий кылган.

Анткени жерге Аллах аны билдирип, аны айтууга буйруйт.

﴿يَوۡمَئِذٖ يَصۡدُرُ ٱلنَّاسُ أَشۡتَاتٗا لِّيُرَوۡاْ أَعۡمَٰلَهُمۡ ۝٦﴾

6. Ал Күнү адамдар амалдары көргөзүлүшү үчүн топ-топ болуп келишет.

Ошол жер силкинген Кыямат күндө адамдар дүйнөдө кылган иш-аракеттерин көрүү үчүн топ-топ болуп сурак майданынан чыгышат.

﴿فَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٍ خَيۡرٗا يَرَهُۥ ۝٧﴾

7. Жана ким кыпын салмагындай жакшылык кылган болсо, аны көрөт.

Кимде-ким кичинекей кумурсканын салмагындай жакшылык иштерди кылса, аны бет алдынан аны көрөт.

﴿وَمَن يَعۡمَلۡ مِثۡقَالَ ذَرَّةٖ شَرّٗا يَرَهُۥ ۝٨﴾

8. жана ким кыпын салмагындай жамандык жасаган болсо – ошону көрөт.

Кимде-ким кумурсканын салмагындай

жамандык иш кылса, бет алдынан аны көрөт.

3-суроо: "Аадият" сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: "Аадият" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿وَٱلۡعَٰدِيَٰتِ ضَبۡحٗا ١ فَٱلۡمُورِيَٰتِ قَدۡحٗا ٢ فَٱلۡمُغِيرَٰتِ صُبۡحٗا ٣ فَأَثَرۡنَ بِهِۦ نَقۡعٗا ٤ فَوَسَطۡنَ بِهِۦ جَمۡعًا ٥ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لِرَبِّهِۦ لَكَنُودٞ ٦ وَإِنَّهُۥ عَلَىٰ ذَٰلِكَ لَشَهِيدٞ ٧ وَإِنَّهُۥ لِحُبِّ ٱلۡخَيۡرِ لَشَدِيدٌ ٨ أَفَلَا يَعۡلَمُ إِذَا بُعۡثِرَ مَا فِي ٱلۡقُبُورِ ٩ وَحُصِّلَ مَا فِي ٱلصُّدُورِ ١٠ إِنَّ رَبَّهُم بِهِمۡ يَوۡمَئِذٖ لَّخَبِيرٌ ١١﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

1. "Алкынып чуркаган тулпарларга ант!"

2. "(Туягынан) от чачырата чуркаган аттарга ант!"

3. "Таң азанда (душманга) чабуул койгон аттарга ант!"

4. "Ошондо алар (чабуулу менен) топуракты ызгытты".

5. "Андан соң (душман) топторунун

ортосуна жарып кирди".

6. "Инсан деген аныгында, Раббисине нашүкүр!"

7. "Буга анын өзү деле күбө!"

8. "Ал байлыкты катуу сүйөт!"

9. "Билбейби ал мүрзөдөгү өлүктөр чыгарылганда…"

10. "Көкүрөктөгү сырлар ашкере кылынганда..."

11. "Ошол Күнү Раббиси алардан кабардар го?!"

(Аадият сүрөсү, 1-11-аяттар).

Тафсир:

﴿وَٱلۡعَٰدِيَٰتِ ضَبۡحٗا ١﴾

1. Алкынып чуркаган тулпарларга ант!

Аллах Таала катуу чуркаганда дем алганы күшүлдөп угулган тулпарлар менен ант берди.

﴿فَٱلۡمُورِيَٰتِ قَدۡحٗا ٢﴾

2. (Туягынан) от чачырата чуркаган аттарга ант!

Жана туяктары ташка катуу тийгендиктен туягынан от чачырап кеткен тулпарлар менен ант берди.

﴿فَٱلۡمُغِيرَٰتِ صُبۡحٗا ٣﴾

3. Таң азанда (душманга) чабуул койгон аттарга ант!

Жана таң заарда душманга чабуул койгон тулпарлар менен ант берди.

﴿فَأَثَرۡنَ بِهِۦ نَقۡعٗا ٤﴾

4. Ошондо алар (чабуулу менен) топуракты ызгытты.

Алар катуу чуркаганда асманга чаңды сапырып жиберишти.

﴿فَوَسَطۡنَ بِهِۦ جَمۡعًا ٥﴾

5. Андан соң (душман) топторунун ортосуна жарып кирди.

Андан соң атчандар душмандын жоон тобун жарып киришти.

﴿إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لِرَبِّهِۦ لَكَنُودٞ ٦﴾

6. Инсан деген аныгында, Раббисине нашүкүр!

Чынында, инсан Раббиси ага каалаган жакшылыктан баш тартуучу.

﴿وَإِنَّهُۥ عَلَىٰ ذَٰلِكَ لَشَهِيدٌ ۝٧﴾

7. Буга анын өзү деле күбө!

Ал жакшылыктан баш тартканына өзү күбө. Ал ачык-айкын болгондуктан аны тана албайт.

﴿وَإِنَّهُۥ لِحُبِّ ٱلْخَيْرِ لَشَدِيدٌ ۝٨﴾

8. Ал байлыкты катуу сүйөт!

Ал байлыкты ашыкча сүйгөнү үчүн сараңдык кылат.

﴿أَفَلَا يَعْلَمُ إِذَا بُعْثِرَ مَا فِى ٱلْقُبُورِ ۝٩﴾

9. Билбейби ал мүрзөдөгү өлүктөр чыгарылганда…

Бул дүйнө жашоосуна алданган адам, эгер Аллах өлүктөрдү кабырлардан тирилтип, аларды сурак, сыйлык жана жаза үчүн жерден чыгарганда абал ал ойлогондой болбосун билбейби?

﴿وَحُصِّلَ مَا فِي ٱلصُّدُورِ ١٠﴾

10. Көкүрөктөгү сырлар ашкере кылынганда…

Жүрөктөрдөгү ниеттер, ишенимдер жана башка нерселер ачыкка чыгып, баян кылынганда.

﴿إِنَّ رَبَّهُم بِهِمْ يَوْمَئِذٍ لَّخَبِيرٌ ١١﴾

11. Ошол Күнү Раббиси алардан кабардар го?!

Чынында, алардын Раббиси ал күнү алардан кабардар. Пенделеринин эч бир иши Ага жашыруун эмес. Жакында аларга анын сыйлыгын же жазасын берет.

4-суроо: Коориа сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: Коориа сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿ٱلْقَارِعَةُ ١ مَا ٱلْقَارِعَةُ ٢ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَا ٱلْقَارِعَةُ ٣ يَوْمَ يَكُونُ ٱلنَّاسُ كَٱلْفَرَاشِ ٱلْمَبْثُوثِ ٤ وَتَكُونُ ٱلْجِبَالُ كَٱلْعِهْنِ ٱلْمَنفُوشِ ٥ فَأَمَّا مَن ثَقُلَتْ مَوَٰزِينُهُۥ ٦ فَهُوَ فِي عِيشَةٍ رَّاضِيَةٍ ٧ وَأَمَّا مَنْ خَفَّتْ مَوَٰزِينُهُۥ ٨ فَأُمُّهُۥ هَاوِيَةٌ ٩ وَمَآ أَدْرَىٰكَ مَاهِيَهْ ١٠ نَارٌ حَامِيَةٌۢ ١١﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Кооpиа!"

"Кориьа деген өзү эмне?!"

"(О Мухаммад!) Сен Кооpиа эмне экенин билбейсиң!"

"Ал күндө адамдар тозуп кеткен (түңкү) көпөлөктөр сыяктуу болуп (дүрбөлөңгө түшүп) калат".

"Тоолор тытылган жүн сыяктуу болот!"

"Эми, (ал күндө) кимдин (сооп) таразасы оор келсе,

Анан ал өзү ыраазы болгон жашоодо болот"

"Ал эми, кимдин (сооп) таразасы жеңил келсе,

анын энеси – «Хаавия!"

"(О Мухаммад) сен «Хаавия» эмне экенин билбейсиң".

"Ал – катуу кызытылган тозок!"

(Кооpиа сүрөсү, 1-11-аяттар).

Түшүндүрмө:

﴿ٱلۡقَارِعَةُ ۝١﴾

1. "Кориьа!"

Катуу коркунучу менен адамдардын жүрөк үшүн алган кыямат сааты.

﴿مَا ٱلۡقَارِعَةُ ۝٢﴾

2. "Кориьа деген өзү эмне?!"

Өз коркунучу менен адамдардын жүрөк үшүн алган бул кыямат сааты деген эмне?

﴿وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡقَارِعَةُ ۝٣﴾

3. "(О Мухаммад!) Сен Кооpиа эмне экенин билбейсиң!"

О, пайгамбар! Өз коркунучу менен адамдардын жүрөк үшүн алган бул кыямат саатын сен кайдан билмек элең? Чынында ал – Кыямат күн.

﴿يَوۡمَ يَكُونُ ٱلنَّاسُ كَٱلۡفَرَاشِ ٱلۡمَبۡثُوثِ ۝٤﴾

4. "Ал күндө адамдар тозуп кеткен (түңкү) көпөлөктөр сыяктуу болуп

(дүрбөлөңгө түшүп) калат".

Адамдардын жүрөк үшүн алган күндө алар чар тарапка чачыраган көпөлөктөр сыяктуу болуп калышат.

﴿وَتَكُونُ ٱلۡجِبَالُ كَٱلۡعِهۡنِ ٱلۡمَنفُوشِ ٥﴾

5. "Тоолор тытылган жүн сыяктуу болот!"

Тоолор тез жүрүп, катуу кыймылдагандыктан тытылган жүн сыяктуу болуп быркырап кетет.

﴿فَأَمَّا مَن ثَقُلَتۡ مَوَٰزِينُهُۥ ٦﴾

6. "Эми, (ал күндө) кимдин (сооп) таразасы оор келсе,

Кимдин жакшылык иштери жамандык иштеринен басымдуу болсо,

﴿فَهُوَ فِي عِيشَةٖ رَّاضِيَةٖ ٧﴾

7. "Анан ал өзү ыраазы болгон жашоодо болот"

Ал бейиштеги өзү ыраазы болгон жашоодо болот.

﴿وَأَمَّا مَنۡ خَفَّتۡ مَوَٰزِينُهُۥ ٨﴾

8. "Ал эми, кимдин (сооп) таразасы жеңил келсе,

Ал эми кимдин жамандык иштери жакшылык иштеринен басымдуу болсо,

﴿فَأُمُّهُۥ هَاوِيَةٌ ۹﴾

9. "Анын энеси – «Хаавия!»

Анда анын кыямат күндөгү турак жайы тозок болот.

﴿وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَاهِيَهۡ ۱۰﴾

10. "(О Мухаммад) сен «Хаавия» эмне экенин билбейсиң".

О, пайгамбар! Ал эмне экенин сен кандай билмек элең?

﴿نَارٌ حَامِيَةُۢ ۱۱﴾

11. "Ал – катуу кызытылган тозок!"

Ал – абдан ысык тозок оту.

5-суроо: "Такаасур" сүрөсүн окуп, чечмелеп бериңиз.

Жооп: "Такаасур" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿أَلۡهَىٰكُمُ ٱلتَّكَاثُرُ ١ حَتَّىٰ زُرۡتُمُ ٱلۡمَقَابِرَ ٢ كَلَّا سَوۡفَ تَعۡلَمُونَ ٣ ثُمَّ كَلَّا سَوۡفَ تَعۡلَمُونَ ٤ كَلَّا لَوۡ تَعۡلَمُونَ عِلۡمَ ٱلۡيَقِينِ ٥ لَتَرَوُنَّ ٱلۡجَحِيمَ ٦ ثُمَّ لَتَرَوُنَّهَا عَيۡنَ ٱلۡيَقِينِ ٧ ثُمَّ لَتُسۡـَٔلُنَّ يَوۡمَئِذٍ عَنِ ٱلنَّعِيمِ ٨﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(Дүйнө, бала-чака) көбөйтүү (жана аны менен сыймыктануу) силерди (ибадаттан) алаксытып койду!"

"Тээ мүрзөгө келгениңерге чейин".

"Жок! (Өмүр деген дүйнөгө кул болуу үчүн берилген эмес!) Силер (муну) жакында билип аласыңар!"

"Дагы бир ирет жок! Силер жакында (Кыяматтагы сот-сурак учурунда) билип аласыңар!"

"Андай эмес, Эгер силер (чындыкты ушул дүйнөдө) анык билгениңерде (дүйнөгө кул болбойт элеңер)".

"(Эми) тозокту көрүшүңөр анык!"

"Анан аны албетте өз көзүңөр менен көрөсүңөр!"

"Андан соң, ошол күнү (Аллах аманатка берген) нээматтар жөнүндө албетте сураласыңар!"

(Такаасур сүрөсү, 1-8-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿أَلۡهَىٰكُمُ ٱلتَّكَاثُرُ ١﴾

1. "(Дүйнө, бала-чака) көбөйтүү (жана аны менен сыймыктануу) силерди (ибадаттан) алаксытып койду!"

О адамдар! Мал-мүлк жана бала-чака менен алек болуп мактануу силерди Аллахка моюн сунуудан алаксытып койду.

﴿حَتَّىٰ زُرۡتُمُ ٱلۡمَقَابِرَ ٢﴾

2. "Тээ мүрзөгө келгениңерге чейин".

Силер өлүп, кабырга киргенге чейин ушундай.

﴿كَلَّا سَوۡفَ تَعۡلَمُونَ ٣﴾

3. "Жок! (Өмүр деген дүйнөгө кул болуу үчүн берилген эмес!) Силер (муну) жакында билип аласыңар!"

Байлык, бала-чака менен мактануу

Аллахка моюн сунуудан силерди алаксытпаш керек болчу. Силер ошол алек болгонуңардын акыбетин жакында билесиңер.

﴿ثُمَّ كَلَّا سَوۡفَ تَعۡلَمُونَ ٤﴾

4. "Дагы бир ирет жок! Силер жакында (Кыяматтагы сот-сурак учурунда) билип аласыңар!"

Кийин анын акыбетин дагы билесиңер.

﴿كَلَّا لَوۡ تَعۡلَمُونَ عِلۡمَ ٱلۡيَقِينِ ٥﴾

5. "Андай эмес, Эгер силер (чындыкты ушул дүйнөдө) анык билгениңерде (дүйнөгө кул болбойт элеңер)."

Чынында, силер Аллахка тирилип барарыңарды жана иш-аракеттериңердин сыйлыгын же жазасын аларыңарды чындап билгениңерде, анда силер мал-мүлк жана бала-чаканы айтып мактануу менен алек болбойт элеңер.

﴿لَتَرَوُنَّ ٱلۡجَحِيمَ ٦﴾

6. "(Эми) тозокту көрүшүңөр анык!"

Аллахка ант болсун! Силер кыямат күнү тозокту сөзсүз көрөсүңөр.

﴿ثُمَّ لَتَرَوُنَّهَا عَيۡنَ ٱلۡيَقِينِ ٧﴾

7. "Анан аны албетте өз көзүңөр менен көрөсүңөр!"

Андан соң силер аны эч кандай шек-күмөнү жок анык көрөсүңөр.

﴿ثُمَّ لَتُسۡـَٔلُنَّ يَوۡمَئِذٍ عَنِ ٱلنَّعِيمِ﴾

8. "Андан соң, ошол күнү (Аллах аманатка берген) нээматтар жөнүндө албетте сураласыңар!"

Андан соң ал күнү Аллах силерге берген ден-соолук, байлык жана башка жакшылыктар тууралуу сөзсүз сурак алат.

6-суроо: "Аср" сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: "Аср" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿وَٱلۡعَصۡرِ ١ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لَفِي خُسۡرٍ ٢ إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡحَقِّ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلصَّبۡرِ ٣﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Асырга ант!"

"Албетте, (ар бир) инсан зыянда!"

"Ал эми, ыйман келтирген, салих (сооп) амалдарды жасаган жана бири-бирине акыйкаттык менен сабырдуулукту осуят (насаат) кылгандар гана (зыянда эмес)".

(Аср сүрөсү, 1-3-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿وَٱلۡعَصۡرِ ۝١﴾

1. "Асырга ант!"

Аллах Таала заман менен ант берди.

﴿إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ لَفِي خُسۡرٍ ۝٢﴾

2. "Албетте, (ар бир) инсан зыянда!"

Башкача айтканда, ар бир инсан кемчиликтүү жана кыйроодо (кемийт жана зыян тартат).

﴿إِلَّا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلۡحَقِّ وَتَوَاصَوۡاْ بِٱلصَّبۡرِ ٣﴾

3. "Ал эми, ыйман келтирген, салих (сооп) амалдарды жасаган жана бири-бирине акыйкаттык менен сабырдуулукту осуят (насаат) кылгандар гана (зыянда эмес)".

Бирок ыйман келтирип, жакшылык иштерди кылгандар, акыйкатка чакырып, ага сабыр кылгандар, мына ушулар гана зыяндан аман калышат.

7-суроо: "Хумаза" сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: "Хумаза" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿وَيۡلٞ لِّكُلِّ هُمَزَةٖ لُّمَزَةٍ ١ ٱلَّذِي جَمَعَ مَالٗا وَعَدَّدَهُۥ ٢ يَحۡسَبُ أَنَّ مَالَهُۥٓ أَخۡلَدَهُۥ ٣ كَلَّاۖ لَيُنۢبَذَنَّ فِي ٱلۡحُطَمَةِ ٤ وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡحُطَمَةُ ٥ نَارُ ٱللَّهِ ٱلۡمُوقَدَةُ ٦ ٱلَّتِي تَطَّلِعُ عَلَى ٱلۡأَفۡـِٔدَةِ ٧ إِنَّهَا عَلَيۡهِم مُّؤۡصَدَةٞ ٨ فِي عَمَدٖ مُّمَدَّدَةِۭ ٩﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Адамдарды кылыгы жана тили

менен шылдыңдаган бардык шылдыңчыга азап-тозок болсун!"

"Ал мал-мүлктү (адал-арамына карабай) чогултту жана эсептеди".

"Дүйнө-мүлкү аны түбөлүк жашатат деп ойлойт".

"Жок! Алар (Кыяматта) сөзсүз «Хутамага» ташталат!"

"(О, Мухаммад!) Сен «Хутама» эмне экенин билбейсиң".

"(Ал) Аллахтын алоолонгон тозогу".

"(Денеден тешип өтүп) жүрөктөргө чейин жете турган!"

"Чынында, ал (тозок) алардын үстүнөн жаап коюлган".

"(Эшиктери) узун устундарда (бекемделген)".

(Хумаза сүрөсү, 1-9-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿وَيۡلٞ لِّكُلِّ هُمَزَةٖ لُّمَزَةٍ ١﴾

1. "Адамдарды кылыгы жана тили

менен шылдыңдаган бардык шылдыңчыга азап-тозок болсун!"

Адамдарды көп ушактаган жана аларды мазактап, кемсинткендер үчүн чоң кайгы жана катуу азап болсун!

﴿ٱلَّذِى جَمَعَ مَالًا وَعَدَّدَهُۥ ۝٢﴾

2. "Ал мал-мүлктү (адал-арамына карабай) чогултту жана эсептеди".

Анын бүткүл ою байлык топтоо жана аны эсептөө, андан башка анда кам-пикири жок.

﴿يَحْسَبُ أَنَّ مَالَهُۥٓ أَخْلَدَهُۥ ۝٣﴾

3. "Дүйнө-мүлкү аны түбөлүк жашатат деп ойлойт".

Ал чогулткан байлыгы аны өлүмдөн куткарып, дүйнө жашоосунда түбөлүк калам деп ойлойт.

﴿كَلَّا لَيُنۢبَذَنَّ فِى ٱلْحُطَمَةِ ۝٤﴾

4. "Жок! Алар (Кыяматта) сөзсүз «Хутамага» ташталат!"

Абал бул наадан адам элестеткендей эмес. Ал (кылган иши үчүн) өзүнүн

катуулугу жана кубаттуулугу менен ичине ташталгандын баарын талкалап, кыйратып жиберген тозок отуна сөзсүз ташталат.

﴿وَمَآ أَدۡرَىٰكَ مَا ٱلۡحُطَمَةُ ۝٥﴾

5. "(О, Мухаммад!) Сен «Хутама» эмне экенин билбейсиң".

О, пайгамбар! Ага ташталгандардын баарын талкалаган бул тозок эмне экенин кайдан билмек элең?

﴿نَارُ ٱللَّهِ ٱلۡمُوقَدَةُ ۝٦﴾

6. "(Ал) Аллахтын алоолонгон тозогу".

Ал — Аллахтын алоолонгон тозогу.

﴿ٱلَّتِي تَطَّلِعُ عَلَى ٱلۡأَفۡـِٔدَةِ ۝٧﴾

7. "(Денеден тешип өтүп) жүрөктөргө чейин жете турган!"

Ал адамдардын денесинен жүрөктөрүнө тешип кирет.

﴿إِنَّهَا عَلَيۡهِم مُّؤۡصَدَةٞ ۝٨﴾

8. "Чынында, ал (тозок) алардын үстүнөн жаап коюлган".

Чынында ал тозок анын ичинде азапталгандар үчүн жабык.

﴿فِي عَمَدٍ مُّمَدَّدَةٍ ۝٩﴾

9. "(Эшиктери) узун устундарда (бекемделген)".

Алар ал жактан чыгып кетпеш үчүн эшиктери узун устундар менен тирелип, бекемделген.

8-суроо: "Фил" сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: "Фил" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿أَلَمْ تَرَ كَيْفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِأَصْحَٰبِ ٱلْفِيلِ ۝١ أَلَمْ يَجْعَلْ كَيْدَهُمْ فِي تَضْلِيلٍ ۝٢ وَأَرْسَلَ عَلَيْهِمْ طَيْرًا أَبَابِيلَ ۝٣ تَرْمِيهِم بِحِجَارَةٍ مِّن سِجِّيلٍ ۝٤ فَجَعَلَهُمْ كَعَصْفٍ مَّأْكُولٍ ۝٥﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(О, Мухаммад!) Раббиң пил ээлерин эмне кылганын билбедиңби!"

"(Раббиң) алардын (Каабаны бузуп салуу үчүн ойлогон) айла-амалдарын текке кетирбедиби?"

"... жана аларга каршы топ-топ куштарды жиберди".

"(Куштар чеңгелиндеги) чопо-таштар менен аларды ташбараңга алышты".

"(Аллах) аларды мойсолгон жалбырактай кылып койду!"

(Фил сүрөсү, 1-5-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿أَلَمۡ تَرَ كَيۡفَ فَعَلَ رَبُّكَ بِأَصۡحَٰبِ ٱلۡفِيلِ ۝١﴾

1. "(О, Мухаммад!) Раббиң пил ээлерин эмне кылганын билбедиңби!"

О, пайгамбар! Пил ээлери болгон Абраха жана анын жан жөкөрлөрү Каабаны талкалоону каалаганда Раббиң аларды эмне кылганын билбедиңби?

﴿أَلَمۡ يَجۡعَلۡ كَيۡدَهُمۡ فِي تَضۡلِيلٖ ۝٢﴾

2. "(Раббиң) алардын (Каабаны бузуп салуу үчүн ойлогон) айла-амалдарын текке кетирбедиби?"

Аллах алардын Каабаны бузуу үчүн кылган жаман айла-амалдарын текке

кетирди . Алар адамдарды Каабадан башка жакка буруу боюнча өздөрү каалаган максатына жете алышкан жок жана Каабага эч кандай зыян келтире алышпады.

﴿وَأَرۡسَلَ عَلَيۡهِمۡ طَيۡرًا أَبَابِيلَ ۝٣﴾

3. " ... жана аларга каршы топ-топ куштарды жиберди".

Аларга топ-тобу менен келген канаттууларды жиберди.

﴿تَرۡمِيهِم بِحِجَارَةٖ مِّن سِجِّيلٖ ۝٤﴾

4. "(Куштар чеңгелиндеги) чопо-таштар менен аларды ташбараңга алышты".

Аларга катып калган чоподон жасалган таштарды ыргытышты.

﴿فَجَعَلَهُمۡ كَعَصۡفٖ مَّأۡكُولِۭ ۝٥﴾

5. "(Аллах) аларды мойсолгон жалбырактай кылып койду!"

Аллах аларды малдар тебелеп тепсеп жеген эгин жалбырактарындай калбырын чыгарып койду.

9-сурoo: Курайш сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: Курайш сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿لِإِيلَٰفِ قُرَيۡشٍ ١ إِۦلَٰفِهِمۡ رِحۡلَةَ ٱلشِّتَآءِ وَٱلصَّيۡفِ ٢
فَلۡيَعۡبُدُواْ رَبَّ هَٰذَا ٱلۡبَيۡتِ ٣ ٱلَّذِيٓ أَطۡعَمَهُم مِّن جُوعٖ وَءَامَنَهُم مِّنۡ خَوۡفِۢ ٤﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Курайштын ынтымагы үчүн!"

"Кыш жана жай мезгилиндеги сапарында алардын ынтымак-тынчтыгы үчүн!"

"Алар ушул Үйдүн Раббисине ибадат кылышсын".

"Ал (Рабби) каатчылыкта аларды тамактандырды жана коркунучтан аман сактады!"

(Курайш сүрөсү, 1-4- аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿لِإِيلَٰفِ قُرَيۡشٍ ١﴾

1. "Курайштын ынтымагы үчүн!"

Бул жерде алардын кышкысын жана жайкысын адатка айлантып алган сапарлары тууралуу айтылып жатат.

﴿إِۦلَٰفِهِمۡ رِحۡلَةَ ٱلشِّتَآءِ وَٱلصَّيۡفِ ٢﴾

2. "Кыш жана жай мезгилиндеги сапарында алардын ынтымак-тынчтыгы үчүн!"

Алардын кышындагы Йеменге болгон бейпил сапары жана жайында Шамга болгон бейпил жайкы сапары үчүн.

﴿فَلۡيَعۡبُدُواْ رَبَّ هَٰذَا ٱلۡبَيۡتِ ٣﴾

3. "Эми, алар (ар кандай таш-кудай, жыгач-кудайларын таштап, өздөрүнө ынтымак жашоо тартуулаган) ушул Үйдүн (Каабанын) Раббисине гана ибадат кылышсын!"

Эми алар үчүн бул сапарды жеңил кылган ушул ыйык Үйдүн Раббиси Аллахка гана ибадат кылышсын жана Ага эч кимди шерик кылышпасын!

﴿ٱلَّذِىٓ أَطۡعَمَهُم مِّن جُوعٖ وَءَامَنَهُم مِّنۡ خَوۡفِۭ ٤﴾

4. "Ал (Рабби) каатчылыкта аларды тамактандырды жана коркунучтан аман сактады!"

Ал арабдардын жүрөктөрүнө ыйык жерге жана анын жашоочуларына карата болгон сый-урматты салып, аларды ачкачылыкта тамактандырды жана коркунучтан сактады.

10-сүрөө: "Мааун" сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: "Мааун" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿أَرَءَيۡتَ ٱلَّذِى يُكَذِّبُ بِٱلدِّينِ ١ فَذَٰلِكَ ٱلَّذِى يَدُعُّ ٱلۡيَتِيمَ ٢ وَلَا يَحُضُّ عَلَىٰ طَعَامِ ٱلۡمِسۡكِينِ ٣ فَوَيۡلٞ لِّلۡمُصَلِّينَ ٤ ٱلَّذِينَ هُمۡ عَن صَلَاتِهِمۡ سَاهُونَ ٥ ٱلَّذِينَ هُمۡ يُرَآءُونَ ٦ وَيَمۡنَعُونَ ٱلۡمَاعُونَ ٧﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(О Мухаммад)? сен динди «жалган» деген кишини көрдүң беле?!"

"Мынаке ал, жетимди(н акысына кыянаттык кылып,) түрткүлөгөн адам!"

"... жана бей-бечараларды тамактандырууга (эч кимди) кызыктырбады".

"(Кээ бир) намаз окуучуларга азап-тозок болсун!

"Алар намаздарын унутуп коюшат".

"Алар (намазда жана башка ибадаттарда) рия кылышат.

Жана (муктаждардан) буюм-шаймандарды кызганышат".

(Мааъун сүрөсү, 1-7 аяттар).

Тафсир:

﴿أَرَءَيْتَ ٱلَّذِى يُكَذِّبُ بِٱلدِّينِ ۝١﴾

1. (О Мухаммад,) сен динди «жалган» деген кишини көрдүң беле?!"

Кыямат күнүндөгү жазага (жана сыйлыкка) ишенбеген, аны жалган деген ким экенин билдиңби?

﴿فَذَٰلِكَ ٱلَّذِى يَدُعُّ ٱلْيَتِيمَ ۝٢﴾

2. "Мынаке ал, жетимди(н акысына кыянаттык кылып,) түрткүлөгөн адам!"

Ал муктаж болуп турган жетимди оройлук менен түрткөн адам.

﴿وَلَا يَحُضُّ عَلَىٰ طَعَامِ ٱلْمِسْكِينِ ۝٣﴾

3. "... жана бей-бечараларды тамактандырууга (эч кимди) кызыктырбаган".

Ал өзүн дагы, башкаларды дагы кедей-кембагалдарды тамактандырууга үндөбөйт.

﴿فَوَيْلٌ لِّلْمُصَلِّينَ ۝٤﴾

4. "(Кээ бир) намаз окуучуларга азап-тозок болсун!"

Ушундай намаз окуучуларга кыйроо жана азап болсун.

﴿ٱلَّذِينَ هُمْ عَن صَلَاتِهِمْ سَاهُونَ ۝٥﴾

5. "Алар намаздарын унутуп коюшат".

Алар намаздарына кайдыгер карап, убактысы өтүп кеткенче ага көңүл бурушпайт.

﴿ٱلَّذِينَ هُمْ يُرَآءُونَ ۝٦﴾

6. "Алар (намазда жана башка

ибадаттарда) рия кылышат".

Алар намаздарын жана иш-аракеттерин көрүнүш үчүн аткарышат. Иш-аракеттеринде Аллахка ыкластуулук кылышпайт.

﴿وَيَمۡنَعُونَ ٱلۡمَاعُونَ ۝٧﴾

7. "... жана (муктаждардан) буюм-шаймандарды кызганышат".

Берип турса эч кандай зыяны болбой турган нерселерди да башкаларга жардам катары беришпейт.

11-суроо: "Каусар" сүрөсүн окуп, чечмелеп бериңиз.

Жооп: Каусар сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿إِنَّآ أَعۡطَيۡنَٰكَ ٱلۡكَوۡثَرَ ۝١ فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَٱنۡحَرۡ ۝٢ إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ ٱلۡأَبۡتَرُ ۝٣﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(Оо, Мухаммад) чынында Биз сага «Каусарды» бердик".

"Сен эми, (ушул жакшылыктарга шүгүр кылып) Раббиң үчүн намаз оку жана курмандык чал!"

"Албетте, сени айыптаган адамдын өзүнүн арты кесилген!"

(Каусар сүрөсү, 1-3-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿إِنَّآ أَعۡطَيۡنَٰكَ ٱلۡكَوۡثَرَ ۝١﴾

1. "(Оо, Мухаммад) чынында Биз сага «Каусарды» бердик".

Оо, пайгамбар! Чынында, Биз сага көп жакшылыктарды бердик, алардын арасында бейиштеги Каусар дарыясы да бар.

﴿فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَٱنۡحَرۡ ۝٢﴾

2. "Сен эми, (ушул жакшылыктарга шүгүр кылып) Раббиң үчүн намаз оку жана курмандык чал!"

Бул жакшылыктар үчүн Аллахка шүгүр кылып, мушриктер өздөрүнүн жасалма кудайларына арнап курмандык чалгандан

айырмаланып, сен бир гана Анын Өзү үчүн намаз окуп жана курмандык чал.

﴿إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ ٱلْأَبْتَرُ ۝٣﴾

3. "Албетте, сени айыптаган адамдын өзүнүн арты кесилген!"

Сени жек көргөн адам – ал бүткүл жакшылыктардан куру калган, аты аталса да жамандык менен аталып унутта кала турган адам.

12-сүрөө: "Каафирун" сүрөсүн окуп, тафсир кылыңыз.

Жооп: "Каафирун" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ يَٰٓأَيُّهَا ٱلْكَٰفِرُونَ ۝١ لَآ أَعْبُدُ مَا تَعْبُدُونَ ۝٢ وَلَآ أَنتُمْ عَٰبِدُونَ مَآ أَعْبُدُ ۝٣ وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٌ مَّا عَبَدتُّمْ ۝٤ وَلَآ أَنتُمْ عَٰبِدُونَ مَآ أَعْبُدُ ۝٥ لَكُمْ دِينُكُمْ وَلِيَ دِينِ ۝٦﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(Оо, Мухаммад, каапырларга) айткын: «Эй, каапырлар!"

"Мен силер ибадат

кылган(кудайлар)га ибадат кылбаймын!"

"Силер дагы мен сыйынганга (Аллах Таалага) сыйынуучу эмессиңер".

"Мен силер ибадат кылган (кудайлар)га ибадат кылбаймын!"

"Силер дагы мен сыйынганга (Аллах Таалага) сыйынуучу эмессиңер.

(Демек,) силерге өз диниңер, мага өз диним!"

(Каафирун сүрөсү, 1-6 аяттар).

Тафсир:

﴿قُلۡ يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡكَٰفِرُونَ ١﴾

1. (Оо, Мухаммад, каапырларга) айткын: «Эй, каапырлар!"

Оо, пайгамбар! Айткын: «Эй, Аллахка каапырлык кылгандар!

﴿لَآ أَعۡبُدُ مَا تَعۡبُدُونَ ٢﴾

2. "Мен силер ибадат кылган(кудайлар)га ибадат кылбаймын!"

Мен азыр да, келечекте да силер сыйынган буттарга сыйынбаймын.

﴿وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ۝٣﴾

3. "Силер дагы мен сыйынганга (Аллах Таалага) сыйынуучу эмессиңер".

Силер дагы мен сыйынган жалгыз Аллахка сыйынбайсыңар.

﴿وَلَآ أَنَا۠ عَابِدٞ مَّا عَبَدتُّمۡ ۝٤﴾

4. "Мен силер ибадат кылган кудайларга сыйынбаймын!"

Мен дагы силер сыйынган буттарга сыйынбаймын.

﴿وَلَآ أَنتُمۡ عَٰبِدُونَ مَآ أَعۡبُدُ ۝٥﴾

5. "Силер дагы мен сыйынганга (Аллах Таалага) сыйынуучу эмессиңер".

Силер дагы мен сыйынган жалгыз Аллахка сыйынбайсыңар.

﴿لَكُمۡ دِينُكُمۡ وَلِيَ دِينِ ۝٦﴾

6. "(Демек,) силерге өз диниңер, мага

өз диним!"

Силер ойлоп тапкан диниңер – өзүңөр үчүн, Аллах мага түшүргөн дин – мен үчүн».

13-суроо: "Наср" сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: "Наср" сүрөсү жана тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿إِذَا جَآءَ نَصْرُ ٱللَّهِ وَٱلْفَتْحُ ۝١ وَرَأَيْتَ ٱلنَّاسَ يَدْخُلُونَ فِي دِينِ ٱللَّهِ أَفْوَاجًا ۝٢ فَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ وَٱسْتَغْفِرْهُ ۚ إِنَّهُۥ كَانَ تَوَّابًا ۝٣﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"(Оо, Мухаммад, эгер сага) Аллахтын жардамы жана жеңиши келсе,

жана адамдарды Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрсөң...

"Анда, Раббиңе хамд (мактоо) айтуу менен (Аны жаман-төмөн сыпаттардан) аруула жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура! Чынында, Ал тооболорду кабыл кылуучу!"

(Наср сүрөсү, 1-3-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿إِذَا جَآءَ نَصۡرُ ٱللَّهِ وَٱلۡفَتۡحُ ۝١﴾

1. (Оо, Мухаммад, эгер сага) Аллахтын жардамы жана жеңиши келсе,

Оо, пайгамбар! Сенин динине Аллахтын жардамы келип, аны күч-кубаттуу кылса жана Меккени багындыруу ишке ашса,

﴿وَرَأَيۡتَ ٱلنَّاسَ يَدۡخُلُونَ فِي دِينِ ٱللَّهِ أَفۡوَاجٗا ۝٢﴾

2. "... жана адамдарды Аллахтын динине топ-топ болуп кирип жатканын көрсөң..."

Адамдар биринин артынан бири топ-топ болуп Исламга кирип жатканын көрсөң,

﴿فَسَبِّحۡ بِحَمۡدِ رَبِّكَ وَٱسۡتَغۡفِرۡهُۚ إِنَّهُۥ كَانَ تَوَّابَۢا ۝٣﴾

3. "Анда, Раббиңе хамд (мактоо) айтуу менен (Аны жаман-төмөн сыпаттардан) аруула жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура! Чынында, Ал тооболорду кабыл кылуучу!"

Анда бул сен жиберилген иштин аяктап баратканынын жана ажалың жакындап, Раббиңе жолугарыңдын белгиси экенин билгин. Эми сен жеңиш жана багындыруу жакшылыгына шүгүр кылып, Раббиңе мактоолорду айтып аруула жана Андан кечирим сура. Чынында, ал пенделеринин күнөөлөрүн кечирип, тооболорун кабыл кылуучу.

14-суроо: "Масад" сүрөсүн окуп, чечмелеп бериңиз.

Жооп: "Масад" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿تَبَّتْ يَدَآ أَبِى لَهَبٍ وَتَبَّ ۝١ مَآ أَغْنَىٰ عَنْهُ مَالُهُۥ وَمَا كَسَبَ ۝٢ سَيَصْلَىٰ نَارًا ذَاتَ لَهَبٍ ۝٣ وَٱمْرَأَتُهُۥ حَمَّالَةَ ٱلْحَطَبِ ۝٤ فِى جِيدِهَا حَبْلٌ مِّن مَّسَدٍ ۝٥﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Абу Лахабдын эки колу (өзү) куурап калсын! Куурап да калды!"

"Ага мал-дүйнөсү да, бала-чакасы да пайда берген жок!"

"Ал жакында алоолонгон тозокко таштала!"

"Отун ташуучу аялы да (тозокто болот)"

"Анын мойнунда курма дарагынын буласынан (эшилген) жип!"

(Масад сүрөсү, 1–5-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿تَبَّتْ يَدَآ أَبِى لَهَبٍ وَتَبَّ۝١﴾

1. "Абу Лахабдын эки колу (өзү) куурап калсын! Куурап да калды!"

Пайгамбардын абасы Абу Лахаб ибн Абдулмутталибдин кылган иштери себептүү колдору курусун. Анткени, ал пайгамбарга зыян берчү. Анын кылган аракети таш капсын.

﴿مَآ أَغْنَىٰ عَنْهُ مَالُهُۥ وَمَا كَسَبَ۝٢﴾

2. "Ага мал-дүйнөсү да, бала-чакасы да пайда берген жок!"

Анын мал-мүлкү жана балдары ага пайда берди? Алар андан Аллахтын азабын

кайтара алган жок жана ага эч кандай ырайым алып келе алган жок.

﴿سَيَصۡلَىٰ نَارٗا ذَاتَ لَهَبٖ ۝٣﴾

3. "Ал жакында алоолонгон тозокко таштaлат!"

Ал кыямат күнү жалындаган тозокко кирет, анын ысыктык азабын тартат.

﴿وَٱمۡرَأَتُهُۥ حَمَّالَةَ ٱلۡحَطَبِ ۝٤﴾

4. "Отун көтөргөн аялы дагы".

Анын аялы Умму Жамил дагы тозокко кирет. Анткени ал пайгамбар баскан жолдорго тикенектерди таштап зыян берчү.

﴿فِي جِيدِهَا حَبۡلٞ مِّن مَّسَدِۭ ۝٥﴾

5. "Анын мойнунда курма дарагынын буласынан (эшилген) жип болот!"

Аны мойнунда бекем эшилген аркан болот, ал (аркан) менен тозокко сүйрөлүп барат.

15-сүрөө: "Ихлас" сүрөсүн окуп, тафсир кылып бериңиз.

Жооп: "Ихлас" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسۡمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحۡمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١ ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ۝٢ لَمۡ يَلِدۡ وَلَمۡ يُولَدۡ ۝٣ وَلَمۡ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدُۢ ۝٤﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айт (оо, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!"

"Аллах – Сомад (Беймуктаж)".

"Ал туубаган жана да туулбаган!"

Жана эч ким Ага тең эмес!"

(Ихлас сүрөсү, 1-4-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿قُلۡ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١﴾

1. "Айт (оо, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!"

Оо, пайгамбар! Айткын: «Ал – Аллах, Андан башка кудай жок».

﴿ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ۝٢﴾

2. "Аллах – Сомад (Беймуктаж)".

Макулуктардын муктаждыктары Ага көтөрүлөт (Ал Өзү эч нерсеге муктаж эмес).

﴿لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ ۝٣﴾

3. "Ал туубаган жана да туулбаган!"

Аллах Тааланын баласы да, атасы да жок.

﴿وَلَمْ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدٌۢ ۝٤﴾

4. "Жана эч ким Ага тең эмес!"

Жараткандарынын эч бири Ага окшош эмес.

16-суроо: "Фалак "сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: Фалак сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلْفَلَقِ ۝١ مِن شَرِّ مَا خَلَقَ ۝٢ وَمِن شَرِّ غَاسِقٍ إِذَا وَقَبَ ۝٣ وَمِن شَرِّ ٱلنَّفَّٰثَٰتِ فِى ٱلْعُقَدِ ۝٤ وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ۝٥﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айт (оо, Мухаммад): «Таң Раббисинен коргоо тилеймин:

(Өзү) жараткан (зыяндуу) нерселердин жамандыгынан...

Каптап кирген учурдагы (караңгы) түндүн жамандыгынан...

Түйүндөргө дем салган сайкырчылардын жамандыгынан...

Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан".

(Фалак сүрөсү, 1-5-аяттар).

Тафсири:

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلۡفَلَقِ ۝١﴾

1. "Айт (оо, Мухаммад): «Таңдын Раббисинен коргоо тилеймин:

Оо, пайгамбар! «Таңдын Раббиси менен коргоном жана Ага баш калкалайм" деп айткын.

﴿مِن شَرِّ مَا خَلَقَ ۝٢﴾

2. "(Өзү) жараткан (зыяндуу) нерселердин жамандыгынан..."

Зыян келтирүүчү макулуктардын жамандыгынан.

﴿وَمِن شَرِّ غَاسِقٍ إِذَا وَقَبَ ۝٣﴾

3. "Каптап кирген учурдагы (караңгы) түндүн жамандыгынан..."

Жана түнкүсүн пайда боло турган зыяндуу жандыктардын жана ууру-кескилердин жамандыгынан Аллахтан коргоо сураймын.

﴿وَمِن شَرِّ ٱلنَّفَّٰثَٰتِ فِي ٱلْعُقَدِ ۝٤﴾

4. "Түйүндөргө дем салган сайкырчы аялдардын жамандыгынан..."

Жана түйүндөргө дем салып, үйлөп жаткан сыйкырчы аялдардын жамандыгынан коргоо сураймын.

﴿وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ۝٥﴾

5. "Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан".

Аллах аларга берген нематтары үчүн сугун арткан учурда, ал нематтардын алардан кетишин жана аларга зыян жеткирилишин каалаган, адамдарды жек көргөн көрө албастын жамандыгынан.

17-сүрөө: "Наас" сүрөсүн окуп, тафсирлеп бериңиз.

Жооп: "Наас" сүрөсү жана анын тафсири:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ۝١ مَلِكِ ٱلنَّاسِ ۝٢ إِلَٰهِ ٱلنَّاسِ ۝٣ مِن شَرِّ ٱلْوَسْوَاسِ ٱلْخَنَّاسِ ۝٤ ٱلَّذِى يُوَسْوِسُ فِى صُدُورِ ٱلنَّاسِ ۝٥ مِنَ ٱلْجِنَّةِ وَٱلنَّاسِ ۝٦﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айткын (оо, Мухаммад): «Мен инсандардын Раббисинен"

Инсандардын падышасынан...

инсандардын (сыйынууга татыктуу болгон) Кудайынан коргоо тилеймин.

(Аллахтын ысымы айтылганда) жашынып калуучунун жамандыгынан.

Ал (шайтан) адамдардын көкүрөгүнө азгырык салат.

Алар (азгыруучу шайтандар) жиндерден жана адамдардан болот".

(Нас сүрөсү, 1-6-аяттар).

Тафсир (чечмелөөсү):

﴿قُلۡ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ۝١﴾

1. «Айткын (о Мухаммад): «Мен инсандардын Раббисинен...»

Оо, пайгамбар! Айткын: «Адамдардын Раббиси менен коргоном жана Ага баш калкалайм.

﴿مَلِكِ ٱلنَّاسِ ۝٢﴾

2. "Инсандардын падышасынан"

Аларды Өзү каалагандай башкарат, алардын Андан башка Ээси жок.

﴿إِلَٰهِ ٱلنَّاسِ ۝٣﴾

3. "Инсандардын (сыйынууга татыктуу болгон) Кудайынан коргоо тилеймин"

Ал – алардын чыныгы кудайы. Алар үчүн Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок.

﴿مِن شَرِّ ٱلۡوَسۡوَاسِ ٱلۡخَنَّاسِ ۝٤﴾

4. "(Аллахтын ысымы айтылганда) жашынып калуучунун жамандыгынан".

Адамдарга азгырык салган шайтандын жамандыгынан.

﴿ٱلَّذِى يُوَسۡوِسُ فِى صُدُورِ ٱلنَّاسِ۝٥﴾

5. Ал (шайтан) адамдардын көкүрөгүнө азгырык салат".

Ал адамдардын жүрөктөрүнө азгырык салат.

﴿مِنَ ٱلۡجِنَّةِ وَٱلنَّاسِ۝٦﴾

6. "Алар (азгыруучу шайтандар) жиндерден жана адамдардан болот".

Азгыруучу адамзаттан да, жиндерден да болот.

***

Хадис бөлүмү

Хадис илими:

Хадис: Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таандык болгон сөз, иш-аракет, же анын кайсы бир ишке макулдугу, же анын дене түзүлүшүнө, жана кулк-мүнөзүнө тиешелүү сыпаттары.

Биринчи Хадис:

1-сурoo: «Чынында, амалдар ниетке жараша...» хадисин толуктаңыз, жана анын кээ бир пайдаларын атап өтүңүз.

Жооп: Ыймандуулардын амири Абу Хафс Умар бин Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага жана анын үй-бүлөсүнө Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтып жатканын уктум:

«إِنَّمَا الْأَعْمَالُ بِالنِّيَّاتِ، وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى، فَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَرَسُولِهِ؛ فَهِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَرَسُولِهِ، وَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ لِدُنْيَا يُصِيبُهَا، أَوِ امْرَأَةٍ يَنْكِحُهَا؛ فَهِجْرَتُهُ إِلَى مَا هَاجَرَ إِلَيْهِ».

"Чындыгында, иш-аракеттер ниеттерге

жараша болот. Ар бир адам ниет кылганына жетет. Кимдин хижраты Аллах жана Анын Элчиси үчүн болсо, анда анын хижраты Аллах жана Анын Элчиси үчүн болот. Ал эми кимдин хижраты жетчү дүнүйө, же үйлөнчү аял үчүн болсо, анда анын хижраты ошол ниет кылган нерсесине болот". Бухарий жана Муслим ривает кылган.

Хадистин пайдалары:

1. Ар бир амал үчүн ниет кылуу зарыл: намаз, орозо, ажылык жана башка амалдарга ниет кылынат.

2. Ниетте Аллах Таала үчүн ыкластуу болуу зарыл.

Экинчи хадис:

2-суроо: «Кимде-ким биздин шариятыбызга...» деген хадисти толуктаңыз жана анын айрым пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Ыймандуулардын энеси Умму Абдулла Айша (Аллах андан ыраазы

болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ مِنْهُ، فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин динибизге анда болбогон жаңы ишти киргизсе, ал өзүнө кайтарылат".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Хадистин пайдалары:

1. Динде жаңы ишти (бидатты) пайда кылуудан тыюу.

2. Динге кийин киргизилген амалдар кайтарылат, кабыл кылынбайт.

Үчүнчү хадис:

3-суроо: «Биз Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанында отурган кезде...» деген хадисти толуктап, анын кээ бир пайдаларын атап бериңиз.

Жооп: Умар ибн Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деген:

«بَيْنَمَا نَحْنُ جُلُوسٌ عِندَ رَسُولِ اللهِ ﷺ ذَاتَ يَوْمٍ، إِذْ طَلَعَ عَلَيْنَا رَجُلٌ شَدِيدُ بَيَاضِ الثِّيَابِ، شَدِيدُ سَوَادِ الشَّعْرِ، لَا يُرَى عَلَيْهِ أَثَرُ السَّفَرِ، وَلَا يَعْرِفُهُ مِنَّا أَحَدٌ، حَتَّى جَلَسَ إِلَى النَّبِيِّ ﷺ، فَأَسْنَدَ رُكْبَتَيْهِ إِلَى رُكْبَتَيْهِ، وَوَضَعَ كَفَّيْهِ عَلَى فَخِذَيْهِ، وَقَالَ: «يَا مُحَمَّدُ أَخْبِرْنِي عَنِ الْإِسْلَامِ»، فَقَالَ لَهُ: «الْإِسْلَامُ: أَنْ تَشْهَدَ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، وَتُقِيمَ الصَّلَاةَ، وَتُؤْتِيَ الزَّكَاةَ، وَتَصُومَ رَمَضَانَ، وَتَحُجَّ الْبَيْتَ إِنِ اسْتَطَعْتَ إِلَيْهِ سَبِيلًا»، قَالَ: «صَدَقْتَ»، فَعَجِبْنَا لَهُ يَسْأَلُهُ وَيُصَدِّقُهُ، قَالَ: «فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِيمَانِ»، قَالَ: «أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ؛ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ»، قَالَ: «صَدَقْتَ»، قَالَ: «فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِحْسَانِ»، قَالَ: «أَنْ تَعْبُدَ اللهَ كَأَنَّكَ تَرَاهُ، فَإِنْ لَمْ تَكُنْ تَرَاهُ، فَإِنَّهُ يَرَاكَ»، قَالَ: «فَأَخْبِرْنِي عَنِ السَّاعَةِ»، قَالَ: «مَا الْمَسْؤُولُ بِأَعْلَمَ مِنَ السَّائِلِ»، قَالَ: «فَأَخْبِرْنِي عَنْ أَمَارَاتِهَا»، قَالَ: «أَنْ تَلِدَ الْأَمَةُ رَبَّتَهَا، وَأَنْ تَرَى الْحُفَاةَ الْعُرَاةَ الْعَالَةَ رِعَاءَ الشَّاءِ، يَتَطَاوَلُونَ فِي الْبُنْيَانِ» ثُمَّ انْطَلَقَ، فَلَبِثْتُ مَلِيًّا، ثُمَّ قَالَ: «يَا عُمَرُ! أَتَدْرِي مَنِ السَّائِلُ؟»، قُلْتُ: "اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ"، قَالَ: «فَإِنَّهُ جِبْرِيلُ، أَتَاكُمْ يُعَلِّمُكُمْ دِينَكُمْ».

«Күндөрдүн биринде биз Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанында отурган элек. Ошол кезде жаныбызга кийими аппак, чачы капкара бир киши келди. Анын кейпинде сапардын белгиси көрүнбөйт, бирок арабыздан аны эч ким тааныбады. Ал

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына келип, тизесин анын тизесине тийгизип, алакандарын санына коюп отурду да:

– Оо, Мухаммад, мага Ислам жөнүндө айтып бер, - деди.

Ага Аллахтын элчиси:

– Ислам – бул, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экенине жана Мухаммад Аллахтын элчиси экенине күбөлүк берүүң, намазды толук аткаруу ң, зекет берүүң, Рамазан айында орозо тутууң жана жолго күчүң жетсе, (Аллахтын) Үйүнө ажылык кылууң, - деп жооп берди.

Ал киши:

– Туура айттың, - деди.

Биз анын суроо берип, кайра өзү тастыктап жатканына таң калдык. Ал киши:

– Мага Ыйман жөнүндө айтып бер, - деди.

Аллахтын элчиси:

– Ыйман – бул, Аллахка, Анын периштелерине, Анын китептерине, Анын элчилерине, Акырет күнүнө жана

тагдырдын жакшы-жаманына ишенүүң, - деп жооп берди.

Ал киши:

– Туура айттың, - деди да:

– Эми мага Ихсан жөнүндө айтып бер, - деди.

Аллахтын элчиси:

– Ихсан – бул, сен Аллахты көрүр тургандай Ага ибадат кылууң. Анткени, сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп турат, - деп жооп берди.

Ал киши:

– Мага Кыямат жөнүндө айтып бер, - деди.

Аллахтын элчиси:

– Бул жөнүндө суралуучу сурап жаткандан артык билбейт, - деп жооп берди.

Ал киши:

– Андай болсо, мага анын белгилери туурасында айтып бер, - деди.

Аллахтын элчиси:

– Күндөн өзүнүн кожоюну төрөлөт. Жылаңаяк, жылаңач, кедей койчулардын

бийик-бийик имараттарды курууда бири-бири менен атаандашканын көрөсүң, - деди.

Андан кийин ал киши кетип калды. Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Аллахтын элчиси:

– Эй, Умар! Суроо узаткан киши ким экенин билесиңби? - деп сурады.

Мен:

– Аллах жана Анын элчиси жакшы билет, - деп жооп бердим.

Ошондо ал:

– Ал Жебирейил периште болчу. Силерге диниңерди үйрөткөнү келген эле, - деди". Муслим риваят кылган.

Хадистин пайдалары:

1. Исламдын беш түркүгүн атоо; алар төмөнкүлөр:

- Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммед Аллахтын элчиси деп күбөлүк берүү.

- Намаз окуу.

- Зекет берүү.

- Рамазан айында орозо кармоо.

- Аллахтын үйү болгон Харам мечитине барып ажылык кылуу.

2. Ыймандын негиздери атоо, алардын саны алты:

- Аллахка ыйман келтирүү.

- Анын периштелерине ыйман келтирүү.

- Анын китептерине ыйман келтирүү.

- Анын пайгамбарларына ыйман келтирүү.

- Акырет күнүнө ыйман келтирүү.

- Тагдырдын жакшы, жаманы Аллахтан деп ыйман келтирүү.

3. Ихсандын түркүгүн атоо. Анын бир түркүгү бар: Аллахты көрүп тургандай ибадат кылууң, эгер сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп турат.

4. Кыяматтын убактысы, анын качан болорун Аллах Таала гана билет.

Төртүнчү Хадис:

4-суроо: «Ыймандуулардын ыйманы толугу...» деген хадисти толуктаңыз жана кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«أَكْمَلُ المُؤْمِنِينَ إِيمَانًا: أَحْسَنُهُمْ خُلُقًا».

"Ыймандуулардын эң ыйманы толугу - кулк-мүнөзү жакшысы."

Тирмизи риваят кылган жана "ишенимдүү, хасан хадис", - деген.

Хадистин пайдалары:

Жакшы адеп-ахлакка кызыктыруу.

2. Ахлактын кемелдиги ыймандын кемелдигинен.

3. Ыйман көбөйөт жана азаят.

Бешинчи хадис:

5-сурoo: «Ким Аллахтан башка менен ант ичсе ...» деген хадисти толуктаңыз жана анын кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ حَلَفَ بِغَيْرِ اللهِ؛ فَقَدْ كَفَرَ أَوْ أَشْرَكَ».

«Ким Аллахтан башка менен ант ичсе, анда ал каапырлык кылды же ширк келтирди». Тирмизи риваят кылган.

Хадистин пайдалары:

- Аллах Тааланын аты менен гана ант ичүүгө болот.

- Аллах Тааладан башка менен ант ичүү кичине ширк болуп эсептелет.

Алтынчы хадис:

6-суроо: «Силердин эч биригер мен ага... сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт» деген хадисти толуктап, анын кээ бир пайдаларын атап өтүңүз.

Жооп: Анас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِنْ وَالِدِهِ، وَوَلَدِهِ، وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ».

"Силердин эч биригер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт". Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Хадистин пайдалары:

- Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык адамдардан артык сүйүү важиб.

Бул ыймандын толуктугунан кабар берет.

Жетинчи хадис:

Суроо: «Силердин эч кимиңер диндеш боордошу үчүн жакшы көрмөйүнчө...» деген хадисти толуктаңыз жана анын кээ бир пайдаларын айтыңыз.

Жооп: Анас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ؛ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ».

"Силердин эч кимиңер өзүнө жакшы көргөн нерсени диндеш боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Хадистин пайдалары:

- Ыймандуу адам өзүнө жакшы көргөн жакшылыкты ыймандууларга да жакшы көрөт.

Бул ыймандын толуктугунан кабар берет.

Сегизинчи Хадис:

8-сурoo: «Жаным Анын колунда болгон Затка ант!...» хадисин толуктап, анын кээ бир пайдаларын атап өтүңүз.

Жооп: Абу Саид (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«الَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ! إِنَّهَا لَتَعَادِلُ ثُلُثَ الْقُرْآنِ».

«Жаным Анын колунда болгон Затка ант! Чынында, ал (Ихлас сүрөсү) Курандын үчтөн бирине тете». Бухари риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. "Ихлас" сүрөсүнүн артыкчылыгы.

2. "Ихлас" сүрөсү Курандын үчтөн бирине тете.

Тогузунчу хадис:

9-сурoo: «Лаа хавла ва лаа куввата иллаа биллах...» хадисин толуктап, анын кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لا حَوْلَ وَلا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ كَنزٌ مِّنْ كُنُوزِ الْجَنَّةِ».

«Лаа хавла ва лаа кувата илла биллах» сөзү – Бейиш кендеринин бири".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. Бул сөздүн артыкчылыгы чоң. Ал бейиштин кендеринин бири.

2. Пенде өзүнүн күч-кубатынан баш тартып, жалгыз Аллах Таалага гана таянуусу айтылган.

Онунчу хадис:

10-суроо: «Чынында, денеде бир үзүм эт бар...» деген хадисти толуктаңыз жана анын кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Нуман бин Башир (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: «Мен Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум:

«أَلَا وَإِنَّ فِي الْجَسَدِ مُضْغَةً إِذَا صَلُحَتْ صَلُحَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، وَإِذَا فَسَدَتْ فَسَدَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، أَلَا وَهِيَ الْقَلْبُ».

"Чынында, денеде бир үзүм эт бар: ал оңолсо, дененин баары оңолот. Эгер ал бузулса, дененин баары бузулат. Ал – жүрөк".

Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. Жүрөктүн оңолушу менен адамдын сырты да, ичи да оңолот.

2. Жүрөктүн оңолуусуна көңүл буруу керек. Анткени адамдын оңолуусу ошого байланыштуу.

Он биринчи хадис:

11-сурoo: «Кимдин бул дүйнөдөгү эң акыркы айтканы "Лаа илааха иллаллаах" болсо...» хадисин толуктап, анын айрым пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Муаз бин Жабал (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ كَانَ آخِرُ كَلَامِهِ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ؛ دَخَلَ الْجَنَّةَ»

"Кимдин эн акыркы айтканы "Лаа илааха иллаллаах" болсо, ал бейишке кирет".

Абу Давуд риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. «Лаа илааха иллаллах» келмесинин артыкчылыгы айтылган. Пенде ал аркылуу бейишке кирет.

2. Акыркы сөзү "Лаа илааха иллаллаах" болгон адамдын артыкчылыгы.

Он экинчи хадис:

12-сурoo: "Бирөөнүн ата тегин кемсинткен, бирөөгө каргыш айткан..." хадисин толуктап, анын кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Абдуллах бин Масуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَيْسَ الْمُؤْمِنُ بِالطَّعَّانِ، وَلا اللَّعَّانِ، وَلا الفَاحِشِ، وَلا البَذِيءِ».

"Бирөөнүн ата тегин кемсинткен, бирөөлөргө каргыш айткан, бузук иштерди кылган, уят сөздөрдү сүйлөгөн адамдын ыйманы толук болбойт".

Тирмизи риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

Бардык бекер жана жаман сөзгө тыюу салынган.

Бул – ыймандуу адамдын тилиндеги сыпаты.

Он үчүнчү хадис:

13-суроо: "Адамдагы исламдын эң жакшы сыпаты ..." хадисин толуктап, анын кээ бир пайдаларын айтып бериңиз.

Жооп: Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مِنْ حُسْنِ إِسْلَامِ الْمَرْءِ: تَرْكُهُ مَا لَا يَعْنِيهِ».

"Адамдагы Исламдын эң жакшы сыпаты - өзүнө тиешеси жок нерсеге кийлигишпегени".

Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. Өзүнө тиешеси жок башка бирөөнүн диний жана дүйнөлүк иштерине кийлигишпөө.

Тиешеси жок нерселерди таштоо – адамдын Исламынын кемелдигинен.

Он төртүнчү хадис:

14-суроо: "Ким Аллахтын китебинен бир тамга окуса..." хадисин толуктап, анын кээ бир пайдаларын атап өтүңүз.

Жооп: Абдуллах бин Масуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَن قَرَأَ حَرْفًا مِن كِتَابِ اللهِ فَلَهُ بِهِ حَسَنَةٌ، وَالْحَسَنَةُ بِعَشْرِ أَمْثَالِهَا، لَا أَقُولُ: أَلِفٌ لَامٌ مِيمٌ حَرْفٌ، وَلَكِنْ أَلِفٌ حَرْفٌ، وَلَامٌ حَرْفٌ، وَمِيمٌ حَرْفٌ».

«Ким Аллахтын китебинен бир тамга окуса - бир сооп берилет жана бир сооп он эсе көбөйтүлөт. Мен: "Алиф, лам, мим" бир тамга дебеймин. "Алиф - бир тамга, "лам" - бир тамга, "мим" - бир тамга".

Тирмизи риваят кылган.

Хадистин кээ бир пайдалары:

1. Куран окуунун артыкчылыгы айтылган.

2. Окуган ар бир тамгаң үчүн сага сооптор жазылат.

***

Ислам адептери тууралуу бөлүм.

Адептер илими

Ислам адептери – бул, Ислам шариятында келген мактоого татырлык жүрүм-турумдар жана иш-аракеттер. Ал өз ичине Аллахка болгон адептерди жана Анын макулуктарына болгон адептерди камтыйт.

Аллах Таала менен болгон адеп:

1-суроо: Аллах Таала менен болгон адеп кандай болот?

Жооп: 1. Аллах Тааланы улуктоо. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا قَدَرُواْ ٱللَّهَ حَقَّ قَدۡرِهِۦٓ وَٱلۡأَرۡضُ جَمِيعٗا قَبۡضَتُهُۥ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ وَٱلسَّمَٰوَٰتُ مَطۡوِيَّٰتُۢ بِيَمِينِهِۦۚ سُبۡحَٰنَهُۥ وَتَعَٰلَىٰ عَمَّا يُشۡرِكُونَ٦٧﴾

"Алар Аллахты акыйкат баалай алышпады. (Акыйкат баа боюнча) жердин бардыгы Кыямат күндө Анын Өз Чеңгелинде жана асмандар Анын Колунда түрмөктөлгөн болот! Ал

мушриктердин ширк амалдарынан (жана пикирлеринен) Таза жана Бийик!" (Зумар сүрөсү, 67-аят).

2. Ага шерик кошпой, жалгыз Өзүнө гана ибадат кылуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَآ أُمِرُوٓاْ إِلَّا لِيَعۡبُدُواْ ٱللَّهَ مُخۡلِصِينَ لَهُ ٱلدِّينَ حُنَفَآءَ...﴾

"Алар бардык ибадаттарды калыс Аллах үчүн гана кылууга, андан (жеке кудайга сыйынуудан) башка динден жүз бурууга буйрулушкан".

(Баййина сүрөсү, 5-аят).

3. Ага баш ийүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ...﴾

"О ыйман келтиргендер! Аллахка моюн сунгула!"

(Мухаммад сүрөсү, 33-аят).

4. Ага күнөө кылуудан сактануу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَن يَعۡصِ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَيَتَعَدَّ حُدُودَهُۥ يُدۡخِلۡهُ نَارًا خَٰلِدٗا فِيهَا وَلَهُۥ عَذَابٞ مُّهِينٞ ١٤﴾

"Ал эми, ким Аллахка жана пайгамбарына (каапыр болуу менен) күнөө кылса жана Аллахтын чектеринен чыкса, аны түбөлүк кала турган тозокко киргизет. Ага кор кылуучу азап бар". (Ниса сүрөсү, 14-аят).

5. Аллах Тааланын артыкчылыгына жана сан жеткис жакшылыктарына шүгүр кылып, алкыш-мактоо айтуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَٱشۡكُرُواْ نِعۡمَتَ ٱللَّهِ إِن كُنتُمۡ إِيَّاهُ تَعۡبُدُونَ﴾

"Эгер Аллахтын Өзүнө ибадат кылчу болсоңор, Анын нээматтарына шүгүр кылгыла". (Нахл сүрөсү, 114-аят).

6. Анын тагдырларына сабыр кылуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَٱصۡبِرُوٓاْۚ إِنَّ ٱللَّهَ مَعَ ٱلصَّٰبِرِينَ﴾

"Сабыр кылгыла! Аллах сабырдуулар менен!"

(Анфал сүрөсү, 46-аят).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) менен болгон адеп:

2-суроо: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) менен болгон адеп кандай болот?

Жооп: 1. Аны ээрчүү жана андан үлгү алуу. Аллах Таала минтип айткан:

﴿لَّقَدۡ كَانَ لَكُمۡ فِي رَسُولِ ٱللَّهِ أُسۡوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرۡجُواْ ٱللَّهَ وَٱلۡيَوۡمَ ٱلۡأٓخِرَ وَذَكَرَ ٱللَّهَ كَثِيرٗا﴾

"(О ыймандуулар!) Силер үчүн Аллахтын элчисинде сонун үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Аллахтан жана Акырет күндөн үмүт кылып, Аллахты көп-көп зикир кылгандар үчүн". (Ахзаб сүрөсү, 21-аят).

2. Ага баш ийүү.

3. Ага каршы чыкпоо. Аллах Таала минтип айткан:

﴿مَّن يُطِعِ ٱلرَّسُولَ فَقَدۡ أَطَاعَ ٱللَّهَۖ وَمَن تَوَلَّىٰ فَمَآ أَرۡسَلۡنَٰكَ عَلَيۡهِمۡ حَفِيظٗا ٨٠﴾

"Ким пайгамбарга моюн сунса, демек

Аллахка моюн сунуптур. Ким моюн сунбаса (өзүнө зыян). Биз сени аларга кароол кылып жиберген эмеспиз".

(Ниса сүрөсү, 80-аят).

4. Ал кабар берген нерселерге ишенип, тастыктоо. Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمَا يَنطِقُ عَنِ ٱلۡهَوَىٰٓ ۝٣ إِنۡ هُوَ إِلَّا وَحۡيٞ يُوحَىٰ ۝٤﴾

"Ал абадан (өзүнүн ой-каалоосунан чыгарып) сүйлөбөйт".

Алар (ал сүйлөгөн сөздөр - Аллахтан келген) аян-кабарынан башка эмес". (Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар).

5. Анын сүннөтүнө кошуп, бидаът иш-амалдарды кылбоо. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ فِيهِ فَهُوَ رَدٌّ».

"Кимде-ким биздин шариятыбызга анда болбогон жаңы ишти киргизсе, анда ал кабыл кылынбайт".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

6. Аны өз жанынан жана баардык адамдардан да артык сүйүү. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِنْ وَالِدِهِ وَوَلَدِهِ، وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ».

"Силердин эч бириңер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт". Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Аны улуктоо, ага жана анын сүннөтүнө жардам берүү. Аллах Таала минтип айткан:

﴿لِّتُؤۡمِنُواْ بِٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ وَتُعَزِّرُوهُ وَتُوَقِّرُوهُۚ ...﴾

"... жана силер Аллахка, Анын пайгамбарына ыйман келтиришиңер үчүн, аны урматтап, кадырлап жүрүшүңөр үчүн". (Фатх сүрөсү, 9-аят).

Ата-эне менен болгон адеп:

3-суроо: Ата-энеге болгон адеп кандай болот?

Жооп: 1. Күнөө болбогон иштерде ата-энеге баш ийүү.

2. Ата-энеге кызмат кылуу.

3. Ата-энеге жардам берүү.

4. Ата-эненин муктаждыктарын аткаруу.

5. Ата-энеге дуба кылуу.

6. Алар менен сүйлөшүүдө адепти кармоо; аларга «уфф» деп айтуу дурус эмес, ал эми бул сөздөрдүн эң жеңили.

7. Ата-энеге жылмаюу, аларга кабакты бүркөөгө болбойт.

8. Ата-эненин үнүнөн үндү бийик көтөрбөө, алардын сөзүн кунт коюп угуу, сөзүн бөлбөө. Аларды ысымдарынан атабай, тескерисинче: "ата", "апа" деп айтуу.

9. Бөлмөсүндө отурган ата-энесине кирүүдөн мурун уруксат суроо.

10. Ата-эненин колун жана башын өбүү.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَٰنًا ۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلًا كَرِيمًا ﴿٢٣﴾ وَٱخْفِضْ لَهُمَا جَنَاحَ ٱلذُّلِّ مِنَ ٱلرَّحْمَةِ وَقُل رَّبِّ ٱرْحَمْهُمَا كَمَا رَبَّيَانِى صَغِيرًا ﴿٢٤﴾﴾

«Раббиң өкүм (буйрук) кылды: Өзүнөн башка (кудай)ларга ибадат кылбоого, ата-энеңе жакшылык кылууга, эгер алардан бирөөсү же экөө тең сенин кол алдыңда картайган жашка жетсе, аларга «уф-ф» дебөөгө, аларды(н сөздөрүн) кайрыбоого, жана сылык-сыпаа сөздөрдү гана сүйлөөгө».

"Сен алар үчүн ырайымдуулук менен кичипейилдик «канатыңды» жаз жана (мындай деп) айт: «О, Раббим! Ал экөөсүнө, мага наристе кезимде мээримдүүлүк көргөзгөндөрү сыяктуу мээримдүүлүк көргөз!"

(Исра сүрөсү, 23-24-аяттар).

Хадисте Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир адам келип, жихадга уруксат сураганда, ал минтип сурады:

«أَلَكَ وَالِدَانِ؟ قَالَ نَعَمْ. قَالَ: فِيهِمَا فَجَاهِدْ».

«Сенин ата-энеңдин көзү тирүүбү?», ал: «Ооба» - деди. «Анда ошол экөөнүн жолунда жихад кыл» - деди.

Тирмизи риваят кылган.

Туугандар менен катышуунун адептери:

4-суроо: Тууганчылыкта кантип карым-катыш кылам?

Жооп: 1. Бир тууган ага-ини, эже-карындаш, ата менен бир тууган ага-эжелрди, таяке-таежелерди жана башка жакын туугандарды зыярат кылуу.

2. Аларга сөз менен жана иш аркылуу жакшылык кылуу жана жардам берүү.

3. Алар менен байланышып, ал-акыбалдарын суроо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَهَلۡ عَسَيۡتُمۡ إِن تَوَلَّيۡتُمۡ أَن تُفۡسِدُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَتُقَطِّعُوٓاْ أَرۡحَامَكُمۡ ٢٢﴾

"Эгер (Аллахтын өкүмүнөн) жүз бурсаңар жер бетинде бузукулук иштерди жасашыңар жана (өз ара) тууган-урукчулугуңарды үзүп жиберишиңер мүмкүн".

(Мухаммад сүрөсү, 22-аят).

Хадисте минтип келген:

«لا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ قَاطِعُ رَحِمٍ».

"Тууганчылык байланышты үзгөн адам бейишке кирбейт". Муслим риваят кылган.

Диндеги бир туугандыктын адептери:

5-суроо: Бир туугандарым жана досторум менен кандай мамиледе болушум керек?

Жооп: 1. Жакшы адамдарды жакшы көрөм жана алар менен бирге болом.

2. Жаман адамдар менен бирге болуудан сактанам жана аларды таштайм. Хадисте минтип келген: "Ыймандуу адам менен гана жолдош бол. Тамагыңды такыба адам гана жесин". Тирмизи жана Абу Дауд риваят кылган.

3. Бир туугандарыма салам айтам жана алар менен кол алышып учурашам. Хадисте минтип келген:

«مَا مِنْ مُسْلِمَيْنِ يَتَلَاقَيَانِ فَيَتَصَافَحَانِ، إِلَّا غُفِرَ لَهُمَا قَبْلَ أَنْ يَفْتَرِقَا».

«Эки мусулман жолугуп, кол кармашып учурашса, ал экөө ажырап кеткенче күнөөлөрү кечирилет».

Абу Дауд жана Тирмизи риваят кылган.

4. Ооруп калышса, алардан кабар алып, аларга шыпаа тилеп дуба кылам.

5. Чөчкүргөнгө жакшылык тилеп жооп кайтарам.

6. Зыяратка чакырса чакырыгына жооп берип барам. Хадисте минтип келген:

«حَقُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ خَمْسٌ: رَدُّ السَّلاَمِ، وَعِيَادَةُ الْمَرِيضِ، وَاتِّبَاعُ الْجَنَائِزِ، وَإِجَابَةُ الدَّعْوَةِ، وَتَشْمِيتُ الْعَاطِسِ».

"Мусулмандын мусулманга болгон акысы бешөө. Алар: Салам берсе алик алуу, ооруса зыярат кылуу, дүйнөдөн өтсө жаназасына катышуу, чакырса баруу, чүчкүрсө "ярхамукаллах" деп жакшылык тилеп жооп берүү".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Аны жакшылыкка буйруп насаат кылам. Хадисте минтип келген:

«وَمَنْ أَشَارَ عَلَى أَخِيهِ بِأَمْرٍ يَعْلَمُ أَنَّ الرُّشْدَ فِي غَيْرِهِ فَقَدْ خَانَهُ».

«Кимде-ким мусулман бир тууганына туура жол башка экенин билип туруп кеңеш берсе, анда ага кыянаттык кылган болот». Абу Давуд риваят кылган.

8. Эгер ал зулум чексе, ага жардам берем жана анын өзүн да зулумдук кылуудан кайтарам. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«انصُرْ أَخَاكَ ظَالِمًا أَوْ مَظْلُومًا» فَقَالَ رَجُلٌ: يَا رَسُولَ اللهِ، أَنْصُرُهُ إِذَا كَانَ مَظْلُومًا، أَفَرَأَيْتَ إِذَا كَانَ ظَالِمًا كَيْفَ أَنْصُرُهُ؟ قَالَ: «تَحْجِزُهُ - أَوْ تَمْنَعُهُ - مِنَ الظُّلْمِ؛ فَإِنَّ ذَٰلِكَ نَصْرُهُ».

«Бир тууганыңа заалым болсо да, зулум чеккен болсо да жардам бер». Ошондо бир киши: «О Аллахтын элчиси, ал зулум чеккен болсо ага жардам берем, бирок заалым болсо ага кантип жардам берем?» – деп сурады. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Аны зулумдуктан тыясың, мына ушул – ага жардам бергениң».

Бухари риваят кылган.

9. Өзүмө жакшы көргөн нерсени башка мусулман бир тууганыма да жакшы көрөм. Анас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ».

"Силердин эч кимиңер өзүнө жакшы көргөн нерсени диндеш боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

10. Жардамыма муктаж болсо, ага жардам кылам. Хадисте минтип келген:

«وَاللهُ فِي عَوْنِ الْعَبْدِ مَا كَانَ الْعَبْدُ فِي عَوْنِ أَخِيهِ».

"Пенде бир тууганына жардам берсе, Аллах Таала да ал пендеге жардам берет". Муслим риваят кылган.

11. Ага сөз же иш-аракет менен зыян бербеймин. Хадисте минтип келген:

«الْمُسْلِمُ مَنْ سَلِمَ الْمُسْلِمُونَ مِنْ لِسَانِهِ وَيَدِهِ».

"Башка мусулмандар анын тилинен жана колунан зыян көрбөгөн адам - чыныгы мусулман."

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

12. Анын сырын сактаймын. Хадисте минтип келген:

«إِذَا حَدَّثَ الرَّجُلُ بِالْحَدِيثِ ثُمَّ الْتَفَتَ فَهِيَ أَمَانَةٌ».

«Эгер киши сөз сүйлөп, анан башка тарапка бурулса, анда ал сөз сага аманат». Тирмизи жана Абу Дауд риваят кылган.

13. Ага тил тийгизбейм, аны кыйбат кылбайм, кемсинтпейм, ага көрө албастык кылбайм, аңдып-тыңчылык кылбайм жана алдабайм.

Хадисте минтип келген:

«الْمُسْلِمُ أَخُو الْمُسْلِمِ، لَا يَظْلِمُهُ، وَلَا يَخْذُلُهُ، وَلَا يَحْقِرُهُ، وَحَسْبُ امْرِئٍ مِنَ الشَّرِّ أَنْ يَحْقِرَ أَخَاهُ الْمُسْلِمَ».

«Мусулман мусулмандын бир тууганы. Ага зулум кылбайт, аны таштап койбойт, аны кемсинпейт. Мусулман бир тууганын

кемсинтүү кишиге жетиштүү күнөө болот». Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Кошуна менен болгон адеп:

6-суроо: Кошунанын адеби кандай болот?

Жооп: 1. Кошунага сөзүм менен да, ишим менен да жакшылык кылам жана жардамыма муктаж болсо, ага жардам берем.

2. Айт, үйлөнүү той же ушул сыяктуу кубанычтарында аны куттуктаймын.

3. Ооруса кабар алам, башына мүшкүл түшсө көңүл айтам.

4. Колумдан келишинче өзүм жасаган тамактан ага да берем.

5. Ага сөз менен да, иш менен да зыян тийгизбейм.

6. Катуу үн менен анын тынчын албайм, аны аңдыбайм жана анын анча-мынча зыянына сабыр кылам.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَٱعۡبُدُواْ ٱللَّهَ وَلَا تُشۡرِكُواْ بِهِۦ شَيۡـٔٗاۖ وَبِٱلۡوَٰلِدَيۡنِ إِحۡسَٰنٗا وَبِذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡيَتَٰمَىٰ وَٱلۡمَسَٰكِينِ وَٱلۡجَارِ ذِي ٱلۡقُرۡبَىٰ وَٱلۡجَارِ ٱلۡجُنُبِ وَٱلصَّاحِبِ بِٱلۡجَنۢبِ وَٱبۡنِ ٱلسَّبِيلِ وَمَا مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُحِبُّ مَن كَانَ مُخۡتَالٗا فَخُورًا ٣٦﴾

"Аллахка ибадат кылгыла (Анын бардык өкүмдөрүнө моюн сунгула) жана Ага эч нерсени шерик кылбагыла. Ата-энеңерге, тууган-уругуңарга, жетимдерге, жарды-жармачтарга тууганчылыгы бар кошунаңарга, бөтөн кошунаңарга, жаныңардагы жолдошуңарга, мусаапыр-карыптарга жана кол астыңардагы адамдарга (жана айбандарга да) жакшылык кылгыла. Аллах текебер, мактанчаак адамдарды сүйбөйт". (Ниса сүрөсү, 36-аят).

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«يَا أَبَا ذَرٍّ، إِذَا طَبَخْتَ مَرَقَةً فَأَكْثِرْ مَاءَهَا، وَتَعَاهَدْ جِيرَانَكَ».

"Эй, Абу Зар, шорпо бышырсаң, суусун көбөйтүп, кошуналарыңдан кабар ал". Муслим риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ فَلَا يُؤْذِ جَارَهُ».

«Кимде-ким, Аллахка жана Акырет Күнүнө ыйман келтирсе, анда кошунасына зыян тийгизбесин!»

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Конок тосуу адеби:

7-суроо: Конок тосуунун жана конок болуунун адептери кайсылар?

1. Мени конокко чакыргандын чакыруусун кабыл алып, чакырганга барам.

2. Бирөөнү зыярат кылууну кааласам, уруксат алам жана жолугушуу убактысын тактап сураймын.

3. Кирээрден мурун уруксат сурайм.

4. Зыяратты кечиктирбейм.

5. Үй ичиндегилерди кароодон көздү сактайм.

6. Конокту тосуп алып, аны жарык

маанайым менен, жакшы жылуу сөздөр менен жакшы кабыл алам.

7. Конокту эң жакшы орунга отургузам.

8. Аны тамак-аш жана суусундук менен коноктоп сыйлаймын.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَدۡخُلُواْ بُيُوتًا غَيۡرَ بُيُوتِكُمۡ حَتَّىٰ تَسۡتَأۡنِسُواْ وَتُسَلِّمُواْ عَلَىٰٓ أَهۡلِهَاۚ ذَٰلِكُمۡ خَيۡرٞ لَّكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَذَكَّرُونَ ٢٧﴾

"О ыйман келтирген пенделер! Өзүңөрдүн үйүңөрдөн башка үйлөргө, үй ээлеринен уруксат сурамайынча жана салам бермейинче кирбегиле! Ушундай кылууңар силер үчүн жакшы! Балким (жогорудагы буйруктарды) эсиңерге алаарсыңар".

(Нур сүрөсү, 27-аят).

Хадисте минтип келген:

«إِنَّمَا جَعَلَ اللهُ الِاسْتِئْذَانَ مِنْ أَجْلِ الْبَصَرِ».

"Аллах уруксат суроону көздү сактоо үчүн гана белгилеген".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) дагы мындай деген:

«مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ فَلْيُكْرِمْ ضَيْفَهُ».

"Кимде-ким Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда коногун сыйласын". Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Оору адеби:

8-суроо: Оорунун жана ооруган адамдардан кабар алуунун адеби кандай?

Жооп: 1. Кайсы бир жерим ооруганда, оң колумду ооруган жерге коюп, үч жолу "Бисмиллах" деп, анан жети жолу "Өзүм сезген жана кооптонгон ушул ооруунун жамандыгынан Ызаттуу жана Кудуреттүү Аллахтан паана тилейм" деп айтам.

2. Аллахтын тагдырына ыраазы болом жана сабыр кылам. Умму ал-Алаа (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мен ооруп жатканымда, Аллахтын Элчиси (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менден кабар алганы келип, мындай деди:

«أَبْشِرِي يَا أُمَّ العَلَاءِ؛ فَإِنَّ مَرَضَ الْمُسْلِمِ يُذْهِبُ اللهُ بِهِ خَطَايَاهُ، كَمَا تَذْهَبُ النَّارُ خَبَثَ الذَّهَبِ وَالفِضَّةِ».

"Сүйүнчү, о Умм ал-Алаа! Чынында, от алтын менен күмүштүн кирин кантип кетирсе, Аллах Таала мусулмандын оорусу аркылуу анын күнөө-каталарын ошондой кетирет". Абу Давуд риваят кылган.

3. Ооруп жаткан бир тууганымды зыярат кылууга шашылам, ага дуба кылам жана жанында көпкө отурбайм.

4. Аны менден суратпастан ага дем салам.

5. Ага сабыр кылууну, дуба кылууну, ошондой эле алынын жетишинче тазаланып, намаз окуусун насаат кылам.

6. Бейтапка дуба кылуу:

«أَسْأَلُ اللهَ العَظِيمَ، رَبَّ العَرْشِ العَظِيمِ، أَنْ يَشْفِيَكَ».

"Улук Арштын Раббиси Улук Аллахтан сага шыпаа берүүсүн тилейм" (жети жолу).

Илим алуунун адептери:

9-суроо: Илим алуунун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Ниетти бир гана калыс Аллах Таала үчүн кылуу. Хадисте минтип келген:

«مَنْ تَعَلَّمَ الْعِلْمَ لِيُبَاهِيَ بِهِ الْعُلَمَاءَ، وَيُجَارِيَ بِهِ السُّفَهَاءَ، وَيَصْرِفَ بِهِ وُجُوهَ النَّاسِ إِلَيْهِ، أَدْخَلَهُ اللهُ جَهَنَّمَ».

"Кимде-ким илимди аалымдарга мактануу, наадандар менен талашып-тартышуу жана адамдардын көңүлүн өзүнө буруу үчүн үйрөнсө, Аллах аны тозокко киргизет".

Ибн Маажа риваят кылган.

2. Үйрөнгөн илимди иш-жүзүндө аткарып амал кылуу. Хадисте минтип келген:

«لا تَزُولُ قَدَمَا عَبْدٍ يَوْمَ القِيَامَةِ حَتَّى يُسْأَلَ عَنْ أَرْبَعٍ: - وَذَكَرَ مِنْهَا - وَعَنْ عِلْمِهِ مَاذَا عَمِلَ فِيهِ».

"Кыямат күнү пенде төрт нерседен суралмайынча кадамы алга жылбайт, алардын бири: алган илимине кандай амал

кылганы".

Тирмизи жана Дарими риваят кылган.

3. Устазды анын жанында да, ал жок жерде да урматтап, сыйлайм.

4. Устаздын алдында адеп сактап отурам.

5. Сабак учурунда аны кунт коюп угуп, сөзүн бөлбөйм.

6. Суроо бергенде адепти сактайм.

7. Устазды атынан атап чакырбайм.

Хадисте минтип келген:

«إِنَّ مِنْ إِجْلَالِ اللهِ إِكْرَامَ ذِي الشَّيْبَةِ الْمُسْلِمِ، وَحَامِلِ الْقُرْآنِ».

"Мусулман карыяны жана Куранды жаттаган адамды сыйлоо - Аллахты сыйлоо". Абу Давуд риваят кылган.

Отуруштун адеби.

10-суроо: Отуруштун адептери кандай?

1. Мажлисте отургандарга киргенде салам берем.

2. Отурушта бош орунга отурам, бирөөнү ордунан тургузбайм. Эки кишинин

ортосуна отура турган болсом алардын уруксаты менен отурам.

3. Башка бирөөлөр да отуруусу үчүн орун калтырам.

4. Отурушта эч кимдин сөзүн бөлбөйм.

5. Мажлистен кетерде уруксат сурайм жана салам айтып чыгам.

Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«أَنَّهُ نَهَى أَنْ يُقَامَ الرَّجُلُ مِنْ مَجْلِسِهِ، وَيَجْلِسَ فِيهِ آخَرُ، وَلَكِنْ تَفَسَّحُوا وَتَوَسَّعُوا».

"Бир кишини ордунан тургузуп, анын ордуна башкасы отурбасын, тескерисинче, жылышып, орунду кеңейтип отургула". Бухари риваят кылган.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا انْتَهَى أَحَدُكُمْ إِلَى الْمَجْلِسِ فَلْيُسَلِّمْ، فَإِذَا أَرَادَ أَنْ يَقُومَ فَلْيُسَلِّمْ، فَلَيْسَتِ الْأُولَى بِأَحَقَّ مِنَ الْآخِرَةِ».

"Силердин бирөөңөр мажилиске келсе

салам берсин, ал эми туруп кетүүнү кааласа дагы салам берсин. Биринчи саламдын кийинки саламдан айырмасы жок"

Тирмизи жана Абу Дауд риваят кылган.

6. Мажилис бүтүп тарар мезгилде мажилистин каффарат дубасы окулат, ал мындай:

«سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ وَبِحَمْدِكَ، أَشْهَدُ أَنْ لا إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ، أَسْتَغْفِرُكَ وَأَتُوبُ إِلَيْكَ».

"О, Аллах, Сен (бардык кемчиликтүү сыпаттардан) тазасың. Сага алкыш-мактоолор болсун! Мен, эч бир илах жок, жалгыз Сен барсың деп күбөлүк берем. Мен Сенден кечирим сурайм. Жеке Сага гана тообо кылам".

Уйку адеби:

11-суроо: Уктоонун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Уйкуга эрте жатам. Хадисте минтип келген:

«عَنْ أَبِي بَرْزَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ، أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ كَانَ يَكْرَهُ النَّوْمَ قَبْلَ الْعِشَاءِ، وَالْحَدِيثَ بَعْدَهَا».

Абу Барза (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: "Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) куптан намазынан мурун уктоону жана андан кийин сүйлөшүп отурууну жактырчу эмес". Бухари риваят кылган.

2. Даарат алып уктайм.

3. Көмкөрөсүнөн жатып уктабайм.

4. Оң капталым менен уктайм, оң колумду оң жаагымдын астына коюп жатам.

5. Жатарда төшөгүмдү кагып тазалайм.

Хадисте минтип келген: Ал-Бара бин Аазиб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِذَا أَتَيْتَ مَضْجَعَكَ، فَتَوَضَّأْ وُضُوءَكَ لِلصَّلَاةِ، ثُمَّ اضْطَجِعْ عَلَى شِقِّكَ الْأَيْمَنِ».

"Төшөгүңө жатаарда, намазга даарат алгандай даарат ал, андан соң оң капталың менен жат". Бухари риваят кылган.

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын Элчиси (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көмкөрөсүнөн жаткан бир кишини көрүп, мындай деди:

«إِنَّ هَذِهِ ضَجْعَةٌ لَا يُحِبُّهَا اللهُ».

"Бул жатышты Аллах жакшы көрбөйт". Ат-Тирмизи жана Ахмад риваят кылган.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِذَا أَوَى أَحَدُكُمْ إِلَى فِرَاشِهِ، فَلْيَنْفُضْ فِرَاشَهُ بِدَاخِلَةِ إِزَارِهِ؛ فَإِنَّهُ لَا يَدْرِي مَا خَلَفَهُ عَلَيْهِ».

"Силерден бирөөңөр төшөгүнө жатаарда, кийиминин ички этеги менен төшөгүн каксын. Анткени, ал өзүнөн кийин төшөгүнө эмне киргенин билбейт".

Бухари риваят кылган.

6. Уктоо алдында "Аят ал-Курсини" андан соң "Ихлас", "Фалак" жана "Наас" сүрөөлөрүн үч жолу окуп, мындай деп айтам:

«بِاسْمِكَ اللَّهُمَّ أَمُوتُ وَأَحْيَا».

"О Аллах! Сенин ысымың менен өлүп

(уктап), Сенин ысысмың менен тирилемин (ойгономун)".

7. Багымдат намазын окуу үчүн ойгономун.

8. Уйкудан ойгонгондон кийин төмөнкү сөздү айтамын:

«الْحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي أَحْيَانَا بَعْدَمَا أَمَاتَنَا، وَإِلَيْهِ النُّشُورُ».

"Бизди өлтүргөндөн соң кайра тирилткен Аллахка мактоолор болсун жана баарыбыз анын Өзүнө кайтабыз".

Тамактануу адеби:

12-суроо: Тамактануунун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Ичип-жегенде Аллах Таалага таат-ибадат кылууга күч-кубат алууну ниет кылам.

2. Тамактануудан мурун эки колду жууйм.

Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана

мактоосу болсун)

«إِذَا أَرَادَ أَنْ يَأْكُلَ وَيَشْرَبَ، يَغْسِلْ يَدَيْهِ، ثُمَّ يَأْكُلْ وَيَشْرَبْ».

"Тамактанарда же суусундук ичерде колдорун жууп андан кийин жеп, иччү." Ахмад риваят кылган.

3. "Бисмиллах" деп айтып, оң колум менен, өзүмдүн алдымдан жейм жана табактын ортосунан же башкалардын алдынан жебейм.

Хадисте минтип келген:

«يَا غُلَامُ، سَمِّ اللهَ، وَكُلْ بِيَمِينِكَ، وَكُلْ مِمَّا يَلِيكَ».

"Оо, балакай! Аллахтын атын ата, оң колуң менен өзүңдүн алдыңдан алып же". Бухарий менен Муслим риваят кылган.

4. Эгер "Бисмилланы" айтууну унутуп калсам: "Бисмиллахи аввалаху ва ахираху" (Башталышында да, акырында да Аллахтын аты менен баштаймын) деп айтам.

Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан:

«إِذَا أَكَلَ أَحَدُكُمْ طَعَامًا، فَلْيَقُلْ: بِسْمِ اللهِ، فَإِنْ نَسِيَ فِي أَوَّلِهِ، فَلْيَقُلْ: بِسْمِ اللهِ فِي أَوَّلِهِ وَآخِرِهِ».

"Эгер силердин биринер тамак жесе, "Бисмиллах" деп айтсын. Эгер башында унутуп калса, "Бисмиллахи фи аввалихи ва аахирихи" (Башталышында да, акырында да Аллахтын аты менен баштаймын) деп айтсын". Тирмизи жана Ахмад риваят кылган.

5. Бар тамакка ыраазы болом, аны жамандабайм: жакса жейм, жакпаса жебей калтырып койом.

Абу Хурайранын (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде, ал мындай деген:

«مَا عَابَ النَّبِيُّ ﷺ طَعَامًا قَطُّ، إِنِ اشْتَهَاهُ أَكَلَهُ، وَإِلَّا تَرَكَهُ».

"Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эч качан тамакты жамандачу эмес, эгер көңүлү тартса жечү, болбосо жебей калтырып койчу".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

6. Тамактан бир нече үзүм жейм, көп

жебейм.

Хадисте минтип келген:

«مَا مَلَأَ آدَمِيٌّ وِعَاءً شَرًّا مِنْ بَطْنٍ، حَسْبُ الآدَمِيِّ لُقَيْمَاتٌ يُقِمْنَ صُلْبَهُ، فَإِنْ غَلَبَتِ الآدَمِيَّ نَفْسُهُ، فَثُلُثٌ لِلطَّعَامِ، وَثُلُثٌ لِلشَّرَابِ، وَثُلُثٌ لِلنَّفَسِ».

"Адам баласы толтура турган анын ашказанынан өткөн жаман идиш жок. Адам баласына анын дене-мүчөлөрүн кармап тургудай эле тамактанса жетиштүү. Эгер андан ашыкча жегиси келсе, анда аш казанын үчкө бөлүп, бир бөлүгүн тамакка, бир бөлүгүн суусундукка, бир бөлүгүн абага калтырсын".

Тирмизи жана Ибн Маажа риваят кылган.

7. Тамакты, ысык суусундукту үйлөп суутпайм. Өзү сууганча күтүп турам.

Хадисте минтип келген:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ ﷺ عَنِ النَّفْخِ فِي الطَّعَامِ وَالشَّرَابِ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тамакка жана суусундукка үйлөөдөн тыйган". Ахмад жана Ибн Маажа риваят кылган.

8. Үй-бүлөм же коноктор менен чогуу тамактанам.

Бир киши Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Биз жейбиз, бирок тойбойбуз» – деп айтканда, ал мындай деген:

«فَلَعَلَّكُمْ تَأْكُلُونَ مُفْتَرِقِينَ؟ اجْتَمِعُوا عَلَى طَعَامِكُمْ، وَاذْكُرُوا اسْمَ اللهِ تَعَالَى عَلَيْهِ، يُبَارَكْ لَكُمْ فِيهِ».

"Балким, силер бөлүнүп тамактансаңар керек. Тамагыңарга чогулуп, ага Аллах Тааланын ысымын атагыла, ошондо силер үчүн тамагыңар берекелүү болот".

Абу Дауд жана Ибн Маажа риваят кылган.

9. Өзүмдөн улуулардан мурун тамакка кол созбойм.

10. Суусундук ичерде Аллахтын атын айтамын, отуруп, үчкө бөлүп ичемин, идиштин ичине дем чыгарбаймын.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا شَرِبَ أَحَدُكُمْ، فَلَا يَتَنَفَّسْ فِي الإِنَاءِ».

"Силерден бирөөңөр ичкенде идиштин ичине демин чыгарбасын".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Анастын (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде минтип келген:

«أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ زَجَرَ عَنِ الشُّرْبِ قَائِمًا».

"Чынында Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тике туруп ичүүдөн тыйган".

Муслим риваят кылган.

Хадисте минтип келген:

«كَانَ رَسُولُ اللهِ ﷺ يَتَنَفَّسُ فِي الشَّرَابِ ثَلَاثًا».

"Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) суусундук ичкенде үч жолу дем алып, бөлүп-бөлүп иччү". Муслим риваят кылган.

11. Жеп, ичип бүткөндөн кийин Аллах Таалага алкыш-мактоо айтамын.

Хадисте минтип келген:

«إِنَّ اللهَ لَيَرْضَى عَنِ الْعَبْدِ أَنْ يَأْكُلَ الْأَكْلَةَ فَيَحْمَدَهُ عَلَيْهَا، أَوْ يَشْرَبَ الشَّرْبَةَ فَيَحْمَدَهُ عَلَيْهَا».

"Чынында, тамак жеп ал үчүн Аллахка мактоо айткан же суусундук ичип ал үчүн Аллахка мактоо айткан пендеге Аллах ыраазы болот". Муслим риваят кылган.

Кийим кийүү адеби:

13-суроо: Кийим кийүү адеби кайсылар?

Жооп: 1. Кийимимди оң жактан кийүүнү баштайм, жана ушул немат-жакшылыкты бергени үчүн Аллахка мактоо айтам.

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِذَا لَبِسْتُمْ، وَإِذَا تَوَضَّأْتُمْ، فَابْدَءُوا بِأَيَامِنِكُمْ».

"Кийим кийгениңерде жана даарат алганыңарда оң тарабыңардан баштагыла". Абу Дауд жана Имам Ахмад риваят кылган.

2. Кийимди кызыл ашыктан төмөн түшүрбөйм.

Хадисте минтип келген:

«مَا أَسْفَلَ مِنَ الْكَعْبَيْنِ مِنَ الإِزَارِ فَفِي النَّارِ».

"Кийимдин кызыл ашыктан ылдыйкысы тозокто". Бухари риваят кылган. Кызыл ашык – бул буттун эки капталындагы төмпөйүп турган сөөк.

3. Эркек балдар кыздардын кийимин кийбейт, кыздар да эркек балдардын кийимин кийбейт.

Хадисте минтип келген:

«لَعَنَ رَسُولُ اللهِ ﷺ الرَّجُلَ يَلْبَسُ لِبْسَةَ الْمَرْأَةِ، وَالْمَرْأَةَ تَلْبَسُ لِبْسَةَ الرَّجُلِ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдарча кийинген эркекке, жана эркектерче кийинген аялга наалат айтты".

Абу Дауд жана Ахмад риваят кылган.

4. Каапырларга жана бузукуларга кийим жагынан өзүн окшоштурбоо.

Хадисте минтип келген:

«مَنْ تَشَبَّهَ بِقَوْمٍ فَهُوَ مِنْهُمْ».

"Ким өзүн башка коомго окшотсо, анда ал ошолордон болот".

Абу Давуд риваят кылган.

5. Кийим чечүүдө "Бисмилланы" айтуу.

Хадисте минтип келген:

«سَتْرُ مَا بَيْنَ عَوْرَاتِ بَنِي آدَمَ وَالْجِنِّ، إِذَا وَضَعَ أَحَدُكُمْ ثَوْبَهُ أَنْ يَقُولَ: بِسْمِ اللهِ».

"Адам баласынын аврети менен жиндердин ортосундагы тосмо – силердин бириңер кийимин чечкенде «Бисмиллах» деп айтуусунда».

Ат-Табарани жана Ибну Аби Шайба риваят кылган.

6. Бут кийимди биринчи оң бутка кийип, чечкенде сол буттан чечүү.

Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айткан:

«كَانَ النَّبِيُّ ﷺ يُعْجِبُهُ التَّيَمُّنُ فِي تَنَعُّلِهِ، وَتَرَجُّلِهِ، وَطُهُورِهِ، وَفِي شَأْنِهِ كُلِّهِ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрөт эле". Бухари риваят кылган.

Улоого (же унаага) минүү адеби:

14-суроо: Улоого (же унаага) мингендеги адептер кайсылар?

Жооп: 1. "Бисмиллах, Алхамдулиллах" деп айтам. Анан:

﴿...سُبْحَانَ الَّذِى سَخَّرَ لَنَا هَذَا وَمَا كُنَّا لَهُ مُقْرِنِينَ ﴿١٣﴾ وَإِنَّآ إِلَىٰ رَبِّنَا لَمُنقَلِبُونَ﴿١٤﴾﴾

"Бизге ушуну моюн сундурган Аллах (кемчиликтүү сыпаттардан) Аруу-Таза! (Эгер Ал моюн сундурбаса) өзүбүздүн кудуретибиз жетмек эмес".

Биз Раббибизге кайтып барабыз» деген аятты окуйм.

(Зухруф, 13-14-аяттар).

2. Мусулмандардын жанынан өтсөм аларга салам айтам.

Жолдо жүрүү адеби:

15-суроо: Жолдо жүрүү адеби кандай?

Жооп: 1. Орточо ылдамдыкта басып, кичи пейил болуп жүрөм. Аллах Таала

минтип айткан:

﴿وَلَا تَمۡشِ فِي ٱلۡأَرۡضِ مَرَحًاۖ إِنَّكَ لَن تَخۡرِقَ ٱلۡأَرۡضَ وَلَن تَبۡلُغَ ٱلۡجِبَالَ طُولٗا ٣٧﴾

"Жер бетинде текеберлене-көөп жүрбөгүн! Сен бутуң менен жерди тешип жибере албайсың жана бийиктикте тоолорго тең келе албайсың!" (Исра сүрөсү, 37-аят).

2. Жолуккан адамга салам айтам.

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мусулманчылыктын жакшысы кайсы?" - деп суралганда, ал мындай деген:

«تُطْعِمُ الطَّعَامَ، وَتَقْرَأُ السَّلَامَ عَلَى مَنْ عَرَفْتَ وَمَنْ لَمْ تَعْرِفْ».

"Муктаждарды тойгузасың, таанышка да, бейтаанышка да салам айтасың".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

3. Көзүмдү сактаймын, эч кимге азар бербеймин.

4. Жакшылыкка буйруп, жамандыктан тыямын. Хадисте Пайгамбар, (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«فَأَعْطُوا الطَّرِيقَ حَقَّهَا». قَالُوا: وَمَا حَقُّ الطَّرِيقِ؟ قَالَ: «غَضُّ الْبَصَرِ، وَكَفُّ الْأَذَى، وَرَدُّ السَّلَامِ، وَالْأَمْرُ بِالْمَعْرُوفِ، وَالنَّهْيُ عَنِ الْمُنْكَرِ».

«Жолдун акысын бергиле». Сахабалар: «Жолдун акысы эмне?» – деп сурашты. Ал: «Көздү сактоо, зыян тийгизүүдөн сактануу, саламга жооп берүү, жакшылыкка үндөп, жамандыктан тыюу», – деди.

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

5. Зыяны тие турган нерселерди жолдон алып таштайм.

Хадисте минтип келген:

«وَيُمِيطُ الْأَذَى عَنِ الطَّرِيقِ صَدَقَةٌ».

"Зыяны тие турган нерсени жолдон алып таштоо да садага".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Үйгө кирүүнүн жана чыгуунун адептери:

16-суроо: Үйгө кирип-чыгуунун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Сол бутум менен чыгып, минтип айтам:

«بِسْمِ اللهِ، تَوَكَّلْتُ عَلَى اللهِ، لا حَوْلَ وَلا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ أَنْ أَضِلَّ أَوْ أُضَلَّ، أَوْ أَزِلَّ أَوْ أُزَلَّ، أَوْ أَظْلِمَ أَوْ أُظْلَمَ، أَوْ أَجْهَلَ أَوْ يُجْهَلَ عَلَيَّ».

"Аллахтын ысмы менен Аллахка тобокел кылдым (өзүмдү тапшырдым). Аллахтын күчүнөн өткөн күч жана Аллахтын кубатынан өткөн кубат жок. О Аллах! Сен мени адашуудан жана адаштырылуудан, тайылуудан жана тайдырылуудан, зулум кылуудан жана зулумга калуудан, билбей калуумдан жана мага билдирилбей калуудан Өзүң сактай көр".

2. Үйгө оң бутум менен кирип, минтип айтам:

«بِسْمِ اللهِ وَلَجْنَا، وَبِسْمِ اللهِ خَرَجْنَا، وَعَلَى رَبِّنَا تَوَكَّلْنَا».

"Аллахтын ысымы менен кирдик, Аллахтын ысымы менен чыктык жана Раббибизге тобокел кылдык".

3. Алгач мисвак менен оозумду тазалап, анан үйдөгүлөргө салам берем.

Хадисте минтип келген:

«كَانَ إِذَا دَخَلَ يَبْدَأُ بِالسِّوَاكِ».

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйгө киргенде мисвак менен оозун тазалоодон баштачу. Ибн Маажа риваят кылган.

Ажат өтөө адеби:

17-суроо: Ажат өтөө адеби кайсылар?

Жооп: 1. Сол бутум менен кирем.

2. Кирерден мурда минтип айтам:

«بِسْمِ اللهِ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْخُبْثِ وَالْخَبَائِثِ».

«Бисмиллах, Аллахым, мени жиндердин эркек-ургачысынын жамандыгынан сакта»

3. Ичинде Аллахтын зикири бар нерсени ажатканага алып кирбейм.

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат:

«كَانَ النَّبِيُّ ﷺ إِذَا دَخَلَ الْخَلاَءَ وَضَعَ خَاتَمَهُ».

"Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажатканага кирээрде шакегин чечип койчу".

Абу Дауд жана Ибн Маажа риваят кылган.

4. (Эгер талаа болсо) ажат өтөө учурунда далдаланып отурам.

Хадисте минтип келген:

«وَكَانَ أَحَبُّ مَا اسْتَتَرَ بِهِ رَسُولُ اللهِ ﷺ لِحَاجَتِهِ هَدَفٌ أَوْ حَائِشُ نَخْلٍ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кажетин бүтүрүү үчүн дөбөнүн артына же курма дарагынын далдасына баарууну жакшы көрчү". Муслим риваят кылган.

5. Ажат өтөөчү жайда сүйлөбөйм.

6. Ажат өтөп жаткан учурда кыбылага жүздөнбөйм жана артымды да салбайм.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَا تَسْتَقْبِلُوا الْقِبْلَةَ بِغَائِطٍ، أَوْ بِبَوْلٍ، وَلَكِنْ شَرِّقُوا أَوْ غَرِّبُوا».

«Чоң же кичине даарат ушатканда Кыбылага жүздөнбөгүлө, тескерисинче, чыгышты же батышты карагыла».

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Нажасатты тазалоодо сол колду колдоном, оң колду колдонбойм.

Хадисте минтип келген:

«لَقَدْ نَهَانَا... أَنْ نَسْتَنْجِيَ بِاليَمِينِ».

"(Пайгамбарыбыз) оң кол менен истинжа кылуудан ... тыйган".

Муслим риваят кылган.

8. Адамдар басып өтө турган жолго же элдин көлөкөсүнө ажат өтөбөймүн.

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айткан:

«اتَّقُوا اللَّعَانَيْنِ» قَالُوا: وَمَا اللَّعَانَانِ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: «الَّذِي يَتَخَلَّى فِي طَرِيقِ النَّاسِ، أَوْ فِي ظِلِّهِمْ».

"Эки наалатка калчу иштен сактангыла". Сахабалар: «О Аллахтын элчиси, ал эки наалатка калчу иш эмне?» – деп сурашты. Ал: «Адамдардын жолуна, же алардын көлөкөлөп отурчу жерине даарат ушатуу», – деди. Муслим риваят кылган.

9. Ажат өтөгөндөн кийин колумду жууйм. Жарирдин (Аллах андан ыраазы болсун) хадисинде ал мындай дейт: «Мен

пайгамбар менен бирге элем, ал даарат ушатуучу жайга барып, ажатын бүтүрдү, анан мындай деди:

«يَا جُرَيْرُ هَاتِ طَهُورًا» فَأَتَيْتُهُ بِالْمَاءِ، فَاسْتَنْجَى بِالْمَاءِ، وَقَالَ بِيَدِهِ، فَدَلَكَ بِهَا الْأَرْضَ».

«Эй Жарир, тазалана турган суу алып келчи». Мен ага суу алып бардым, ал суу менен истинжа кылып, колун жерге сүрттү. Насаий риваят кылган.

10. Ажатканадан сол бутум менен чыгып, "Гуфранака" (мени кечир) деп айтам.

Мечиттин адеби:

18-суроо: Мечит адептери кайсылар?

Жооп: 1. Мечитке оң бутум менен кирип, минтип айтам:

«بِسْمِ اللهِ، اللَّهُمَّ افْتَحْ لِي أَبْوَابَ رَحْمَتِكَ».

"Аллахтын ысымы менен, о Аллах! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач".

2. Эки ирекет намаз окумайынча отурбайм.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا دَخَلَ أَحَدُكُمْ الْمَسْجِدَ فَلَا يَجْلِسْ حَتَّى يُصَلِّيَ رَكْعَتَيْنِ».

"Силердин бирөөңөр мечитке киргенде, эки ирекет намаз окумайынча отурбасын". Бухарий менен Муслим риваят кылган.

3. Намаз окуп жаткандардын алдынан өтпөйм. Жоголгон буюмду мечитте сураштырып жарыя кылбайм. Мечиттин ичинде соода-сатык кылбайм. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَوْ يَعْلَمُ الْمَارُّ بَيْنَ يَدَيْ الْمُصَلِّي مَاذَا عَلَيْهِ لَكَانَ أَنْ يَقِفَ أَرْبَعِينَ خَيْرًا لَهُ مِنْ أَنْ يَمُرَّ بَيْنَ يَدَيْهِ».

«Намаз окуп жаткандын алдынан өткөн адам, эгер ага кандай күнөө болорун билсе, анын алдынан өткөндөн көрө кырк (жыл, ай, күн) токтоп туруусу ал үчүн жакшыраак болмок».

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«مَنْ سَمِعَ رَجُلًا يَنْشُدُ ضَالَّةً فِي الْمَسْجِدِ فَلْيَقُلْ لَا رَدَّهَا اللهُ عَلَيْكَ، فَإِنَّ الْمَسَاجِدَ لَمْ تُبْنَ لِهَذَا».

«Кимде-ким мечитте бирөөнүн жоголгон буюмун жарыялап жатканын укса, ага: “Аллах аны сага кайтарбасын”, - деп айтсын. Анткени, мечиттер бул үчүн курулган эмес». Муслим риваят кылган.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا رَأَيْتُمْ مَنْ يَبِيعُ أَوْ يَبْتَاعُ فِي الْمَسْجِدِ فَقُولُوا: لَا أَرْبَحَ اللهُ تِجَارَتَكَ».

«Мечитте сатып же сатып алып жаткан адамды көрсөңөр: «Аллах соодаңа киреше бербесин!» – деп айткыла».

Тирмизи жана Дарими риваят кылган.

4. Мечитти таза сактоого тырышам.

Хадисте ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат:

«أَمَرَ رَسُولُ اللهِ ﷺ بِبِنَاءِ الْمَسَاجِدِ فِي الدُّورِ، وَأَنْ تُنَظَّفَ وَتُطَيَّبَ».

«Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) конуштарда мечиттерди курууга, аларды таза кармоого жана жыпар жыттуу кылууга

буйруган».

Тирмизи, Абу Дауд жана Имам Ахмад риваят кылган.

5. Мечиттен сол бутум менен чыгып, минтип айтам:

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ».

«Аллахым, мен Өзүңдүн берешендигиңден суранамын».

Саламдашуу адептери:

19-суроо: Саламдашуу адептери кайсылар?

Жооп: 1. Мусулманга жолукканда «Ассаламу алайкум ва рахматуллахи ва баракатуху» деп, салам берүүдөн баштайм. Саламдан башка сөз менен баштабайм. Же колум менен ишара кылып койбойм.

2. Салам айткан адамга жарык маанай менен карайм. Хадисте минтип келген:

«لَا تَحْقِرَنَّ مِنَ الْمَعْرُوفِ شَيْئًا، وَلَوْ أَنْ تُلْقِيَ أَخَاكَ بِوَجْهٍ طَلِقٍ».

«Эч бир жакшылыкты кем санаба, эгерде мусулман бир тууганыңа жолуксаң ага

жылмаюу менен жүз көрүшүп болсо да (жакшылык кыл)». Муслим риваят кылган.

3. Аны менен оң колум менен кол алышам.

4. Эгер бирөө мага салам айтса, анын саламынан жакшыраак кылып, же саламынын өзүндөй кылып алик алам.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَإِذَا حُيِّيتُم بِتَحِيَّةٍ فَحَيُّواْ بِأَحۡسَنَ مِنۡهَآ أَوۡ رُدُّوهَاۗ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٍ حَسِيبًا ٨٦﴾

"Силерге салам (же салам сыяктуу сөз же белги) берилсе, андан да жакшыраак же болбосо өзүндөй кылып жооп кайтаргыла. Аллах бардык нерсени Эсептөөчү".

(Ниса сүрөсү, 86-аят).

5. Каапырга озунуп салам айтпайм, эгер ал салам берсе, ага "Ва алайкум" деп жооп кайтарам.

Хадисте минтип келген:

«لَا تَبْدَؤُوا الْيَهُودَ وَلَا النَّصَارَى بِالسَّلَامِ».

"Жөөттөргө жана христиандарга озунуп салам айтпагыла". Муслим риваят кылган.

6. Жашы кичүү адам жашы улууга, улоодогу адам жөө адамга, жөө адам отурган адамга, аз сандагы адам көп сандагы адамга салам айтат. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) мындай деген:

«يُسَلِّمُ الرَّاكِبُ عَلَى المَاشِي، وَالمَاشِي عَلَى القَاعِدِ، وَالقَلِيلُ عَلَى الكَثِيرِ».

"Улоодогу адам жөө адамга, жөө адам отурган адамга, азчылык көпчүлүккө салам айтат".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

7. Махрам эмес бөтөн аялдар менен кол алышпоо.

Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат:

«وَلَا وَاللهِ، مَا مَسَّتْ يَدُ رَسُولِ اللهِ ﷺ يَدَ امْرَأَةٍ قَطُّ».

"Аллахка ант, Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) колу эч качан бөтөн аялдын колуна

тийген эмес".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Уруксат суроо адеби:

20-суроо: Уруксат суроонун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Бир жерге кирерден мурун уруксат сурайм.

2. Үч жолу уруксат сурайм, андан ашырбайм, эгер уруксат бербесе, кайтып кетем.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا اسْتَأْذَنَ أَحَدُكُمْ ثَلاثًا فَلَمْ يُؤْذَنْ لَهُ، فَلْيَرْجِعْ».

"Эгер силердин бириңер үч жолу уруксат сурап, ага уруксат берилбесе, кайтып кетсин".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

3. Эшикти акырын кагып, анын бет маңдайына эмес, оң же сол тарабына туруп, «Ассаламу алейкум» деп айтам. Хадисте минтип келген:

«كانَ رَسُولُ اللهِ ﷺ إِذَا أَتَى بَابَ قَوْمٍ لَمْ يَسْتَقْبِلِ الْبَابَ مِنْ تَلْقَاءِ وَجْهِهِ، وَلَكِنْ

مِنْ رُكْنِهِ الْأَيْمَنِ أَوِ الْأَيْسَرِ وَيَقُولُ: السَّلَامُ عَلَيْكُمْ، السَّلَامُ عَلَيْكُمْ».

"Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бирөөнүн эшигине келгенде, эшиктин бет маңдайына турчу эмес, тескерисинче анын оң же сол тарабынан туруп: «Ассаламу алайкум, ассаламу алайкум» деп айтчу".

Абу Давуд риваят кылган.

4. Ата-энемдин бөлмөсүнө же башка бөлмөлөргө уруксат сурабастан кирбеймин, айрыкча Багымдат намазынан мурун, түшкү кайлула убагында жана Куптан намазынан кийин.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لِيَسۡتَـٔۡذِنكُمُ ٱلَّذِينَ مَلَكَتۡ أَيۡمَٰنُكُمۡ وَٱلَّذِينَ لَمۡ يَبۡلُغُواْ ٱلۡحُلُمَ مِنكُمۡ ثَلَٰثَ مَرَّٰتٖۚ مِّن قَبۡلِ صَلَوٰةِ ٱلۡفَجۡرِ وَحِينَ تَضَعُونَ ثِيَابَكُم مِّنَ ٱلظَّهِيرَةِ وَمِنۢ بَعۡدِ صَلَوٰةِ ٱلۡعِشَآءِۚ ثَلَٰثُ عَوۡرَٰتٖ لَّكُمۡۚ لَيۡسَ عَلَيۡكُمۡ وَلَا عَلَيۡهِمۡ جُنَاحُۢ بَعۡدَهُنَّۚ طَوَّٰفُونَ عَلَيۡكُم بَعۡضُكُمۡ عَلَىٰ بَعۡضٖۚ كَذَٰلِكَ يُبَيِّنُ ٱللَّهُ لَكُمُ ٱلۡأٓيَٰتِۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٞ ٥٨﴾

"О ыйман келтиргендер! Кулдарыңар менен күндөрүңөр жана эрезеге жетпеген бөбөктөрүңөр (силердин

бөлмөгө кирүү үчүн) үч маал уруксат сурашсын: Багымдат намазынан мурун (сырткы кийимиңерди кийе электе), Бешим убактысында(гы ысыктан) чечинип алганыңарда жана Куптан намазынан кийин (жатаарда). Ушул үч убак силер үчүн аврат (кийимсиз) болгон учурлар. Бул үч убактан башка убактарда (уруксатсыз кирсе) силерге да, аларга да күнөө жок. Алар силерге: бири-бириңерге аралашып жүрө бересиңер. Аллах силерге (өкүм) аяттарын мына ушинтип баяндайт. Аллах - Билүүчү, Даанышман".

(Нур сүрөсү, 58-аят).

5. Оорукана же дүкөн сыяктуу турак-жай болбогон жайларга уруксат сурабастан кирүүгө мүмкүн.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿لَّيْسَ عَلَيْكُمْ جُنَاحٌ أَن تَدْخُلُواْ بُيُوتًا غَيْرَ مَسْكُونَةٍ فِيهَا مَتَٰعٌ لَّكُمْ ۚ وَٱللَّهُ يَعْلَمُ مَا تُبْدُونَ وَمَا تَكْتُمُونَ ٢٩﴾

"Бирок, анда (үй-бүлө) жашабаган

жана силерге пайда(лануuга мүмкүн болгон мейманкана, кербен сарай сыяктуу жалпы) үйлөргө уруксат сурабай киришиңерде силер үчүн күнөө жок. Аллах силердин жашырганыңарды да, ачык кылганыңарды да билет".

(Нур сүрөсү, 29-аят).

Айбанаттарга жумшак мамиле кылуунун адептери:

21-суроо: Айбанатка жакшы мамиле кылуу адептери кайсылар?

Жооп: 1. Айбанаттарга жем берем, сугарам.

Хадисте минтип келген:

قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، وَإِنَّ لَنَا فِي الْبَهَائِمِ أَجْرًا؟ قَالَ: «فِي كُلِّ كَبِدٍ رَطْبَةٍ أَجْرٌ».

Алар: «О, Аллахтын элчиси, жан-жаныбарлар үчүн да бизге сооп-сый берилеби?» - деп сурашты. Ал: «Ар бир боору бүтүн жан үчүн сооп-сый берилет» - деди.

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ачкалыгынан ичи кабыргасына капталып калган төөнүн жанынан өтүп баратып, мындай деди:

«اتَّقُوا اللهَ فِي هَذِهِ البَهَائِمِ».

«Бул айбанаттардын акысы үчүн Аллахтан корккула». Абу Давуд риваят кылган.

2. Айбанаттарга мээримдүү, боорукер болуу. Аларга күчү жетпеген ишти кылдырбоо.

Хадисте Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَنْ رَبُّ هَذَا الْجَمَلِ؟ لِمَنْ هَذَا الْجَمَلُ؟ فَجَاءَ فَتًى مِنَ الْأَنْصَارِ فَقَالَ: لِي يَا رَسُولَ اللهِ. فَقَالَ: أَفَلا تَتَّقِي اللهَ فِي هَذِهِ الْبَهِيمَةِ الَّتِي مَلَّكَهُ اللهُ إِيَّاهَا؛ فَإِنَّهُ شَكَا إِلَيَّ أَنَّكَ تُجِيعُهُ وَتُدْئِبُهُ».

«Бул төөнүн ээси ким? Бул төө кимдики?» Ансарлардан бир жигит келип: «Меники, о Аллахтын элчиси», - деди. Ал: «Аллах сага ээлик кылып берген бул айбан

үчүн Аллахтан коркпойсуңбу? Анткени, ал мага сенин аны ачка калтырып, тынымсыз иштетип кыйнап жатканыңды арызданды», - деди. Абу Давуд жана Имам Ахмад риваят кылган. Тагыраак айтканда, чарчаганча иштетет.

3. Жаныбарларды эч кандай кыйнабайм жана ага зыян келтирбейм.

Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаагына эн салынган эшектин жанынан өтүп бара жатып, мындай деди:

«أَمَا بَلَغَكُمْ أَنِّي قَدْ لَعَنْتُ مَن وَسَمَ الْبَهِيمَةَ فِي وَجْهِهَا، أَوْ ضَرَبَهَا فِي وَجْهِهَا؟ فَنَهَى عَنْ ذَلِكَ».

«Силерге менин айбандын жаагына тамга баскан, же аны башына урган адамды наалаттаганым жетпедиби?» Ошентип ал андай кылууга тыюу салды. Муслим жана Абу Дауд риваят кылган, бул текст Абу Даудга тиешелүү.

Спорт адеби.

22-сурoo: Спорт менен машыгуунун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Спорт менен машыгууда Аллахка баш ийип, Анын ыраазылыгын табуу үчүн такыбалыкты ниет кылам.

2. Намаз убагында ойнобойбуз.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَوَيل لِّلۡمُصَلِّينَ ۝٤ الَّذِينَ هُمۡ عَن صَلَاتِهِمۡ سَاهُونَ ۝٥﴾

"(Кээ бир) намаз окуучуларга азап-тозок болсун!"

"Алар намаздарын унутуп коюшат". (Маун сүрөсү, 4-5-аяттар).

3. Эркек балдар кыздар менен бирге спорт менен машыкпайт.

4. Авретимди жапкан спорттук кийимди кием.

5. Бетке ура турган, авреттер ачык боло турган сыяктуу тыюу салынган спорттун түрлөрүнөн сактанам.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا قَاتَلَ أَحَدُكُمْ أَخَاهُ فَلْيَجْتَنِبِ الْوَجْهَ».

«Эгерде силердин биринер бир тууганы менен мушташса, жүзүнө уруудан сактансын». Муслим риваят кылган.

Тамашалашуу адептери:

23-уроо: Тамашалоонун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Тамашалашканда чын сүйлөө, жалган айтпоо.

Хадисте минтип келген:

«وَيْلٌ لِّلَّذِي يُحَدِّثُ فَيَكْذِبُ لِيُضْحِكُ بِهِ الْقَوْمَ، وَيْلٌ لَهُ، وَيْلٌ لَهُ».

"Азап болсун адамдарды күлдүрүү үчүн жалган айткан адамга, азап болсун, азап болсун!". Абу Дауд, Имам Ахмад жана Тирмизи риваят кылган.

2. Келекелөөдөн, шылдыңдоодон, азар берүүдөн жана коркутуудан сырткары тамашалашуу.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لا يَحِلُّ لِمُسْلِمٍ أَنْ يُرَوِّعَ مُسْلِمًا».

«Мусулманга мусулманды коркутууга болбойт». Абу Дауд жана Имам Ахмад риваят кылган.

3. Ашыкча тамашалабоо.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«وَلا تُكْثِرُوا الضَّحِكَ؛ فَإِنَّ كَثْرَةَ الضَّحِكِ تُمِيتُ الْقَلْبَ».

«Көп күлбө, анткени ашыкча күлкү жүрөктү өлтүрөт».

Тирмизи жана Ибн Маажа риваят кылган.

Чүчкүрүү адеби:

24-суроо: Чүчкүрүүнүн адептери кандай?

Жооп: 1. Чүчкүргөн учурда кол менен, кийим же колаарчы менен оозду жабуу.

2. Чөчкүргөндөн кийин «Алхамду лиллаах» деп, Аллахка шүгүр кылуу.

3. Бир тууганы же жанындагы адам ага:

«ярхамукаллах» деп айтсын.

Чүчкүргөн адам ага жооп кылып: «Яхди кумуллааху ва юслих баалакум» (Аллах силерди туура жолго баштап, абалыңарды оңдосун) деп айтсын.

Эсинөө адеби:

25-суроо: Эсинөөнүн адептери кайсылар?

Жооп: 1. Эстөөнү токтотууга аракет кылуу.

Хадисте минтип келген:

«التَّثَاؤُبُ مِنَ الشَّيْطَانِ، فَإِذَا تَثَاءَبَ أَحَدُكُمْ فَلْيَرُدَّهُ مَا اسْتَطَاعَ».

«Эстөө – шайтандан, эгер силерден бирөөңөр эстесе, аны алынын жетишинче токтотсун».

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

2. "Аах, аа" деп үнүн көтөрбөө.

Хадисте минтип келген:

«وَلَا يَقُلْ: آهِ آهِ، فَإِنَّ أَحَدَكُمْ إِذَا فَتَحَ فَاهُ، فَإِنَّ الشَّيْطَانَ يَضْحَكُ مِنْهُ».

"Аах-ах" деп айтпагыла, анткени силердин бириңер ушинтип оозун ачса,

андан шайтан күлөт». Ахмад риваят кылган.

3. Колу менен оозун жабуу.

Хадисте минтип келген:

«إِذَا تَثَاءَبَ أَحَدُكُمْ فَلْيُمْسِكْ بِيَدِهِ عَلَى فِيهِ؛ فَإِنَّ الشَّيْطَانَ يَدْخُلُ».

"Силерден бирөөңөр эсинесе, оозун колу менен жапсын. Анткени, эсинеген ооздон шайтан кирет". Муслим риваят кылган.

Дубанын адептери:

26-суроо: Дубанын адептери кайсылар?

Жооп: 1. Дубаны Аллахка шүгүрлөрдү жана мактоолорду айтуу менен баштоо.

2. Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават айтуу.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадисте минтип айткан:

«إِذَا صَلَّيْتَ، فَقَعَدْتَ، فَحَمِدْتَ اللهَ بِمَا هُوَ أَهْلُهُ، وَصَلَّيْتَ عَلَيَّ، ثُمَّ ادْعُهُ».

«Намаз окуп, анан отурганыңда Аллахка Өзүнө татыктуу болгондой алкыш-мактоо

айт, анан мага салават айт, андан кийин Аллахтан дуба кылып тилегиңди сура». Тирмизи риваят кылган.

3. Дуба кылганда колду өйдө көтөрүү.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ رَبَّكُمْ تَبَارَكَ وَتَعَالَى حَيِيٌّ كَرِيمٌ يَسْتَحْيِي مِنْ عَبْدِهِ إِذَا رَفَعَ يَدَيْهِ إِلَيْهِ أَنْ يَرُدَّهُمَا صِفْرًا».

«Чынында, силердин Улук жана Бийик Раббинер Уяттуу Берешен, Ал колун көтөрүп сураган пендесинин колун куру кайтаргандан уялат».

Тирмизи жана Абу Дауд риваят кылган.

4. Тообо кылуу жана күнөөнү моюнга алуу.

Муса пайгамбар дуба кылганда минтип айткан:

﴿قَالَ رَبِّ إِنِّي ظَلَمْتُ نَفْسِي فَٱغْفِرْ لِي فَغَفَرَ لَهُۥٓ إِنَّهُۥ هُوَ ٱلْغَفُورُ ٱلرَّحِيمُ ١٦﴾

"(Дагы) айтты: «О Раббим! Мен өзүмө зулумдук кылып алдым! Мени кечире көр! Анан Аллах аны кечирди. Чынында,

Бир Өзү гана (күнөөлөрдү) Кечирүүчү, Мээримдүү!" (Касас сүрөсү, 16-аят).

5. Көп дуба кылуу жана кайра-кайра кайталоо.

6. Дубанын кабыл болуусуна шашылбоо.

7. Күнөөгө же тууганчылыкты үзүүгө дуба кылбоо.

Хадисте минтип келген:

«لا يَزَالُ يُسْتَجَابُ لِلْعَبْدِ مَا لَمْ يَدْعُ بِإِثْمٍ أَوْ قَطِيعَةِ رَحِمٍ، مَا لَمْ يَسْتَعْجِلْ. قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، مَا الاستعجَالُ؟ قَالَ: يَقُولُ: قَدْ دَعَوْتُ، قَدْ دَعَوْتُ، فَلَمْ أَرَ يَسْتَجِيبُ لِي. فَيَسْتَحْسِرُ عِندَ ذَلِكَ، وَيَدَعُ الدُّعَاءَ».

"Пенде эгер күнөө ишти дуба кылбаса, же тууганчылыктан кол үзбөсө жана дубасынын кабыл болуусуна шашылбаса, анын дубасы кабыл болот". Сахабалар: "О Аллахтын элчиси, шашылуу дегениниз кандай?" деп сурашты. Ал: "Дуба кылдым, дуба кылдым, кабыл болгон жок" деп шашылат да, дуба кылууну таштап коёт" - деди. Бухарий жана Муслим риваят кылган.

8. Дуба кылганда үнүн акырын чыгаруу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿ٱدۡعُواْ رَبَّكُمۡ تَضَرُّعٗا وَخُفۡيَةٗۚ...﴾

"Раббиңерге жалбаруу менен, купуя дуба (ибадат) кылгыла!"

(Ааараф сүрөсү, 55-аят).

9. Дуба кылган учурда чын жүрөктөн берилип дуба кылуу.

Хадисте минтип келген:

«ادْعُوا اللهَ وَأَنْتُمْ مُوقِنُونَ بِالْإِجَابَةِ، وَاعْلَمُوا أَنَّ اللهَ لَا يَسْتَجِيبُ الدُّعَاءَ مِنْ قَلْبٍ غَافِلٍ لَاهٍ».

"Алахка дуба кылганда кабыл болоруна толук ишенип дуба кылгыла. Билгиле, Аллах капарсыз, кош көңүл жүрөктүн дубасын кабыл кылбайт".

Тирмизи риваят кылган.

10. Аллах Таалага чын ыкылас кылуу жана кыйынчылыкта да, жыргалчылыкта да жалгыз Аллахтан суроо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَأَنَّ ٱلۡمَسَٰجِدَ لِلَّهِ فَلَا تَدۡعُواْ مَعَ ٱللَّهِ أَحَدٗا ١٨﴾

"(Бардык) мечиттер Аллахка ибадат кылуу үчүн! Силер Аллахка кошуп башка “кудайларга” дуба кылбагыла!" (Жин сүрөсү, 18-аят).

11. Аллахтын көркөм ысымдары жана сыпаттарын айтып дуба кылуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلِلَّهِ ٱلۡأَسۡمَآءُ ٱلۡحُسۡنَىٰ فَٱدۡعُوهُ بِهَاۖ...﴾

"Аллахтын эң сонун ысымдары бар. Ага ошолор менен дуба кылгыла!" (Ааараф сүрөсү, 180-аят).

12. Кыбылага жүздөнүү. Хадисте минтип келген:

«فَمَا زَالَ يَهْتِفُ بِرَبِّهِ مَادًّا يَدَيْهِ مُسْتَقْبِلَ الْقِبْلَةَ، حَتَّى سَقَطَ رِدَاؤُهُ عَنْ مَنْكِبَيْهِ».

«Ал кыбылага жүздөнүп, колдорун созуп, Раббисине токтоосуз жалбара бергендиктен, ийиндеринен чепкени түшүп калды». Муслим риваят кылган.

13. Жегени, кийгени адал болушу керек. Хадисте минтип келген:

«ثُمَّ ذَكَرَ الرَّجُلَ يُطِيلُ السَّفَرَ، أَشْعَثَ أَغْبَرَ، يَمُدُّ يَدَيْهِ إِلَى السَّمَاءِ: يَا رَبِّ، يَا رَبِّ،

وَمَطْعَمُهُ حَرَامٌ، وَمَشْرَبُهُ حَرَامٌ، وَمَلْبَسُهُ حَرَامٌ، وَغُذِّيَ بِالْحَرَامِ، فَأَنَّى يُسْتَجَابُ لِذَلِكَ؟».

«Андан кийин алыс сапарга чыккан, чачы саксайып, үстү-башын чаң баскан, асманга колун көтөрүп: «О Раббим! О Раббим!» – деп дуба кылган адамды эскерди. Анын жегени арам, ичкени арам, кийгени арам, арамдан азыктанган, анан кантип анын дубасы кабыл болсун?!»

Муслим риваят кылган.

Ыйык Куранды окуунун адептери:

27-суроо: Тилават кылуунун адептери кайсылар?

Жооп: 1. Куранды даарат алып, таза абалда окуу.

2. Адептүү жана жайлуу отуруу.

3. Куран окурда Аллахтан шайтандын жамандыгынан коргоосун суранам.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿فَإِذَا قَرَأْتَ ٱلْقُرْءَانَ فَٱسْتَعِذْ بِٱللَّهِ مِنَ ٱلشَّيْطَٰنِ ٱلرَّجِيمِ ﴿٩٨﴾﴾

"Качан сен Куран окусаң (Аллахтын

ырайымынан) куулган шайтандан коргоо тилеп Аллахка сыйын!"

(Нахл сүрөсү, 98-аят).

4. Кыраатты тадаббур (пикир жүгүртүү) менен окуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿أَفَلَا يَتَدَبَّرُونَ ٱلْقُرْءَانَ أَمْ عَلَىٰ قُلُوبٍ أَقْفَالُهَآ ﴿٢٤﴾﴾

"Алар Куран жөнүндө ойлонушпайбы? Же жүрөктөрүндө кулпу барбы?" (Мухаммад сүрөсү, 24-аят).

***

Ахлактар бөлүмү

Ахлак илими:

Ахлак – бул, жакшылык менен жамандыктын маанисин билине турган илим. Ал Аллахка жана Ал жараткан макулуктарына кандай мамиле кылуу керектигин баяндайт.

1-суроо: Жакшы кулк-мүнөздүн артыкчылыгы кандай?

Жооп: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«أَكْمَلُ الْمُؤْمِنِينَ إِيمَانًا أَحْسَنُهُمْ خُلُقًا».

"Ыймандуулардын ыйманы толугу - кулк-мүнөзү жакшысы".

Тирмизи жана Ахмад риваят кылган.

2-суроо: Эмне үчүн Ислам ахлагын карманабыз?

Жооп: 1. Анткени ал Аллах Тааланын сүйүүсүнө себеп болот.

Хадисте минтип келген:

«أَحَبُّ عِبَادِ اللهِ إِلَى اللهِ تَعَالَى قَالَ أَحْسَنُهُم خُلُقًا».

"Аллах Таалага пенделеринин эң сүйүктүүсү – кулк-мүнөзү эң жакшысы". Хаким жана Табарани риваят кылган.

2. Макулуктардын сүйүүсүнө себеп болот.

3. Ал таразада салмак болот.

Хадисте минтип келген:

«أَثْقَلُ شَيْءٍ فِي الْمِيزَانِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ خُلُقٌ حَسَنٌ».

"Кыямат күнү таразага салмак боло турган эң оор нерсе – жакшы кулк-мүнөз". Абу Дауд жана Тирмизи риваят кылган.

Жакшы кулк-мүнөз сооптун эселенип көбөйүүсүнө себеп болот.

Хадисте минтип келген:

«إِنَّ الْمُؤْمِنَ يُدْرِكُ بِحُسْنِ خُلُقِهِ دَرَجَاتِ قَائِمِ اللَّيْلِ صَائِمِ النَّهَارِ».

"Чынында, ыймандуу адам жакшы кулк-мүнөзү менен түнү намазга турган жана күндүзү орозо тутканды даражасына жетет". Ахмад риваят кылган.

5. Ыймандын толуктугунун белгиси.

Хадисте минтип келген:

«أَكْمَلُ الْمُؤْمِنِينَ إِيمَانًا أَحْسَنُهُمْ خُلُقًا».

"Ыймандуулардын ыйманы толугу - кулк-мүнөзү жакшысы".

Абу Дауд жана Тирмизи ривият кылган.

3-суроо: Адеп-ахлакты кайдан алабыз?

Жооп: Ыйык Курандан алабыз. Аллах Таала айтты:

﴿إِنَّ هَذَا الْقُرْآنَ يَهْدِي لِلَّتِي هِيَ أَقْوَمُ...﴾

«Чынында, бул Куран (инсаниятты) эң туура жолго баштайт».

(Исра сүрөсү, 9-аят).

Пайгамбардын сүннөтүнөн: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«إِنَّما بُعِثْتُ لِأُتَمِّمَ صَالِحَ الأَخْلَاقِ».

"Мен жакшы кулк-мүнөздөрдү толуктоо үчүн жиберилгенмин".

Ахмад ривият кылган.

4-сурoo: Ихсан кулк-мүнөзү деген эмне жана анын көрүнүштөрү кайсылар?

Жооп: Ихсан - бул, Аллахтын дайыма көрүп турганын сезүү жана макулуктарга жакшылык кылуу.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ اللهَ كَتَبَ الْإِحْسَانَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ».

«Чынында, Аллах бардык нерсеге жакшылык кылууну буйруган».

Муслим риваят кылган.

Ихсандын түрлөрү:

✓ Аллах Таалага ибадатты эң жакшы кылуу – бул, Ага чын ыкластан ибадат кылуу дегенди билдирет.

✓ Ата-энеге тили менен да, иш-амалы менен да жакшылык кылуу.

✓ Туугандарга жана жакындарга жакшылык кылуу.

✓ Кошунага жакшылык кылуу.

✓ Жетимдерге жана жарды-жармачтарга жакшылык кылуу.

✓ Сага жамандык кылган адамга жакшылык кылуу.

✓ Талашып-тартышууда жакшылык кылуу.

✓ Сөз сүйлөөдө жакшылык кылуу.

✓ Айбанаттарга жакшылык кылуу.

5-суроо: Ихсандын тескериси эмне?

Жооп: Ихсандын тескериси – жамандык кылуу.

Мисалы: Аллахка ибадат кылуудагы ыкласты таштоо.

- Ата-энени нараазы кылуу.

- Тууганчылык байланышты үзүү.

- Кошунага жамандык кылуу.

- Кедейлерге жакшылык кылбоо, жана башка жаман сөздөр менен жаман иштер.

6-суроо: Аманаттын түрлөрү жана көрүнүштөрү кайсылар?

Жооп: 1. Аллах Тааланын укуктарын сактоодогу аманат.

Анын түрлөрү: Аллах Таала бизге парз кылган намаз, зекет, орозо, ажылык жана башка ибадаттарды аткарууда аманатка бек болуу.

2. Макулуктардын акыларын аманат катары сактоо:

- Адамдардын абийирин (ар-намысын) коргоо.

- Алардын мал-мүлкүн коргоо.

- Алардын канын коргоо.

- Алардын сырларын, ошондой эле адамдар сага аманат кылган бардык нерселерди бек сактоо.

Аллах Таала ийгиликке жетүүчүлөрдүн сыпаттарын эскерип мындай деген:

﴿وَالَّذِينَ هُمْ لِأَمَانَاتِهِمْ وَعَهْدِهِمْ رَاعُونَ ﴿٨﴾﴾

"Алар өздөрүнүн аманаттары менен

убадаларын аткаруучулар".

(Муьминун сүрөсү, 8-аят).

7-суроо: Аманаттын каршысы эмне?

Жооп: Кыянат. Бул Аллахтын жана адамдардын акысын бузуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَخُونُواْ ٱللَّهَ وَٱلرَّسُولَ وَتَخُونُوٓاْ أَمَـٰنَـٰتِكُمۡ وَأَنتُمۡ تَعۡلَمُونَ ٢٧﴾

"О ыйман келтиргендер! Аллахка, Анын пайгамбарына жана силерге ишенип тапшырылган аманаттарга билип туруп кыянат кылбагыла!"

(Анфал сүрөсү, 27-аят).

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«آيَةُ المُنافِقِ ثَلاثٌ» – وَذَكَرَ مِنْهَا – «وَإِذَا اؤْتُمِنَ خَانَ».

«Эки жүздүүнүн белгиси үчөө». Алардын бири: «аманат берилсе, ага кыянат кылуу». Бухарий менен Муслим риваят кылган.

8-сурoo: Чынчыл мүнөз деген кандай болот?

Жооп: Чындыкка дал келген нерсени, же бир ишти ал кандай болсо, ошондой айтуу.

Анын көрүнүштөрү:

- Адамдар менен сүйлөшүүдөгү чынчылдык.

- Убададагы чынчылдык.

- Ар бир сөздө жана иш-аракеттеги чынчылдык.

- Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ الصِّدقَ يَهْدِي إِلَى البِرِّ، وَإِنَّ البِرَّ يَهْدِي إِلَى الجَنَّةِ، وَإِنَّ الرَّجلَ لَيَصْدُقُ حَتَّى يَكُونَ صِدِّيقًا».

"Чындык жакшылыкка жетелейт, а жакшылык болсо бейишке алып барат. Адам ар дайым чын сүйлөсө, чынчыл болуп жазылат".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

9-сурoo: Чынчылдыктын карама-каршысы эмне?

Жооп: Жалган айтуу. Бул чындыктын тескериси. Адамдарга жалган айтуу, убадага турбоо жана жалган күбөлүк берүү.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«وإنَّ الكذِبَ يَهْدِي إِلَى الفُجُورِ، وَإِنَّ الفُجُورَ يَهْدِي إِلَى النَّارِ، وَإِنَّ الرَّجُلَ لَيَكذِبُ حَتَّى يُكتَبَ عِنْدَ اللهِ كَذَّابًا».

"Чынында, жалганчылык жамандыкка алып барат, ал эми жамандык тозокко жетелейт. Адам улам жалган сүйлөй берсе, Аллахтын алдында жалганчы деп жазылып калат".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«آيَةُ المُنافِقِ ثَلَاثٌ» -وَذَكَرَ مِنْهَا- «إِذَا حَدَّثَ كَذَبَ، وَإِذَا وَعَدَ أَخْلَفَ».

"Эки жүздүүнүн белгиси үчөө". Алардын ичинен буларды эскерген: «Сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада берсе,

анысын аткарбайт». Бухарий менен Муслим риваят кылган.

10-суроо: Сабырдын кандай түрлөрү бар?

Жооп: Аллах Таалага баш ийүүдө сабыр кылуу.

Күнөө кылуудан өзүн тыюууда сабыр кылуу.

Кыйын, оор тагдырларга сабыр кылуу жана ар бир абалда Аллахка алкыш-мактоо айтуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَٱللَّهُ يُحِبُّ ٱلصَّٰبِرِينَ﴾

"Аллах сабырдууларды сүйөт".

(Аалу Имран сүрөсү, 146-аят).

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«عَجَبًا لِأَمْرِ المُؤْمِنِ إِنَّ أَمْرَهُ كُلَّهُ خَيرٌ، وَلَيْسَ ذَلِكَ لِأَحَدٍ إِلَّا لِلمُؤْمِنِ؛ إِنْ أَصَابَتْهُ سَرَّاءُ شَكَرَ فَكَانَ خَيرًا لَهُ، وَإِنْ أَصَابَتْهُ ضَرَّاءُ صَبَرَ فَكَانَ خَيرًا لَهُ».

«Ыймандунун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай ыймандуу адам үчүн гана болот. Эгер ага кубаныч болсо, ага шүгүр кылат. Бул ал үчүн жакшы. Эгер ага зыян болсо, ага сабыр кылат. Бул да ал үчүн жакшы».

Муслим риваят кылган.

11-суроо: Сабырдуулуктун карама-каршысы эмне?

Жооп: Ибадатка сабыр кылбоо, күнөөдөн сактанууда сабыр кылбоо, сөз менен же иш менен тагдырга нааразылыгын билдирүү.

Анын кээ бир түрлөрү:

- Өлүмдү үмүт кылуу.

- Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айкан:

«لا يَتَمَنَّيَنَّ أَحَدُكُمُ الْمَوْتَ مِنْ ضُرٍّ أَصَابَهُ، فَإِنْ كَانَ لا بُدَّ فَاعِلًا فَلْيَقُلِ: اللَّهُمَّ أَحْيِنِي مَا كَانَتِ الْحَيَاةُ خَيْرًا لِي، وَتَوَفَّنِي إِذَا كَانَتِ الْوَفَاةُ خَيْرًا لِي».

«Силердин эч кимиңер башына түшкөн кыйынчылыктан улам өлүмдү көксөбөсүн. Эгер сөзсүз андай кылчу болсо, анда мындай деп айтсын: "Аллахым, эгер жашоо

мен үчүн жакшы болсо, мага өмүр бере көр. Эгер өлүм мен үчүн жакшы болсо, мага өлүм бере көр».

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

- Бети-башына ургулоо.

- Кийимдерин тытуу.

- Чачтарын жайып алуу.

- Өзүнө апаат тилеп дуба кылуу.

- Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَطَمَ الْخُدُودَ، وَشَقَّ الْجُيُوبَ، وَدَعَا بِدَعْوَى الْجَاهِلِيَّةِ»

"Бетин тытып, жакасын айрып, караңгы доордогу кылыгын кылгандар бизден эмес." Бухари риваят кылган.

- Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«إِنَّ عِظَمَ الْجَزَاءِ مَعَ عِظَمِ الْبَلَاءِ وَإِنَّ اللهَ إِذَا أَحَبَّ قَوْمًا ابْتَلَاهُمْ، فَمَنْ رَضِيَ فَلَهُ الرِّضَا، وَمَنْ سَخِطَ فَلَهُ السَّخَطُ».

"Сыйлыктын чоңдугу – сыноонун оордугуна жараша болот. Чынында, Аллах

бир коомду жакшы көрсө, аларды сынайт. Кимде-ким (сыноого) ыраазы болсо, ага Аллахтын ырааздылыгы болот. Ал эми кимде-ким нааразы болсо, ага Аллахтын каары болот".

Тирмизи жана Ибн Маажа риваят кылган.

12-суроо: Өз ара жардам берүү деген эмне?

Жооп: Адамдардын акыйкат жана жакшылыкта бири-бирине жардам берүүсү.

Жардам берүүнүн сүрөттөрү:

- Акыларды кайтарууда бири-бирине жардам берүү.

- Залымды кайтарууда жардамдашуу.

- Бей-бечаралардын кажетин чечүүгө жардамдашуу.

- Бардык жакшылык иште жардамдашуу.

Күнөө ишке, зыян берүүгө жана душмандыкка жардам берүүгө болбойт.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَتَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡبِرِّ وَٱلتَّقۡوَىٰۖ وَلَا تَعَاوَنُواْ عَلَى ٱلۡإِثۡمِ وَٱلۡعُدۡوَٰنِۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَۖ إِنَّ ٱللَّهَ شَدِيدُ ٱلۡعِقَابِ﴾

"Жакшылык жана такыба иштерде бири-бириңерге жардам бергиле. Душмандык жана күнөө иштерде бири-бириңерге жардам бербегиле. Аллахтан корккула! Аллахтын азабы катуу!" (Маида сүрөсү, 2-аят).

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, жана мактоосу болсун) минтип айтткан:

«المُؤْمِنُ لِلْمُؤْمِنِ كَالْبُنْيانِ؛ يَشُدُّ بَعْضُهُ بَعْضًا».

«Ыймандуу адам ыймандуу адамга бири-бирин кынаптап кармап турган курулуш сыяктуу".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан:

«المُسْلِمُ أَخُو المُسْلِمِ، لا يَظلِمُه، وَلا يُسْلِمُهُ، وَمَنْ كَانَ فِي حَاجَةِ أَخِيهِ، كَانَ اللهُ فِي حَاجَتِه، وَمَنْ فَرَّجَ عَنْ مُسْلِمٍ كُرْبَةً، فَرَّجَ اللهُ عَنهُ كُرْبَةً مِن كُرُباتِ يَومِ القِيَامَةِ، وَمَنْ سَتَرَ مُسْلِمًا، سَتَرَهُ اللهُ يَومَ القِيَامةِ».

"Мусулман – мусулмандын бир тууганы.

Ага зулум кылбайт, аны таштап койбойт. Ким бир тууганынын муктаждыгын аткарса, Аллах анын муктаждыгын аткарат. Ким бир мусулманды кайгыдан арылтса, Аллах аны Кыямат күнүнүн кайгыларынын биринен арылтат. Ким бир мусулмандын айыбын жашырса, Аллах Кыямат күнү анын айыбын жашырат".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

13-суроо: Уяттуулуктун түрлөрү кайсылар?

Жооп: 1. Аллах Тааладан уялуу: Бул Ага күнөө кылбоо менен болот.

2. Адамдардан уялуу: уятсыз жана жаман сөздөрдү сүйлөбөө жана авретти бекитүү.

- Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«الإِيمانُ بِضْعٌ وسَبعونَ» – أَوْ: «بِضْعٌ وسِتُّونَ» – «شُعْبَةً، أَعْلاهَا: قَوْلُ: لا إِلَهَ إِلَّا اللهُ. وَأَدْنَاهَا: إِمَاطَةُ الأَذَى عَنِ الطَّرِيقِ. وَالحَيَاءُ شُعْبَةٌ مِنَ الإِيمَانِ».

"Ыймандын жетимиштен, же алтымыштан көбүрөөк бутагы бар. Анын эң

бийиги "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып таштоо. Уяттуулук да ыймандын бир бутагы".

Муслим риваят кылган.

Суроо: Ырайымдуулуктун түрлөрү кайсылар?

Жооп: - Улууларга мээримдүү болуу жана аларды урматтоо.

- Жашы кичүүлөргө жана балдарга мээримдүү болуу. Хадисте минтип келген:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يُوَقِّرْ كَبِيرَنَا، وَيَرْحَمْ صَغِيرَنَا».

"Улууларыбызды урматтабагандар, кичүүлөрүбүзгө ырайым кылбагандар бизден эмес". Ахмад риваят кылган.

- Жакыр, кедей, муктаждарга мээримдүү болуу.

- Жаныбарларга мээримдүүлүк кылуу. Бул аларды тамактандыруу жана аларга зыян келтирбөө аркылуу болот.

Буга мисал, Пайгамбарыбыз (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«تَرَى المُؤْمِنِينَ فِي تَرَاحُمِهِم وَتَوَادِّهِم وَتَعَاطُفِهِم كَمَثَلِ الجَسَدِ، إِذَا اشْتَكَى عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ جَسَدِهِ بِالسَّهَرِ وَالحُمَّى».

"Ыймандуулар бири-бирин ырайым кылууда, жакшы көрүүдө жана жардам берүүдө бир бүтүн дене сыяктуу, дененин бир мүчөсү ооруса, уйкусуздукта жана ысытмада ага бардык мүчөлөр шерик болот".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«الرَّاحِمُونَ يَرحَمُهُمُ الرَّحْمَنُ، ارْحَمُوا أَهْلَ الأَرْضِ، يَرحَمُكُمْ مَن فِي السَّمَاءِ».

"Мээримдүүлөргө Мээримдүү Зат ырайым кылат. Жер жүзүндөгүлөргө ырайым кылгыла, силерге асмандагы Зат ырайым кылат".

Абу Дауд жана Тирмизи риваят кылган.

15-суроо: Жакшы көрүү мүнөзүнүн кандай түрлөрү бар?

Жооп: Аллах Тааланы жакшы көрүү.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَشَدُّ حُبّٗا لِّلَّهِ...﴾

"Ыймандуу адамдар Аллахты көбүрөөк сүйүшөт".

(Бакара сүрөсү, 165-аят).

Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүйүү.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِه، لا يُؤْمِنُ أَحَدُكُم حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيهِ مِن وَالِدِهِ وَوَلَدِهِ».

"Жаным Анын колунда болгон Затка ант! Силердин эч биригер мен ага атасынан да, баласынан да сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт".

Бухари риваят кылган.

Ыймандууларды жакшы көрүү жана өзүнө каалаган жакшылыкты аларга да каалоо.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) мындай деген:

«لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ».

"Силердин эч кимиңер өзүнө жакшы көргөн нерсени диндеш боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт". Бухари риваят кылган.

16-суроо: Жарык маанайда болуу деген эмне?

Жооп: Жүзү жарык, кубаныч, жылмаюу жана сыпайылык менен адамдарга жолукканда сүйүнүп турганын билдирүү.

Бул, адамдарды качыра турган кабагын чытуу сыяктуу жаман адаттын тескериси.

Мындай мүнөздүн артыкчылыгы тууралуу Абу Зар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте минтип айткан: Мага Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди:

«لَا تَحْقِرَنَّ مِنَ المَعْرُوفِ شَيْئًا، وَلَو أَنْ تَلْقَى أَخَاكَ بِوَجْهٍ طَلْقٍ».

«Эч бир жакшылыкты төмөн санаба, эгерде мусулман бир тууганыңа жолуксаң ага жылмайган жылуу жүзүң менен көрүшүп болсо да (жакшылык кыл)». Муслим риваят кылган.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«تَبَسُّمُكَ فِي وَجْهِ أَخِيكَ لَكَ صَدَقَةٌ».

«Мусулман бир тууганыңа карап жылмаюуң – сен үчүн садага болот». Тирмизи риваят кылган.

17-суроо: Көралбастык деген эмне?

Жооп: Башкалардагы жакшылыктын жок болуп кетишин каалоо же башкаларда жакшылык болуусун жактырбоо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ۝٥﴾

"Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан (сактоону тилейм)". (Фалак сүрөсү, 5-аят).

Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لَا تَبَاغَضُوا، وَلَا تَحَاسَدُوا، وَلَا تَدَابَرُوا، وَكُونُوا -عِبَادَ اللهِ- إِخْوَانًا».

«Бири-бириңерди жек көрбөгүлө. Бири-бириңерге көралбастык кылбагыла. Бири-бириңерден жүз бурбагыла. Эй, Аллахтын пенделери, бир тууган болуп жашагыла!". Бухарий жана Муслим риваят кылган.

18-суроо: Шылдыңдоо деген эмне?

Жооп: Мусулман бир тууганыңды мазактап, кемсинтүү. Бул туура эмес адат, мындай кылууга болбойт.

Аллах Таала мындайга тыюу салып минтип айткан:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا يَسۡخَرۡ قَوۡمٞ مِّن قَوۡمٍ عَسَىٰٓ أَن يَكُونُواْ خَيۡرٗا مِّنۡهُمۡ وَلَا نِسَآءٞ مِّن نِّسَآءٍ عَسَىٰٓ أَن يَكُنَّ خَيۡرٗا مِّنۡهُنَّۖ وَلَا تَلۡمِزُوٓاْ أَنفُسَكُمۡ وَلَا تَنَابَزُواْ بِٱلۡأَلۡقَٰبِۖ بِئۡسَ ٱلِٱسۡمُ ٱلۡفُسُوقُ بَعۡدَ ٱلۡإِيمَٰنِۚ وَمَن لَّمۡ يَتُبۡ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ ١١﴾

"О ыйман келтирген пенделер! Эч бир эл башка элди мазактабасын! Алар (мазакталгандар) булардан жакшыраак

болуп калуусу толук мүмкүн. Жана эч бир аялдар башка аялдарды шылдыңдабасын, алар булардан жакшыраак болуп калышы мүмүкүн. Өзүңөрдү-өзүңөр (жаман) ылакаптар менен мыскылдабагыла! Ыймандын артынан бузук ысым (менен аталуу) кандай жаман! Ал эми, кимде-ким тообо кылбаса, алар залымдар!"

(Хужурат сүрөсү, 11-аят).

19-суроо: Кичипейилдик деген эмне?

Жооп: Бул – адамдын өзүн башкалардан жогору көрбөстүгү, адамдарды басынтпоосу жана акыйкатты четке какпоосу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَعِبَادُ الرَّحْمَٰنِ الَّذِينَ يَمْشُونَ عَلَى الْأَرْضِ هَوْنًا﴾

"Чексиз Ырайымдуунун пенделери… алар жер бетинде кичипейил-салабаттуу жүрүшөт".

(Фуркан сүрөсү, 63-аят). Башкача

айтканда: кичипейилденип, жөнөкөй (жүрүшөт).

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты:

«وَمَا تَوَاضَعَ أَحَدٌ لِلهِ إِلَّا رَفَعَهُ اللهُ».

"Аллах үчүн кичи пейил болгон пендени Аллах даражасын көтөрөт".

Муслим риваят кылган.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) минтип айткан:

«إِنَّ اللهَ أَوْحَى إِلَيَّ أَنْ تَوَاضَعُوا، حَتَّى لا يَفْخَرَ أَحَدٌ عَلَى أَحَدٍ، وَلا يَبْغِيَ أَحَدٌ عَلَى أَحَدٍ».

"Чындыгында, Аллах мага кичипейил болгула, деги эле бирөө бирөөгө мактанбасын, бирөө бирөөгө зулум кылбасын - деп аян-кабар кылды".

Муслим риваят кылган.

20-суроо: Арам кылынган текеберликтин түрлөрү кайсылар?

Жооп: 1. Акыйкатка карата текеберлик –

акыйкатты четке кагуу жана аны кабыл албоо.

2. Адамдарга текеберлик кылуу, бул – аларды кемсинтип, басынтуу аркылуу болот.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы, саламаттыгы жана мактоо дубасы болсун) минтип айткан:

«لَا يَدخُلُ الجَنَّةَ مَن كَانَ فِي قَلْبِه مِثْقالُ ذَرَّةٍ مِنْ كِبْرٍ».

«Жүрөгүндө кыпындын салмагындай текеберлиги бар адам бейишке кирбейт». Анда бирөө: Эгер киши кийими, же бут кийими кооз болуусун кааласачы? - деп сурады эле, ал минтти:

«إنَّ اللهَ جَميلٌ يُحِبُّ الجَمَالَ، الكِبْرُ: بَطَرُ الحَقِّ، وَغَمْطُ النَّاسِ».

"Аллах Таала сулуу, сулуулукту жакшы көрөт. Ал эми текеберлик - бул, чындыкты четке кагып, адамдарды басынтуу"

Муслим риваят кылган.

Акыйкатты тоотпостук: аны четке кагуу болуп эсептелет.

Адамдарды басынтуу: аларды

кемсинтүү.

Жакшы кийим жана жакшы бут кийим текеберчиликке жатпайт.

21-суроо: Арам кылынган алдамчылыктын кээ бир түрлөрү кайсылар?

Жооп: Соода-сатыктагы алдоо. Бул буюмдун кемчилигин жашыруу.

- Илим үйрөнүүдөгү алдамчылык, мисалы, студенттердин сынактагы алдамчылыгы.

- Сөз менен алдоо: жалган күбөлүк берүү жана жалган сүйлөө.

- Айткан сөзүн жана адамдар менен келишкен келишимин аткарбоо.

- Алдоого тыюу салуу жөнүндө: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйүлгөн дандын жанынан өтүп бара жатып, ага колун салганда, манжалары нымдалып калды эле, ал мындай деди:

«مَا هَذَا يَا صَاحِبَ الطَّعَامِ؟» قَالَ: أَصَابَتْهُ السَّمَاءُ يَا رَسُولَ اللهِ. قَالَ: «أَفَلَا جَعَلْتَه فَوْقَ الطَّعَامِ كَيْ يَرَاهُ النَّاسُ؟ مَن غَشَّ فَلَيْسَ مِنِّي».

"Сатуучу, бул эмнеге мындай?" Жамгыр ушундай кылыптыр, о, Аллахтын элчиси - деди тиги. Ошондо: "Алган адамдар көрө турган кылып нымын үстүнө чыгарып койбойсуңбу? Ким бизди алдаса, ал бизден эмес" - деди. Муслим риваят кылган.

Субра: азык-түлүктүн үймөгү.

22-суроо: Кыйбат деген эмне?

Жооп: Мусулман бир тууганыңдын артынан, ал өзү укса жактырбай турган нерсени айтуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَلَا يَغْتَبْ بَعْضُكُمْ بَعْضًا أَيُحِبُّ أَحَدُكُمْ أَنْ يَأْكُلَ لَحْمَ أَخِيهِ مَيْتًا فَكَرِهْتُمُوهُ وَاتَّقُوا اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ تَوَّابٌ رَحِيمٌ ﴿١٢﴾﴾

"Бири-бириңерди кыйбат кылбагыла! Силерден бириңер өз бир тууганынын этин жегенди жактырабы?! Жактырбайсыңар го! Аллахтан корккула! Чынында, Аллах тооболорду

Кабылдоочу, Боорукер!"

(Хужурат сүрөсү, 12-аят).

23-суроо: Ушак айтуу деген эмне?

Жооп: Адамдардын ортосунда бузукулук кылуу үчүн сөз ташуу.

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«لا يَدخُلُ الجَنَّةَ نَمَّامٌ».

«Ушакчылар бейишке кирбейт».

Муслим риваят кылган.

24-суроо: Жалкоолук деген эмне?

Жооп: Жакшы иштерди кылуудан жана аткаруусу милдет болгон иштерди аткаруудан зеригүү(оор көрүү.

Анын бири: Важыбдарды аткарууда жалкоолук кылуу.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿إِنَّ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ يُخَٰدِعُونَ ٱللَّهَ وَهُوَ خَٰدِعُهُمۡ وَإِذَا قَامُوٓاْ إِلَى ٱلصَّلَوٰةِ قَامُواْ كُسَالَىٰ يُرَآءُونَ ٱلنَّاسَ وَلَا يَذۡكُرُونَ ٱللَّهَ إِلَّا قَلِيلٗا ١٤٢﴾

"Эки жүздүүлөр (өздөрүнчө) Аллахты алдамакчы болушат. Бирок, Аллах өздөрүн «алдап» койот. Жана эгер намазга турчу болушса, жалкоолонуп турушат. Элдин көзүнө көрүнүү үчүн (гана ибадат кылышат). Аллахты өтө аз эскеришет". (Ниса сүрөсү, 142-аят).

Ыймандуу адамга жалкоолукту, шалаакылыкты жана аракетсиздикти таштап, бул жашоодо Аллах Таала ыраазы боло тургандай иштерди кылуу, аракеттенүү жана тырышчаак болуу зарыл.

25-суроо: Ачууланууунун кандай түрлөрү бар?

Жооп: 1. Мактоого татыктуу ачууланууу. Бул каапырлар, мунафыктар жана башкалар Аллах Тааланын тыюу салган иштерин бузганда ачууланууу.

2. Жек көрүлгөн ачууланууу. Бул адамды кылбай турган ишти кылдырып, айтпай турган сөздү айттырган ачууланууу.

Жаман көрүлгөн ачууланууну төмөнкүдөй жолдор менен басууга болот:

- Даарат алуу.

- Туруп турган болсо – отуруу, отуруп турган болсо – жатуу.

- Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Ачууланба" деген насаатын бекем кармоо.

- Ачууланганда ойлонбой иш кылуудан өзүн кармоо.

- Каргышка калган шайтандан коргоону Аллахтан сурануу.

- Унчукпай туруу.

26-суроо: Тыңчылык кылуу деген эмне?

Жооп: Адамдардын жашырган кемчилик-айыптарын ачуу жана изденүү.

Анын тыюу салынган түрлөрү:

- Ар кайсы үйдөгү адамдардын уяттуу жерлерин кароо.

- Адамдардын сөздөрүн аларга билгизбей тыңшоо.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿...وَلَا تَجَسَّسُوا ...﴾

"... жана бири-бириңерди аңдыбагыла ...". (Хужурат сүрөсү, 12-аят).

27-суроо: Ысрап деген эмне? Сараңдык деген эмне? Жоомарттык деген эмне?

Ысырапкорлук – бул, каражатты керексиз жакка сарптоо. Анын тескериси сараңдык. Бул каражатты тийишелүү ордуна сарптоодон карманууу.

Туурасы, бул экөөнүн ортосун карманып, мусулмандын жоомарт болгону.

Аллах Таала минтип айткан:

﴿وَٱلَّذِينَ إِذَآ أَنفَقُواْ لَمۡ يُسۡرِفُواْ وَلَمۡ يَقۡتُرُواْ وَكَانَ بَيۡنَ ذَٰلِكَ قَوَامٗا ٦٧﴾

"Алар эгер (дин жолунда мал-дүйнөсүн) сарпташса, ысырапчыл да болушпайт, сараң да болушпайт. Ушунун ортолугунда (адилеттүүлүктө) турушат". (Фуркан сүрөсү, 67-аят).

28-суроо: Коркоктук деген эмне? Эр жүрөктүүлүк деген эмне?

Жооп: Коркууга тийиш болбогон нерседен коркуу - бул, коркоктук.

Мисалы, акыйкатты айтуудан жана туура эмес иштен тыюудан коркуу.

Эр жүрөктүүлүк – бул, акыйкат үчүн алга чыгуу. Мисалы, Исламды жана мусулмандарды коргоо үчүн согуш талаасында алдыга чыгуу, ж.б.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дубасында мындай деп айтчу:

«اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الجُبْنِ...».

«Оо, Аллах, Мени коркоктуктан Өзүң сакта...».

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген:

«المُؤْمِنُ القَوِيُّ خَيرٌ وَأَحَبُّ إِلَى اللهِ مِنْ المُؤْمِنِ الضَّعِيفِ، وَفِي كُلٍّ خَيْرٌ».

«Күчтүү момун алсыз момунга

караганда Аллахка жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Анткен менен алардын экөөсүндө тең жакшылык бар». Муслим риваят кылган.

29-суроо: Тилге тиешелүү тыюу салынган сөздөр кайсылар?

Жооп: - Наалат-каргыш айтуу, сөгүү.

- "Сен айбансың" деген сыяктуу жаман сөздөрдү айтуу.

- Же уяттуу жерлер тууралуу бузуку жана ыплас сөздөрдү айтуу.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ошонун баарынан тыйып, мындай деген:

«لَيْسَ الْمُؤْمِنُ بِالطَّعَّانِ، وَلَا اللَّعَّانِ، وَلَا الفَاحِشِ، وَلَا البَذِيءِ».

"Бирөөлөрдүн ата тегин кемсинткен, бирөөлөргө каргыш айткан, бузук иштерди кылган, уят сөздөрдү сүйлөгөн адамдын ыйманы толук болбойт".

Тирмизи жана Ибн Хиббан риваят кылган.

30-суроо: Мусулмандын жакшы мүнөз менен калыптанышына кайсы себептер жардам берет?

Жооп: 1. Аллах Тааладан сага жакшы кулк-мүнөз беришин жана ага жардам беришин сурап дуба кылуу.

2. Аллах Таала менен тыгыз байланышта болуу. Ал сени көзөмөлдөп, билип, угуп жана көрүп турат.

3. Жакшы кулк-мүнөздүн сообун эстөө, ал бейишке кирүүгө себеп болот.

4. Жаман кулк-мүнөздүн акыбети жана анын тозокко киргизүүгө себеп болорун эстөө.

5. Жакшы кулк-мүнөз Аллах Тааланын сүйүүсүн жана Анын пенделеринин сүйүүсүн алып келет. Ал эми жаман кулк-мүнөз Аллахтын жек көрүүсүн жана Анын пенделеринин жек көрүүсүн алып келет.

6. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өмүр баянын окуу жана андан үлгү алуу.

Жакшы адамдар менен бирге болуу жана жаман адамдардан алыс болуу.

***

Дуба жана зикирлер бөлүмү

Зикир илими:

Зикирдин аныктамасы: Ал – тил менен Аллахка тахлил, такбир, тасбих жана мактоо айтуу, кечирим тилөө, Аллах Таалага алкыш айтуу, ошондой эле эртең мененки жана кечки зикирлерди, намаздардагы зикирлерди, уктаарда, ойгонгондо айтылуучу зикирлерди жана Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келген башка сөздөр менен дубаларды айтуу.

Эң жакшы зикир – жүрөк менен тилдин төп келгени.

1-суроо: Зикирдин артыкчылыгы эмне?

Жооп: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

«مَثَلُ الَّذِي يَذْكُرُ رَبَّهُ وَالَّذِي لَا يَذْكُرُ رَبَّهُ، مَثَلُ الْحَيِّ وَالْمَيِّتِ».

"Раббисин эстеп, зикир кылган киши менен зикир кылбаган кишинин мисалы - тирүү адам менен өлүк адам сыяктуу".

Бухарий риваят кылган.

Анткени инсандын жашоосунун кадыры – анын Аллах Тааланы эстөөсүнүн өлчөмүнө жараша болот.

2-суроо: Зикир кылуунун айрым пайдаларын атап өтүңүз.

Жооп: 1. Зикр Аллах Тааланы ыраазы кылат.

2. Шайтанды кууйт.

3. Мусулманды ар кандай жамандыктардан коргойт.

4. Зикр аркылуу сооп-сыйлыкка ээ болот.

3-суроо: Зикирдин эң абзели кайсы?

ج: «لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ».

Жооп: «Лаа илааха иллаллооху» келмеси.

Тирмизи жана Ибн Маажа риваят кылган.

4-суроо: Уйкудан ойгонгондо эмне деп айтуу керек?

ج: «الْحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي كَسَانِي هَذَا الثَّوْبَ وَرَزَقَنِيهِ مِنْ غَيْرِ حَوْلٍ مِنِّي وَلَا قُوَّةٍ».

Жооп: "Бизди өлтүргөндөн соң кайра тирилткен Аллахка алкыш-мактоолор болсун жана баарыбыз анын Өзүнө кайтабыз".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

5-суроо: Кийим кийгенде эмне деп айтуу керек?

ج: «الْحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي كَسَانِي هَذَا الثَّوْبَ وَرَزَقَنِيهِ مِنْ غَيْرِ حَوْلٍ مِنِّي وَلَا قُوَّةٍ».

Жооп: «Мага ушул кийимди кийгизген жана менден эч кандай күч-кубат, аракет жумшалбаса да, аны мага ырыскы кылып берген Аллахка мактоолор болсун».

Абу Дауд, Тирмизи жана башкалар риваят кылган.

6-суроо: Кийимди чечкенде кандай дуба кылуу керек?

ج: «بِسْمِ اللهِ».

Жооп: "Бисмиллах".

Тирмизий риваят кылган.

7-суроо: Жаңы кийим кийгенде кандай дуба кылуу керек?

ج: «اللَّهُمَّ لَكَ الْحَمْدُ أَنْتَ كَسَوْتَنِيهِ، أَسْأَلُكَ خَيْرَهُ وَخَيْرَ مَا صُنِعَ لَهُ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّهِ وَشَرِّ مَا صُنِعَ لَهُ».

Жооп: "Оо, Аллах! Сага мактоо болсун! Муну мага Сен кийгиздиң. Мен сенден ушул кийимдин жакшылыгын жана ал жасалган нерсенин жакшылыктарын сураймын. Анын жамандыгынан жана ал жасалган нерсенин жамандыктарынан сактоону Өзүңдөн тилеймин".

Абу Дауд жана Тирмизий риваят кылган.

8-суроо: Жаңы кийим кийген кишиге кандай дуба кылуу керек?

Жооп: Бирөө жаңы кийим кийгенин көрсөң, ага минтип дуба кылуу керек:

«تُبْلِي وَيُخْلِفُ اللهُ تَعَالَى».

"(Кийгениң) эскирсин. Аллах Таала

башкасын берсин".

Абу Давуд риваят кылган.

9-суроо: Ажатканага кирерде кандай дуба айтуу керек?

ج: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الْخُبْثِ وَالْخَبَائِثِ».

Жооп: «Аллахым, мени жиндердин эркек-ургачысынын жамандыгынан сакта».

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

10-суроо: Ажаткандан чыкканда кандай дуба кылуу керек?

ج: «غُفْرَانَكَ».

Жооп: «Оо, Аллах, кечиришиңди сурайм».

Абу Дауд жана Тирмизий риваят кылган.

11-суроо: Даарат алуудан мурда кандай дуба айтуу керек?

ج: «بِسْمِ اللهِ».

Жооп: "Бисмиллах".

Абу Давуд жана башкалар риваят

кылган.

12-суроо: Даарат алып болгондо кандай дуба айтуу керек?

ج: «أَشْهَدُ أَنْ لا إِلٰهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لا شَرِيكَ لَهُ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ».

Жооп: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Ал жалгыз, Анын шериги жок, жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси деп күбөлүк берем».

Муслим риваят кылган.

13-суроо: Үйдөн чыгып баратканда кандай дуба айтуу керек?

ج: «بِسْمِ اللهِ، تَوَكَّلتُ عَلَى اللهِ، وَلا حَوْلَ وَلا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ».

Жооп: «Аллахтын ысмы менен Аллахка тобокел кылдым (өзүмдү тапшырдым). Аллахтын күч-кубатынан өткөн күч-кубат жок».

Абу Дауд жана Тирмизи риваят кылган.

14-суроо: Үйгө киргенде кандай дуба айтуу керек?

ج:«بِسْمِ اللهِ وَلَجْنَا، وَبِسْمِ اللهِ خَرَجْنَا، وَعَلَى اللهِ رَبِّنَا تَوَكَّلْنَا، ثُمَّ لِيُسَلِّمْ عَلَى أَهْلِهِ».

Жооп: «Аллахтын ысымы менен кирдик. Аллахтын ысымы менен чыктык жана Раббибиз Аллахка тобокел кылдык" Анан үй ичиндегилерге салам берет.

Абу Давуд риваят кылган.

15-суроо: Мечитке киреpде кандай дуба айтуу керек?

ج: «اللَّهُمَّ افْتَحْ لِي أَبْوَابَ رَحْمَتِكَ».

Жооп: "Оо, Аллахым! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач".

Муслим риваят кылган.

16-суроо: Мечиттен чыгарда кандай дуба айтуу керек?

ج: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ».

Жооп: "Аллахым, мен Өзүңдүн

берешендигиңден суранамын".

Муслим риваят кылган.

17-суроо: Азанды укканда эмне деп айтуу керек?

ج: «أَقُولُ مِثْلَ مَا يَقُولُ المُؤَذِّنُ إِلَّا فِي: «حَيَّ عَلَى الصَّلَاةِ» وَ«حَيَّ عَلَى الفَلَاحِ» فَأَقُولُ: «لا حَوْلَ وَلا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ».

Жооп: Азанчыны артынан кайталап, анан «хайя алас-сола» жана «хайя алал фалах» дегенде, «лаа хавла ва лаа куввата илла биллах» деп айтамын.

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

18-суроо: Азан айтылып бүткөндө эмне деп айтуу керек?

ج: «تُصَلِّي عَلَى النَّبِيِّ ﷺ».

Жооп: «Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават айтуу керек».

Муслим риваят кылган.

Анан төмөнкү дубаны айтуу керек:

«اللَّهُمَّ رَبَّ هَذِهِ الدَّعْوَةِ التَّامَّةِ، وَالصَّلاَةِ الْقَائِمَةِ، آتِ مُحَمَّدًا الْوَسِيلَةَ وَالْفَضِيلَةَ، وَابْعَثْهُ مَقَامًا مَحْمُودًا الَّذِي وَعَدتَهُ».

«Оо, Аллах! Оо, ушул толук чакыруунун жана тургузулган намаздын Раббиси! Мухаммадга васила (өзгөчө орун) жана артыкчылыгыңды бер! Аны Өзүң убада кылган даңкталган орунда тирилт!» Бухарий риваят кылган.

Азан менен икооматтын ортосунда да дуба кылынат. Себеби бул учурдагы дуба артка кайтарылбайт.

19-суроо: Эртең менен жана кечинде кайсы зикирлерди айтасың?

Жооп: 1. "Аят ал-Курси"ни окуймун:

﴿ٱللَّهُ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡحَيُّ ٱلۡقَيُّومُۚ لَا تَأۡخُذُهُۥ سِنَةٞ وَلَا نَوۡمٞۚ لَّهُۥ مَا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِۗ مَن ذَا ٱلَّذِي يَشۡفَعُ عِندَهُۥٓ إِلَّا بِإِذۡنِهِۦۚ يَعۡلَمُ مَا بَيۡنَ أَيۡدِيهِمۡ وَمَا خَلۡفَهُمۡۖ وَلَا يُحِيطُونَ بِشَيۡءٖ مِّنۡ عِلۡمِهِۦٓ إِلَّا بِمَا شَآءَۚ وَسِعَ كُرۡسِيُّهُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضَۖ وَلَا يَـُٔودُهُۥ حِفۡظُهُمَاۚ وَهُوَ ٱلۡعَلِيُّ ٱلۡعَظِيمُ ٢٥٥﴾

"Аллах – Андан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал (түбөлүк) Тирүү, (бардыгын) башкарып Туруучу. Ал

үргүлөбөйт жана уктабайт. Асмандар менен жердегинин баары Ага тандык. Эч ким Анын алдында, Анын уруксаты болмоюнча шапаат-колдоо көрсөтө албайт. Ал алардын келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми, алар болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билбейт. Анын Курсийи асмандар жана жерди камтып турат. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Ага эч тоскоолдук кылбайт. Ал Бийик жана Улуу Зат!" (Бакара сүрөсү, 255-аят).

2- Дагы төмөнкү аятты окуймун:

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ هُوَ ٱللَّهُ أَحَدٌ ۝١ ٱللَّهُ ٱلصَّمَدُ ۝٢ لَمْ يَلِدْ وَلَمْ يُولَدْ ۝٣ وَلَمْ يَكُن لَّهُۥ كُفُوًا أَحَدٌۢ ۝٤﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айт (оо, Мухаммад:) Ал – Аллах жалгыз!

Аллах – Сомад (Беймуктаж).

Ал туубаган жана да туулбаган!

Жана эч ким Ага тең эмес!"

(Ихлас сүрөсү, 1-4-аяттар) бул сүрө үч жолу окулат.

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلْفَلَقِ ۝١ مِن شَرِّ مَا خَلَقَ ۝٢ وَمِن شَرِّ غَاسِقٍ إِذَا وَقَبَ ۝٣ وَمِن شَرِّ ٱلنَّفَّٰثَٰتِ فِي ٱلْعُقَدِ ۝٤ وَمِن شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ۝٥﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айт (оо, Мухаммад): «Таң Раббисинен коргоо тилеймин:

(Өзү) жараткан (зыяндуу) нерселердин жамандыгынан...

Каптап кирген учурдагы (караңгы) түндүн жамандыгынан...

Түйүндөргө дем салган сайкырчы аялдардын жамандыгынан...

Сугун арткан учурда, көрө албаган кишинин жамандыгынан".

(Фалак сүрөсү, 1-5-аяттар) үч жолу окулат.

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ ﴿قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ ٱلنَّاسِ ۝١ مَلِكِ ٱلنَّاسِ ۝٢ إِلَٰهِ ٱلنَّاسِ ۝٣ مِن شَرِّ ٱلْوَسْوَاسِ ٱلْخَنَّاسِ ۝٤ ٱلَّذِى يُوَسْوِسُ فِي صُدُورِ ٱلنَّاسِ ۝٥ مِنَ ٱلْجِنَّةِ

وَٱلنَّاسِ ﴿٦﴾

Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын).

"Айткын (оо, Мухаммад): «Мен инсандардын Раббисинен,

Инсандардын падышасынан,

инсандардын (сыйынууга татыктуу болгон) Кудайынан коргоо тилеймин.

(Аллахтын ысымы айтылганда) жашынып калуучунун жамандыгынан.

Ал (шайтан) адамдардын көкүрөгүнө азгырык салат.

Алар (азгыруучу шайтандар) жиндерден жана адамдардан болот".

(Нас сүрөсү, 1-6-аяттар) үч жолу окулат.

٣. «اللَّهُمَّ أَنْتَ رَبِّي لَا إِلٰهَ إِلَّا أَنْتَ، خَلَقْتَنِي وَأَنَا عَبْدُكَ، وَأَنَا عَلَى عَهْدِكَ وَوَعْدِكَ مَا اسْتَطَعْتُ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا صَنَعْتُ، أَبُوءُ لَكَ بِنِعْمَتِكَ عَلَيَّ، وَأَبُوءُ بِذَنْبِي، فَاغْفِرْ لِي، فَإِنَّهُ لَا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ».

3. "Аллахым, Сен менин Раббимсиң, Сенден башка ибадатка татыктуу кудай жок. Сен мени жараттың, мен Сенин

кулуңмун. Мен чолом жетишинче Сага берген убада, шартымды сактаймын. Жасаган иштеримдин жамандыгынан сактоону Сенден суранам. Мага берген нээмат-жакшылыктарыңды жана күнөөлөрүмдү мойнума алам. Мени кечир, Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок".

Бухарий риваят кылган.

20-суроо: Уктар алдында эмне деп айтасың?

ج: «بِاسْمِكَ اللَّهُمَّ أَمُوتُ وَأَحْيَا».

Жооп: "Оо, Аллах! Сенин ысымын менен өлүп (уктап), Сенин ысымын менен тирилемин".

Бухарий менен Муслим риваят кылган.

Суроо: Тамактанардан мурда эмне деп айтасың?

ج: : «بِسْمِ اللهِ».

Жооп: "Бисмиллах" деп айтамын.

Эгер башында айтууну унутуп калсаң:

«بِسْمِ اللهِ فِي أَوَّلِهِ وَآخِرِهِ».

«Башында да, акырында да Аллахтын аты менен» деп айткын.

Абу Дауд жана Тирмизий риваят кылган.

22-суроо: Тамактанып бүткөндө эмне деп айтасың?

ج: «الْحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي أَطْعَمَنِي هَذَا، وَرَزَقَنِيهِ، مِنْ غَيْرِ حَوْلٍ مِنِّي وَلَا قُوَّةٍ».

Жооп: «Менден эч кандай күч-кубат талап кылбай мени тамактандырып, ырыскы берген Аллахка мактоолор болсун».

Абу Дауд, Ибн Маажа жана башкалар риваят кылган.

23-суроо: Конок болгон адам үй ээсине кандай дуба кылуусу керек?

ج: «اللَّهُمَّ بَارِكْ لَهُمْ فِيمَا رَزَقْتَهُمْ، وَاغْفِرْ لَهُمْ وَارْحَمْهُمْ».

Жооп: "Оо, Аллах! Алардын ырыскыларын берекелүү кыл! Күнөөлөрүн кечирип, аларга ырайым кыл".

Муслим риваят кылган.

24-суроо: Чүчкүргөндө эмне деп айтуу керек?

ج.«الحَمْدُ للهِ».

Жооп: «Алхамду лиллаахи».

Аны уккан бир тууганы же жолдошу ага: «Аллах, сага ырайым кылсын» деп айтат. Чүчкүргөн адам ага жакшылык тилеген кишиге: "Аллах силерди туура жолго баштап, абалыңарды оңдосун" - деп айтсын. Бухарий риваят кылган.

25-суроо: Отуруш аяктап, туруп бара жатканда «Отуруштагы каталарды кетирүүчү дуба» кандай айтылат?

ج: «سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ وَبِحَمْدِكَ، أَشْهَدُ أَنْ لا إِلٰهَ إِلَّا أَنْتَ، أَسْتَغْفِرُكَ وَأَتُوبُ إِلَيْكَ».

Жооп: "Оо, Аллах, Сен (бардык кемчиликтүү сыпаттардан) тазасың. Сага алкыш-мактоо болсун! Мен, эч бир кудай жок, жалгыз Сен барсың деп күбөлүк берем. Мен Сенден кечирим сурайм. Сага тооба кылам".

Абу Дауд, Тирмизий жана башкалар риваят кылган.

26-суроо: Улоого (же унаага) мингенде кандай дуба кылуу керек?

ج: «بِسْمِ اللهِ، وَالحَمْدُ للهِ ﴿...سُبْحَانَ الَّذِى سَخَّرَ لَنَا هَذَا وَمَا كُنَّا لَهُ مُقْرِنِينَ ﴿١٣﴾ وَإِنَّا إِلَى رَبِّنَا لَمُنْقَلِبُونَ ﴿١٤﴾﴾ [الزخرف: ١٣-١٤]، الْحَمْدُ لِلَّهِ، الْحَمْدُ لِلَّهِ، الْحَمْدُ لِلَّهِ، اللهُ أَكْبَرُ، اللهُ أَكْبَرُ، اللهُ أَكْبَرُ، سُبْحَانَكَ اللَّهُمَّ إِنِّي ظَلَمْتُ نَفْسِي فَاغْفِرْ لِي؛ فَإِنَّهُ لَا يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ».

